Такийюддин Набхоний

# САЯСИЙ ПИКИРЛЕР

ХИЗБУТ-ТАХРИР БАСМАЛАРЫНАН

بسم الله الرحمن الرحيم

# САЯСИЙ ПИКИРЛЕР

## КИРИШ СӨЗ

Саясат – Үммөттүн ички жана тышкы мамилелерин башкаруу болуп, ал мамлекет тарабынан жана үммөт тарабынан алып барылат. Мамлекет бул башкарууну иш жүзүндө түздөн-түз алып барат. Үммөт болсо, мамлекетти бул башкарууну кандай алып барып жаткандыгы тууралуу эсеп-китеп кылып тергеп турат.

Халифалык Мамлекети түгөтүлүп, исламий өлкөлөрдө куфрдун башкаруу түзүмдөрү турмушка колдонула баштагандан тартып, Ислам саясий жактан түгөтүлдү жана анын ордун капииталисттик мабдаъ акыйдасынан т.а. динди мамлекеттен ажыратуу акыйдасынан келип чыгуучу саясий пикир ээледи. Ислам Үммөтү түшүнүп жетиши зарыл болгон нерсе – Үммөттүн алака жана мамилелери Халифалык Мамлекети тикеленсе гана Ислам негизинде башкарылат. Саясий Исламды турмуштан жана динден ажыратуу – Исламды, анын түзүм жана мыйзамдарын, кыйматтарын (асыл-нарк, баалуулуктарын), хазаратын (дүйнө карашын) жана рисалатын жок кылуу дегени.

Капиталисттик мамлекеттер «динди турмуштан жана саясаттан ажыратуу» акыйдасын кабыл алып, аны жаюуга, өз мыйзамдарын Исламий үммөткө карата колдонууга аракет кылууда, «дин менен саясат бирикпейт, алар бири-бирине тескери келет, саясат мавжуд вокыйлыкка (учурдагы абалга) ыраазы болуу, ал реализм» деп сүрөттөп, Үммөттү адаштырууга аракет кылууда. Анткени, муну менен Үммөт куфр мамлекеттеринин - зулум жана зордук-зомбулук мамлекеттеринин – чеңгелинде узакка эзилсин, ойгонууга жол таба албасын жана мусулмандар исламий саясий кыймылдардан, саясат менен алектенүүдөн ирээнжип, ага кол шилтесин. Себеби, куфр мамлекеттери өздөрүнүн саясий пикирлерине жана мыйзамдарына – саясий иш алып баруу жана Ислам негизиндеги саясат менен алектенүү аркылуу гана - сокку келерин абдан жакшы билишет. Алардын Исламий Үммөттү саясаттан жана саясат кишилеринен ирээнжитүүсү «саясат Исламдын ыйыктыгына жана руханиятына тескери» деп көрсөтүүгө чейин жетип барды. Ошондуктан, Үммөт мусулмандардын ойгонушу үчүн иш алып барып жаткан, куфр пикирлерине сокку берип жаткан жана Исламдын кадыр-баркын өз ордуна кайтарып жаткан исламий кыймылдарга каршы куфр мамлекеттеринин жана малай акимдердин күрөшүнүн артында кандай максаттар жашырынып жатканын түшүнүп жетиши зарыл.

Ушуга караганда, Исламий Үммөт түшүнүп жетиши зарыл болгон нерсе, саясаттын лугавий (сөздүктүк) мааниси бар, саясий Ислам Халифалык Мамлекети менен гана жашашы мүмкүн, мындай мамлекетсиз саясий Ислам турумуштан жоголот. Саясий Ислам исламий мыйзамдардын турмушта колдонулушу жана аткарылышы үчүн саясий аткаруучу мамлекет болгон ушул Халифалык Мамлекети менен гана тирүү деп эсептелет. Ушул мамлекет – Исламдын түзүм жана мыйзамдарын жалпы турмушта аткара турган шаръий тарыйкат. Алла Таала бул түзүм жана мыйзамдарды колдонууну Үммөткө парз кылды жана куфр түзүмдөрүнө өкүм сурап кайрылууну арам кылды. Себеби, алар Исламга тескери жана адам баласы иштеп чыккан түзүмдөр болуп саналат.

Ошондуктан, Үммөт Исламий сакофат менен тарбияланышы керек, саясий пикир жана мыйзамдар менен сугарылышы керек о.э. бул пикир жана мыйзамдардын саясий фикрат болгон исламий акыйдадан келип чыгышын баян кылуу керек жана аларга рухий жактан этибар каратуу керек т.а. алар Алланын буйрук жана кайтаруулары деп кароо керек. Мына ушул сыпат Исламдын жана анын өкүмдөрүнүн дилге бекем орношушун камсыздайт жана Үммөткө саясаттын жана саясий пикирдин маанисин ачып берет. Үммөттү Исламдын пикир жана өкүмдөрүн амалий турмушка (иш жүзүндөгү турмуш чындыгына) алып келүүдөгү мойнуна жүктөлгөн милдетти түшүнүүгө алып келет. Дагы, Ислам Мамлекети менен Исламдын пикир жана өкүмдөрү Үммөттүн турмушунан алыстагандыгы себептүү, үммөт түшүп калган аянычтуу абалда дүйнө башына түшкөн бактысыздык, жырткычтык жана бири-бирин кул кылуу сыяктуу балээлердин күбөсү болгон соң, бул нерсе бардык адамдарга жеткирилиши парз болгон бүткүл дүйнөлүк рисалаттын канчалык мааниге ээ экендигин түшүнүп жетүүгө себеп болот. Исламдын пикир жана өкүмдөрү менен о.э. саясий окуяларды күзөтүү аркылуу мындай тарбиялоо үммөттө саясий аң-сезимди калыптандырат жана Үммөттүн негизги милдетин өз мойнуна алышына түрткү болот. Ал милдет – Исламий даъватты бардык эл жана үммөттөргө алып чыгуу.

## САЯСИЙ ПИКИР

Саясий пикир – пикирлердин ичинен эң улуусу, ал – үммөттүн алака жана мамилелерин башкарууга тиешелүү болгон пикирлөө. Дүйнөдөгү адамдар жөнүндө белгилүү бир бурчтан туруп пикирлөө – саясий пикирдин эң жогорку түрү.

Исламий акыйда – саясий фикрат. Демек, ал саясий пикир болуп, мусулмандардагы саясий пикирдин негизи. Ал мабдаъ, түзүм жана дин болуп, андан мамлекет келип чыгат. Исламий акыйда дүйнө жана акырет иштерин өз пикир жана мыйзамдары менен башкаруучу саясий рухий акыйда болуп, ал ушунусу менен башка акыйда жана мабдаълардан

айырмаланып турат. Анын көз карашы башка мабдаъ жана түзүмдөрдөгү бардык көз караштардан айырмаланат. О.э. анын пикир жана мыйзамдары курулган негизинде да, келип чыгуу булагында да, умумий (жалпы) жана жузъий (умумий пикирден келип чыккан бөлүк) пикир менен мыйзамдарында да дүйнөдөгү башка пикир жана мыйзамдардан өзгөчөлөнөт. Ушуну менен бирге, ал өз ичине турмуштун бардык иштерине тиешелүү, анын ичинде, адамдар ортосундагы алака-мамилелерге жана бул иш жана мамилелерди башкарууга тиешелүү башкаруу, экономика, ижтима, таалим жана ички жана тышкы саясат жөнүндөгү о.э. акимдердин жарандарга карата болгон мамилеси жөнүндөгү жана мамлекеттин башка мамлекетке, эл жана улуттарга карата болгон мамилеси жөнүндөгү пикир жана мыйзамдарды камтыйт. Демек, Исламдын саясий акыйдасы турмуштун бардык көрүнүш жана формаларын өз ичине ала турган жана турмуштун бардык окуяларына чечим бере турган толук-кемтиксиз акыйда. Алла Тааланын төмөндөгү аяттары пикирибиздин жаркын далили:

وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ الْكِتَابَ تِبْيَانًا لِكُلِّ شَيْءٍ

- *«Сага бардык нерсени баян кылып бере турган Китепти түшүрдүк».*[16:89]

الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ دِينًا

- *«Бүгүн силерге дининңерди толук кылдым, неъматымды кемчиликсиз, толо-тогуз кылып бердим жана силерге Исламды (гана) дин кылып тандадым».* [5:3]

Акыйдадан келип чыккан бул пикир жана мыйзамдардын турмуштан алысташы мусулмандардын турмушуна күчтүү таасир этти. Осмонийлер доорунда исламий эмес пикир жана мыйзамдардын мамлекет тарабынан кабыл алынышы жана алардын Исламдан деп саналышы о.э. адамдардын өз турмуштарында шаръий өкүмдөргө амал кылууга кайдыгер болуулары Ислам Мамлекетинин бытыранды болуп бөлүнүшүнө жана мусулмандардын ушундай кордук жана төмөндүккө түшүп калышына башкы себеп болду. Ошондуктан, мусулмандар бүткүл көңүлүн шаръий өкүм жана пикирлерге каратышы зарыл. Ошондо гана мамлекеттин иш жүргүзүшүндө жеке адамдын жана бүткүл үммөттүн иштери тартиптелет.

Исламдын саясий акыйдасынан келип чыккан өкүмдөр мусулмандарга Исламды толугу менен колдонууларын, Ислам негизинде Исламий мамлекет тикелөөлөрүн жана теңдешсиз бир бүтүн коом болгон исламий коомду куруууларын важып кылат. О.э. расасы, улуту жана түсүнө карабастан, бир бүтүн Исламий үммөт болууларын т.а. «арам жана адал» менен дүйнө караштарын бир кыл кылуучу о.э. окуяларга карата көз караштары үчүн жана алардын үстүнөн өкүм чыгаруулары үчүн «адал жана арам»ды өлчөө кылып белгилөөчү Исламий акыйда негизиндеги бир

мамлекеттин көлөкөсүндө бириккен Исламий Үммөт болууларын важып кылат.

О.э. исламий акыйда мусулмандарга исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн жана Исламий даъватты жаюу үчүн т.а. мусулмандардын тагдырын чечүүчү маселени чечүү үчүн топ, же хизб, же жамаат түрүндө иш алып баруйларын важып кылат. Исламий турмушту кайрадан баштоо дегени – бул мусулмандарды Дорул Исламда Исламий коомдун жана Исламий Мамлекеттин көлөкөсүндө жашоого кайра кайтаруу дегени. Тактап айтканда, Исламий пикир жана туйгулар өкүмдар боло турган, Исламдын түзүм жана өкүмдөрү турмушта колдонула турган о.э. турмуштун бардык иштери шаръий өкүмдөр негизинде башкарыла турган коомдо мусулмандар Алланын Китеби, Расулунун Сүннөтү негизинде өкүм жүргүзүлүшү жана Исламдын рисалат катары дүйнөгө даъват жана жихад аркылуу жайылышы шартына ылайык, байъат кылып халифа шайлай турган Халифалык Мамлекети болгон Исламий Мамлекет көлөкөсүндө исламча жашоого кайтаруу.

Исламий үммөт бүгүнкү күндө ойгонууга жетишүү үчүн турмушта Исламий акыйданы негиз кылышы, башкаруу жана салтанатты (бийликти) ушул акыйда негизинде курушу, андан кийин күндөлүк проблемаларын бул акыйдадан келип чыгуучу мыйзамдар менен т.а. башка ар кандай көз карашка карабастан, Алланын буйрук жана кайтаруулары деген этибарда шаръий өкүмдөр менен чечиши зарыл. Ошондо, сөзсүз, ойгонууга жетишет, ойгонууга эле эмес, балким, туура ойгонууга жетишет жана кайрадан бийиктик чокусуна көтөрүлүп, бүткүл дүйнөнүн жетекчилигин экинчи жолу колго алат. Ошондуктан, Исламий үммөт эң биринчи өз акыйдасы менен т.а. бир эле рухий фикрат менен эмес, балким, саясий фикрат деген этибарда адам, тирүүлүк жана аалам жөнүндөгү жалпы фикраты менен, андан соң бул фикраттан келип чыгуучу саясий пикирлер менен жана ушул фикрат негизиндеги ыкмалар жана идеялар менен саясий тарбияланышы керек.

Исламий акыйданы адам, тирүүлүк жана аалам жөнүндөгү жалпы фикрат, саясий акыйда, пикирий негиз, пикирий жетекчилик жана турмушка болгон белгилүү көз караш деп кабыл алып жаткан Исламий Үммөт бүткүл дүйнөнү, анын ичинде өзүн, мына ушундай караңгылык-зулматта адашып, саясий-экономикалык зулумдун чеңгелинде эзилип жатканын, зордукчул күчтөргө кулдук кылып жатканын о.э. бактысыздык, кулдук жана кордуктар астында онтоп жатканын көрүп турган соң, демек, анын дүйнөнү адаштыруу караңгылыктарынан куткарып, хидаят нуруна жана бактылуу турмушка чыгаруу милдетин өз мойнуна алышы парз. Исламий Үммөттүн өзү да зордукчул күчтөрдүн чеңгелинде эзилип жаткан болсо да, өзү жөнүндө гана ойлошу жарабайт, анткени, өзүмчүлдүк ал кабыл алган акыйдага жат, жүрөгүндө сакталып жаткан кыймат жана

пикирлерден узак. Ошондуктан, ал өзү менен бирге дүйнөнү куткаруу жөнүндө баш катырышы, өзүн жана бул дүйнөнү азат кылуу милдетин өз мойнуна алышы важып. Анткени, ал бул дүйнөнүн бир бөлүгү. Ал адамзат хидаяты үчүн жүзөгө келген. Исламий Үммөт Ислам акыйдасын кабыл алган соң, адамзатты бактысыздыктан чыгарышы, зулум, кордук жана кулдуктан куткарышы ал үчүн парз.

Исламий Үммөт турмуш жөнүндөгү саясий фикратка о.э. бул фикратты турмушта аткаруу тарыйкатына ээ. Эгер бирер үммөт туура фикрат жана тарыйкатка ээ болсо, шексиз, ал жакшылык алып келүүгө жана ушул фикрат жетекчилигин жаюуга ылайыктуу. Ошондуктан, Исламий үммөт туура ойгонууга эле эмес, ошону менен бирге, өзгөлөр үчүн жакшылык булагы болууга, фикратын пикирий жетекчилик жана турмуш жөнүндөгү белгилүү дүйнө караш катары адамдарга жаюуга да кудуреттүү о.э. Исламий Мамлекетти эл жана улуттарга жаюу аркылуу дүйнө проблемасын чечүүгө, дүйнөнү ал кулап барып жаткан бактысыздыктан, кордук жана кулдуктан куткарууга кудуреттүү.

# САЯСАТ

Саясат - үммөттүн тышкы жана ички мамилелерин башкаруу болуп, ал мамлекет жана үммөт тарабынан алып барылат. Мамлекет бул башкарууну иш жүзүндө түздөн-түз алып барат, үммөт болсо мамлекетти бул башкарууну кандай алып барып жаткандыгы тууралуу тергеп турат.

Саясатка берилген бул аныктама бардык адамдар үчүн бирдей, жалпы. Анткени, бул саясаттын маани-маңызынын баяны. Ал акыл, чынчылдык, бийлик ж.б.у.с. бардык адамдарда бирдей мааниде болгон вокыйлыктын аныктамасы сыңары эле белгилүү бир вокыйлыктын аныктамасы, бирок, саясат белгилүү бир вокыйлык болуп, адамдар анын өкүмдөрү жөнүндө ар кыл пикирде болушат. Анын үстүнө анын сөздүктүк мааниси – «анын иштерин башкарат» дегени. «Ал-Мухит» сөздүгүндө келтирилет: «Элге саясат кылдым» дегени – «элге буюрдум жана аны кайтардым» деген маанини берет». Бул анын иштерин буйрук жана кайтаруулар менен башкаруу. Акимдин иштери жөнүндө, мусулмандардын түпкү кызыкчылыктарына көңүл буруу жана акимди тергеп-тескөө тууралуу келген хадистерден да дал ушул аныктама тыянак кылынат. Расулулла ﷺ айтат: «Алла раъиятка (элге) бирер пендесин башчы кылса жана ал раъиятка чын дилинен мамиле кылбаса бейиш жытын таппайт». «Мусулмандар раъиятына башчылык кыла турган волий мусулмандардын акы-укугун тебелеген абалда жашодон өтсө, Алла ага бейишти арам кылат». «Жакында амирлер болот, силер аларды маъруфка буюруп, мункардан кайтарасыңар. Кимде-ким маъруфка буюрса, күнөөдөн таза болот жана кимде-ким мункардан кайтарса саламат-тынч болот. Бирок,

кимде-ким ыраазы болуп эргешсе... Сахабалар сурашты: «Алар менен согушпайбызбы?». «Жок, эгер араңарда намаз окушса», - деп жооп берди. Расулулла ﷺ: «Кимде-ким Алладан башканын камында таң аттырса, ал Алладан ыраакта. Кимде-ким мусулмандар тууралуу кам жебестен таң аттырса, мусулмандардан эмес», - деди. Жарир ибн Абдулладан рыбаят кылынат: «Мен Расулулла ﷺга намазды өтөөгө, зекетти берүүгө о.э. ар бир мусулман кишиге чын дилден мамиле кылууга байъат кылдым». Дагы ушул кишиден рыбаят кылынат: «Мен Расулулла ﷺга барып: Мен сизге Исламга байъат кыламын, - дедим. Расулулла ﷺ мага бир канча шарттарды жана о.э. ар бир мусулманга чын динден мамиле кылууну шарт кылды». Акимдин башкаруу иштерине, үммөттүн акимди тергеп турушуна, мусулмандардын бири-биринин кызыкчылыктары тууралуу кам көрүүлөрүнө жана бири-бирине чын дилден мамиле кылууларына тиешелүү хадистерден «Саясат – Үммөттүн алака жана мамилелерин башкаруу» деген аныктама тыянак кылынып жатат. Муну менен саясаттын аныктамасы шаръий далилдерден алынган шаръий аныктама болот.000

Үммөттүн иштерин иш жүзүндө башкаруу укугу шарият тарабынан акимге гана берилген болуп, раъият акимдин иштерин аткарышы мүмкүн эмес. О.э. аким шаръий жол менен аким болуп дайындалышы аркылуу гана акимдик иштерин аткаруу укугуна ээ болот т.а. халифа тарабынан же халифа уруксат берген муавын жана волийлер тарабынан дайындалган болушу керек, же мусулмандар байъаты менен халифа болуп дайындалган болушу керек. Эгер ушул жосунда дайындалбаса, анда акимдин ички иштерде да, тышкы иштерде да Үммөт иштерин башкарууга укугу жок.

Шарият салтанатты (бийликти) акимге гана берген, адамдарды башкаруу жалгыз акимдин гана укугу. Расулулла ﷺ айтат: «Кимде-ким амиринен бир ишти жаман көрсө, ага сабыр кылсын. Анткени, кимде-ким султандан бир карыш четке чыкса жана ошол абалында өлсө, жахилият (динсиз) өлүмүндө өлгөн болот». Демек, акимге каршы чыгуу – бул султандан четке чыгуу дегени. Ушуга караганда, аким гана салтанатка ээ, андан башка эч ким бийликке ээ эмес. Расулулла ﷺ айтты: «Бани Израилге пайгамбарлар башчылык кылар эле. Бир пайгамбар өтсө, башка пайгамбар келер эле. Менден кийин пайгамбар жок, халифалар болот». Бул хадис «Эй мусулмандар, силерге халифалар башчылык кылат» деген мааниде болуп, аларга кимдер башчылык кылышын көрсөтүп берди. Мунун мазмуну мындай – амирден башкасы султан болбойт жана халифалардан башкасы башчылык кылбайт. Бул раъиятты башкаруу акимдин укугу экенине далил. О.э. Расулулла ﷺдын өзү да салтанатты жана адамдарды башкаруу ишин мамлекет башчысы катары өзү аткарар эле. О.э. салтанат иштерине же раъиятты башкаруу иштерине адамдарды өзү дайындачу эле. Казатка чыкканда Мединада ордуна калуучу кишини дайындаган о.э. волий, казы жана мал-мүлк жыюучуларды, суу бөлүштүрүү, мөмөлөрдү чамалоо

сыяктуу кызыкчылыктарды башкарууга адамдарды дайындаган. Булардын бардыгы салтанат жана башкаруу иши акимге т.а. халифага жана халифа дайындаган кишиге, акимге жана амир дайындаган кишиге чектелгенине далил. Салтанат – бул адамдардын иштерин мажбурий түстө башкаруу дегени. Т.а. акимдик жоопкерчиликти аткаруу акимге чектелген. Башка адам бул милдетти аткарышы таптакыр жайыз эмес. Себеби, шарият салтанатты жана адамдарды башкаруу ишин халифа жана халифа дайындаган кишилерге берген. Имамдан жана имам дайындаган кишиден башка ар кандай адам башкаруу жана салтанат иштерин аткарса, анын бул иши шариятка тескери, демек, батыл жана бекер. Ар кандай батыл иш арам. Ушуга караганда, халифадан же халифа дайындаган кишиден башка адамдын салтанат жана башкаруу иштеринин бирин аткарышы мүмкүн эмес. Себеби, бул акимдин милдети болуп, бул милдетти андан башка адамдын аткарышы дурус эмес.

Исламий Мамлекеттин ички саясаты – мамлекет ичинде Ислам мыйзамдарын аткаруу. Исламий Мамлекет өз салтанатына моюн сунган өлкөлөрдө Ислам мыйзамдарын жүзөгө ашырар эле: мамилелерди тартипке салчу, хаддарды (жаза-чараларды) ишке ашырчу, ахлакты коргочу, ибадаттардын аткарылышын кепилдечү жана раъияттын бардык иштерин Ислам мыйзамдарына ылайык башкарчу. Ислам өз салтанаты астындагы Исламды кабыл алган жана кабыл албаган бардык адамдарга мыйзамдарды кандай колдонууну баяндап берген. Исламий Мамлекет Ислам мыйзамдарын ушул жосунга ылайык турмушта колдонор эле. Анткени, проблемалардын чечими шаръий өкүм болгондой эле, аны аткаруунун тарыйкаты да шаръий өкүм. Себеби, Алла бардык адамдарга адам деген этибарда карап, Ислам менен кайрылган. Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الْإِنسَانُ مَا غَرَّكَ بِرَبِّكَ الْكَرِيمِ

- *«Эй инсан, улуу Роббиңден сени эмне алдап койду?!».* [82:6]

Усулу фикх аалымдары шаръий өкүмдөр менен кайрылынуучулар мусулманбы же мусулман эмеспи, айырмасыз, кайрылууну түшүнүүчү ар бир акылдуу адам деп этибар кылышкан. Имам Газзолий усул илими жаатындагы «ал-Мустасфо» китебинде айтат: «Шаръий өкүмдөр менен өкүм кылынуучулар мукаллафтар деп эсептелет. Мукаллаф хытабды (кайрылууну) түшүнүүчү акылдуу болушу шарт. Өкүмдөргө баш ийүү мажбурияты сунушту түшүнө ала турган акылдуу адамга жүктөлөт».

Ушуга караганда, Ислам менен кайрылынуучулар бардык адамдар болуп, аларга даъват жана сунуш жолдонуп жатат. Даъватты жолдоодон көздөлгөн максат – адамдарды Исламды кабыл алууга даъват кылуу, сунушту жолдоодон көздөлгөн максат – адамдарга Ислам өкүмдөрүнө баш ийүү мажбуриятын жүктөө.

Ислам Ислам түзүмү менен башкарылып жаткан жамаатты дини жана рассасына карабастан, бир бүтүн инсаний жамаат деп этибар кылат жана мында болгону жарандыкты т.а. мамлекет жана түзүмгө берилгендикти шарт кылат жана ал түзүмдө майда улуттар болбойт. Балким, бардык адамдар – мамлекет жарандыгына ээ болсо эле – адам деген этибарда, Исламий Мамлекеттин жарандары болуп эсептелет. Ошондуктан, Исламий Мамлекеттин ички саясаты мамлекет жарандыгына ээ мусулман же мусулман болбогон бардык кишилерге карата Исламий шариятты колдонот.

Ислам Мамлекетиндеги тышкы саясат – мамлекеттин башка мамлекет, эл жана улуттар менен болгон мамилеси. Бул мамиле Үммөттүн тышкы иштерин башкаруу болуп эсептелет. Бул тышкы саясат өзгөрбөс туруктуу фикрат негизине курулат. Бул фикрат – Исламды бардык эл жана улуттар арасында жаюу. Исламий Мамлекеттин тышкы саясаты курула турган негиз мына ушул. Бул бийлик башындагы адамдардын өзгөрүшү менен өзгөрбөй турган туруктуу бекем негиз. Бул негиз бардык кылымдарда, Расулулла ﷺ Мединада бекем орношкондон тартып, Исламий Мамлекеттин акыры болгон Осмоний мамлекет кулатылганга чейин бар болгон жана бекем орношкон, такыр өзгөрбөгөн. Расулулла ﷺ Мединага келиши менен эле Исламий Мамлекеттин башка мамлекет жана элдер менен болгон мамилесин Исламды жаюу негизине кура баштаган. Хижазда даъватты жаюу үчүн мүмкүнчүлүк жаратуу максатында жөөттөр менен келишимдерди түздү. Кийин Араб жарым аралында даъватты жаюу үчүн Курайш менен Худайбия келишимине кол койду. Кийин даъват аркылуу Исламды жаюу негизинде мамилелер орнотуу үчүн Араб жарым аралынан тышкарыдагы мамлекеттерге каттарды жөнөттү. Расулулла ﷺдан кийин халифалар келип, алар да бардык мамлекеттер менен Исламды жаюу негизинде мамилелер орнотуп, дүйнөгө Исламий даъватты жая башташты.

Мамлекет ичкериде Исламды турмушка колдонуу үчүн, тышкарыда даъватты дүйнөгө жаюу үчүн курулат. Ошондуктан, Исламий Мамлекеттин тышкы саясатындагы милдети – Исламий даъватты жаюу. Мухаммад ﷺдын бардык адамдарга пайгамбар кылып жиберилиши – Исламды жаюу – тышкы саясаттын негизи болушун белгилеп берет.

Алла Таала айтат:

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِلنَّاسِ بَشِيرًا وَنَذِيرًا

*- «Биз сени бардык адамдарга: (момундарга бейиш жөнүндө сүйүнчү) куш кабар жеткирүүчү жана (капырларды тозоктон) эскертүүчү пайгамбар кылып жибердик».* [34:28]

يَاأَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَاءَتْكُمْ مَوْعِظَةٌ مِنْ رَبِّكُمْ

*- «Эй адамдар, силерге Роббиңер тарабынан насаат келди…».* [10: 57]

يَاأَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللَّهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعًا

*- «Эй адамдар, албетте, мен силердин баарыңарга Алла жиберген элчимин».* [7:158]

وَأُوحِيَ إِلَيَّ هَذَا الْقُرْآنُ لِأُنذِرَكُمْ بِهِ وَمَنْ بَلَغَ

*- «Бул Куран, мага силерди жана ал жетип барган адамдарды эскертүү үчүн вахий кылынды».* [6:19]

Расулулла ﷺ өз милдетин өтөп, адамдарга рисалатты жеткирди. Ал киши дүйнөдөн кайткандан кийин, анын рисалатын адамдарга жеткирүү мусулмандар тарабынан улантылды. Демек, Исламий даъватты дүйнөгө жаюу Расулулла ﷺдын иштерин улантуу болот. Исламий даъватты жаюу Исламий Мамлекеттин башка мамлекет, эл жана улуттар менен болгон мамилеси үчүн негиз болгон. Бул Куран, Сүннөт жана ижмаъ менен событ болгон шаръий өкүм. Ошондуктан, Исламий Мамлекеттин тышкы саясаты – Исламий даъватты дүйнөгө жаюу.

Бул тышкы саясат бийлик башындагы кишилер өзгөрсө да өзү өзгөрбөй турган туруктуу жол-тарыйкат – жихад менен ишке ашырылат. Бул тарыйкат бардык кылымдарда, Расулулла ﷺ Мединада бекем орношкондон тартып, Исламий Мамлекет түгөтүлгөнгө чейин болгон, такыр өзгөрбөгөн. Ал киши Мединада мамлекет тикелери менен эле, даъват алдында тоскоолдук кылып турган моддий (материалдык) тосуктарды алып таштоо үчүн кошуун даярдап, жихад баштады. Курайш даъват жолунда тоскоолдук кылып турган моддий тосук эле. Расулулла ﷺ аны жок кылууну пландаштырды. Курайшты даъват алдында тоскоолдук кылып турган вужуд катары жок кылды. Кийин тоскоолдук кылып турган башка вужуддарды да жок кылды жана акыры Ислам бүткүл Араб жарым аралына таралды. Кийин Исламий Мамлекет башка эл жана улуттар арасында Исламды жаюу үчүн эшик кага баштады. Мамлекет ушул эл жана улуттар башында турган бийликтин даъват жолуна тоскоолдук кылышына учурады. Мамлекет мажбур кылбастан, эң көркөм жол менен даъват кылуу аркылуу Исламга чакыруу үчүн бул тоскоолдукту жок кылышы керек жана элдин өзүнө түздөн-түз байланышы лаазым, анткени, муну менен эл Ислам адилеттиги жана байрагы астында жашоодогу жыргал жашоону жана кадыржамдыкты өз көзү менен көрсүн. Ошентип, жихад Исламды жаюу үчүн тарыйкат болууда уланды. Жихад кылуу аркылуу шаар жана мамлекеттер фатх кылынды, мамлекеттер жоготулду, эл жана улуттарга Ислам өкүмдарлык кылды, Ислам жайылды. Ислам менен башкарылышынын натыйжасында миллиондогон адамдар Исламды кабыл алышты. Ошондуктан, тышкы саясатта тутулган тарыйкат – жихад. Ал туруктуу, бекем, өзгөрбөс жана мындан кийин да өзгөрбөй турган тарыйкат.

Исламий Мамлекет Ислам жөнүндө ачык-айкын маалыматтар берүү, Ислам пикирлерин жаюу, Исламга даъват кылуу о.э. Исламий Мамлекеттин күч-кудуретин көрсөтүү жана мусулмандардын тайманбаган эрдик жана тоодой сабырдуулуктарын ашкере кылуу иштерине байланыштуу саясий иштерди аткарышы керек. Расулулла ﷺ бул жаатта бир канча иштерди алып барган. Ширк мамлекеттеринин борборуна Ислам даъватчыларын жөнөткөн. Мисалы, Ислам кабарын жеткирүү үчүн Нaждга кырк киши жөнөткөн. Мамлекеттин күч-кудуретин көрсөтүү максатында Табук казатына чыгуудан мурун Мединада мусулмандар кошуунун көзгө көрсөткөн. Ошон үчүн да, Расулулла ﷺ: «Бир айлык аралыктан туруп коркуу салуу кубатына ээ болдум». - деген. Бир канча кылымдар бою мусулмандар кошууну эң айбаттуу армия болгон. Ошондуктан, исламий пикирлерди жаюу, Исламий Мамлекеттин күч-кудуретин көрсөтүү, кийин согушка байланыштуу саясий иштерди алып баруу зарыл.

Жихад Исламды жаюу үчүн өзгөрбөс, туруктуу тарыйкат болсо да, бирок, согуш баштоодон мурун саясий иштерди жана анык көздөлгөн максаттагы аракеттерди алып баруу керек. Бул иштер Исламий Мамлекет менен башка мамлекет, эл жана улуттар ортосундагы мамилелерди – жакшы кошуначылык мамилелери, экономикалык мамилелер ж.б.у.с. – Исламды жаюу иштерин жеңилдештирүүчү белгилүү бир тарапка багыттандыруудагы негизги иштер болуп эсептелет. Ушуга караганда, Исламий мамлекеттин башка мамлекет, эл жана улуттар менен мамилеси курула турган саясий фикрат – алардын арасында Исламды жаюу жана аларга Даъватты жеткирүү. Мунун тарыйкаты – Алла жолундагы *жихад*.

Мамлекеттин Үммөт тарабынан тергелип турушу маселесине келсек, Ислам мусулмандарга акимдерди эсеп-китеп кылып тергеп турууну парз кылган. Акимдер мусулмандарга зулум кылып, акы-укуктарын тебелесе да, аларга баш ийүү важыптыгы аларга сабыр кылууну түшүндүрбөйт. Балким, алардын кылган иш жана аракеттерин тергеп турuунун важыптыгы менен бирге аларга баш ийүүнү гана билдирет. Алла Субханаху ва Таала мусулмандарга акимдерди тергеп турууну парз кылып, акимдер раъияттын акыларын жеген, же раъият алдындагы милдеттерин аткарууда кайдыгерлик кылган, же раъияттын түпкү кызыкчылыктарына көңүлкош караган, же Ислам мыйзамдарына тескери иш туткан, же Алла түшүргөндөн башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзгөн убакта, мусулмандарды бул мункар иштерди өзгөртүүгө буюрду. Муслим Умму Саламадан рыбаят кылат: «Жакында амирлер болот, аларды маъруфка буюруп, мункардан кайтарасыңар. Кимде-ким маъруфка буюрса, күнөөдөн таза болот жана мункардан кайтарса саламат болот. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп эргешсе… Ошондо «Алар менен согушпайбызбы?» - деп сахабалар сурашты. «Жок, эгер намазды окушса», - деп жооп берди Расулулла ﷺ». Башка рыбаятта «Кимде-ким маъруфка буюрса, таза болот

жана кимде-ким мункардан кайтарса саламат болот» делген. Бул рыбаят мурунку рыбаятты ырастап-тастыктап жатат. Расулулла ﷺ акимдин бул иштерин мүмкүнчүлүктөгү ар кандай жол менен инкар кылууну (жокко чыгарууну) буюруп, бул инкарды важып кылды. Бул инкар согушсуз т.а. кылычсыз болушу шартына ылайык, кол менен, же тил менен т.а. сөз менен жеткирүүнүн ар кандай ыкмасы менен, же булардын мүмкүнчүлүгү болбогондо, дил менен ишке ашырылат. Расулулла ﷺ мункарды инкар кылбаган кишини ошол күнөөнү кылууда акимге шерик деп этибар кылды. Анткени, «кимде-ким ыраазы болуп эргешсе… күнөөдөн таза да болбойт, саламат да болбойт» - деп айткан.

Амри маъруф жана нахий мункар туурасындагы далилдер акимди тергеп туруунун важыптыгына далалат кылат. Анткени, Алла Таала амри маъруф жана нахий мункар кылууга катъий түстө буйруду:

وَلْتَكُنْ مِنْكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنْ الْمُنْكَرِ وَأُوْلَئِكَ هُمْ الْمُفْلِحُونَ

*- «Силерден жакшылыкка (Исламга) чакыра турган, амри маъруф жана нахий мункар кыла турган (т.а. жакшы иштерге буйруп, жаман иштерден кайтара турган) бир жамаат болсун. Мына ошолор ийгиликке жетишүүчүлөр».* [3:104]

وَالْمُؤْمِنُونَ وَالْمُؤْمِنَاتُ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَاءُ بَعْضٍ يَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنْ الْمُنكَرِ

*- «Момун жана муминалар бири-бирлерине дос, жакшы иштерге буйруп, жаман иштерден кайтарышат».* [9:71]

كُنْتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنْ الْمُنكَرِ

*- «Силер адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөт-жамаат болдуңар, маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар».* [3:110]

الَّذِينَ يَتَّبِعُونَ الرَّسُولَ النَّبِيَّ الْأُمِّيَّ الَّذِي يَجِدُونَهُ مَكْتُوبًا عِنْدَهُمْ فِي التَّوْرَاةِ وَالْإِنجِيلِ يَأْمُرُهُمْ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَاهُمْ عَنْ الْمُنكَرِ

*- «Алар ушундай – атын өздөрүндөгү Тоорот жана Инжилде жазылган абалда таба турган уммий (сабатсыз) пайгамбарыбызды – ээрчиген кишилер. Ал пайгамбар аларды жакшылыкка буюрат, жамандыктан кайтарат».* [7:157]

التَّائِبُونَ الْعَابِدُونَ الْحَامِدُونَ السَّائِحُونَ الرَّاكِعُونَ السَّاجِدُونَ الْآمِرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَالنَّاهُونَ عَنْ الْمُنكَرِ

*- «(Алар) тооба кылуучулар, (Алланын Өзүнө гана) ибадат кылуучулар, орозо тутуучулар, рүкү-сежде кылуучулар, маъруфка буюруучулар, мункардан кайтаруучулар».* [9:112]

ٱلَّذِينَ إِنْ مَكَّنَّاهُمْ فِي ٱلْأَرْضِ أَقَامُوا ٱلصَّلَاةَ وَآتَوُا ٱلزَّكَاةَ وَأَمَرُوا بِٱلْمَعْرُوفِ وَنَهَوْا عَنِ ٱلْمُنْكَرِ

*- «Алар ушундай заттар, эгер Биз аларды жер жүзүнө үстөм кылсак, намазды толук аткарышат, зекетти (тийиштүүлөргө) беришет, маъруфка буюрушат жана мункардан кайтарышат».* [22:41]

Алла Таала бул аяттарда амри маъруф жана нахий мункар кылууну талап кылып жатат. Бул талап катъий талап, себеби, бул иштерди кылган кишилерди мактоо ушуга далалат кылат. *«Мына ошолор ийгиликке жетишүүчүлөр», «Тооба кылуучулар, ибадат кылуучулар…»* жана ушул сыяктуу аяттар талаптын катъий экенине т.а. парз экенине далил. Акимди тергеп туруу акимди маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу болуп, бул иш парз. Мындан тышкары, маъруфка буюруу жана мункардан кайтарууга далалат кылуучу бир канча хадистер да келген: «Жаным колунда болгон Затка ант болсун, маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар, болбосо, Алла силерге Өз алдынан азап жиберет. Кийин ага дуба кыласыңар, дубаларыңар кабыл болбойт» (Хузайфа ибн ал-Ямандан рыбаят кылынган). Абу Саид ал-Худрий рыбаят кылат: «Силерден кимде-ким мункарды көрсө, колу менен өзгөртсүн, кудурети жетпесе, тили менен өзгөртсүн, буга да кудурети жетпесе, дили менен өзгөртсүн. Бул болсо ыймандын эң заиф-алсызы». Адий ибн Умайядан рыбаят кылынат, Расулулла ﷺ айтты: «Алла айрым кишилердин кылмышы себептүү адамдардын баарын азаптабайт. Адамдар өз араларында мункарды көрүшсө, мункарды кайтарууга кудурети жетип турса да кайтарбаса, ошондо Алла баарын азаптайт».

Бу хадистер маъруфка буюруу, жана мункардан кайтаруунун важыптыгына о.э. акимди маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруунун важыптыгына да далалат кылат. Акимди маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу – анын кылган иштерин тергеп туруу. Акимди тергеп, аны маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу зор мааниге ээ болгону үчүн, аны ырастап-тастыктап, атайын акимге тиешелүү хадистер келген. Атийя Абу Саидден рыбаят кылат: «Эң абзел жихад – залим султан алдында айтылган акыйкат сөз». Абу Умомадан рыбаят кылынат: «Бир киши биринчи жамарат күнүндө Расулулла ﷺга келип, кайсы жихад абзел? – деп сурады. Расулулла ﷺ унчукпады. Экинчи жамаратты ыргытканда дагы сурады. Расулулла ﷺ унчукпады. Акаба жамаратын ыргытып, атка минүү үчүн үзөңгүсүнө бут койгондо: «Суроо берген адам кана?» - деп сурады. Ал «Менмин, я Расулулла» деди. «Залим султан алдында айтылган акыйкат сөз», - деди Расулулла ﷺ». Бул акимдин алдында акыйкатты сүйлөөгө т.а. аны тергеп турууга далил. Ошондуктан, раъияттын акыларын жеп жаткан, өз вазыйпаларына кайдыгерлик кылып жаткан, үммөт иштерине көңүлкош карап жаткан акимдер менен күрөшүү парз. Себеби, Алла Таала муну талап кылып, жихад сыяктуу этибар

кылды, балким, жихаддан да абзел койду, кудум, Алла Тааланын назарында эң абзел жихад – залим акимдер менен күрөшүү деп айтылгандай. Акимдерди тергеп туруунун важыптыгына далил катары ушунун өзү жетиштүү. Расулулла ﷺ акимдерди тергеп турууда канчалык азап чегилбесин, ал тургай, өлүм коркунучу болсо да, аларды тергеп турууга үгүттөдү: «Шейиттердин саййиди – Хамза; о.э. залим акимге каршы туруп, аны маъруфка буюруп, мункардан кайтарган, кийин залим аким аны өлтүрүп жиберген киши». Бул акимдерди тергеп турууда жана залим акимдер менен күрөшүү жолунда ар кандай азапка, ал тургай, өлүмгө да сабыр кылууга эң бир сонун үгүттөө болуп саналат.

## САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТӨР

Тышкы саясатты түшүнүү – Мамлекеттин жана Үммөттүн вужудун сактоо үчүн маанилүү иш, ал даъватты дүйнөгө жаюудагы негизги иш о.э. Үммөттүн башкалар менен боло турган мамилесин туура жосунда тартипке салуу үчүн зарыл иш.

Исламий даъватты бардык адамдарга жеткирүү Исламий Үммөттүн мойнунда болгондуктан, мусулмандар дүйнө менен байлануулары керек. Дүйнөдөгү абалдарды түшүнгөн, анын проблемаларын аңдаган, мамлекет жана элдердин максаттарын билген, болуп жаткан саясий иштерди күзөткөн жана мамлекеттердин саясий иштерди ишке ашыруу ыкмаларындагы, бир-бирлери менен мамилелериндеги жана саясий оюндарындагы саясий пландарды чечмелей алган абалда байлануулары керек. Ошондуктан, мусулмандар Исламий дүйнөдөгү абалдын түпкү маңызын эл аралык абалды билген абалда үйрөнүүлөрү зарыл. Мына ушуну менен мамлекетти тикелөө жана даъватты дүйнөгө алып чыгуу үчүн иш жүргүзүү ыкмасын анык билип алуулары мүмкүн болсун.

Ошондуктан, мусулмандар эл аралык абалды, эл аралык абалга тиешелүү тафсилаттарды (деталдарды) о.э. дүйнөдөгү бардык мамлекеттердин, айрыкча, эл аралык абалда таасирге ээ болгон мамлекеттердин абалын толук билүүлөрү зарыл.

Бардык мамлекеттер Исламга душман, себеби, алар Исламга тескери болгон дин жана мабдаъларга этикат кылат. Исламий дүйнө караштан башка, балким, ага тескери болгон дүйнө карашка ээ. Мындан тышкары, айрыкча, чоң мамлекеттер исламий өлкөлөргө сук артып турат. Ошондуктан, Исламий Үммөткө чек коюу максатында Исламий Мамлекетти жок кылышты жана дүйнө элдеринин ортосунда кайрадан улуу үммөткө айлануунун алдын алуу үчүн, Исламий Мамлекет кайра курулбашы үчүн узак мөөнөткө болжолдонгон пландарды иштеп чыгышты. Исламий Үммөт аракетке келүүдөн мурун, Исламий Мамлекетти бешигинде эле өлтүрүү үчүн пландарды түзүшөт, аракеттер алып барышат. Бул душман мамлекеттер мамлекет катары же эл катары, ал тургай, адам катары да

кудуреттүү болуп турганда, Исламий Үммөткө, анын болушуна жана күчөшүнө келечекте да каршы күрөшүүнү улантышат.

Дүйнөдөгү ар бир мамлекеттин саясатын билүү саясий мусулман киши үчүн зарыл иш болсо, чоң державалардын саясатынын маани-маңызын, максаттарын, план, ыкма жана жолдорун ар бир мусулман кишиге жалпы түстө, ал эми, ар бир саясий, балким, пикирлөөчү мусулман кишиге майда-баратына чейин билүү өтө маанилүү иш. Коркунучтарды алдын ала билүү, Исламий Мамлекет жана Исламий Үммөт коопсуздугу үчүн үзгүлтүксүз иштөө, Исламий даъватты дүйнөгө жаюу максатында күндө өзгөрүп, жаңыланып туруучу окуяларды күзөтүп, ар кандай чоң мамлекеттин саясаты курула турган негиздерди толук түшүнүп жетип, алардын саясатын билүү өтө маанилүү иш.

## САЯСАТ – МҮМКҮНАТТАР ИЛИМИ

Саясат – бул иштерди башкарууга тиешелүү пикирлер. Бул пикирлер акыйда жана мыйзамдар сыяктуу негиздерден турган болушу да мүмкүн, же болуп өткөн, болуп жаткан жана эми боло турган иштерден болушу да мүмкүн. Эгер саясат вокыйлыктагы иш болсо, бул иш азыркы учурда болобу же келечектеги иштер болобу буга карабастан, ал саясат болот. Эгер ал өтүп кеткен иш болсо, жакында өткөнбү, байыркы өткөнбү буга карабастан, тарыхка айланып калат. Ошондуктан, тарых шарт жана абалдардын өзгөрүшү менен өзгөрө турган акыйкаттар болсо да, же шарт жана абалдар себептүү пайда болуп, бул шарт жана абалдардын кетиши менен кошо кеткен окуялар болсо да, ал өз убагында саясат эле, эми болсо тарыхка айланган. Акыйкаттар олуттуу үйрөнүү зарыл болгон тарых. Окуялар болсо алынбашы керек жана окурман аны окуп жатканда сак болушу керек, анткени, аны абал жана шарттары менен байлабаган абалда алып алса, окурман катага түшүп калышы мүмкүн.

Адам адам болгондугу үчүн жана ушул турмушта жашап жаткандыгы себептүү саясий киши болот, саясатты сүйөт жана ушул тууралуу баш катырат. Себеби, ал өзүнүн, өз жоопкерчилиги астындагы кишилердин, элдин, мабдаъ жана пикирлеринин иштерин башкарат. Бирок, өз элинин, мамлекетинин жана регионунун иштерин башкарууга жетекчилик кылып жаткан адамдар жана уюмдар, же мамлекет, же эл аралык уюмдар жалаң саясат-башкаруу менен алектенгендиктен, алар чыныгы саясий кишилер болушат. Ошондуктан, алар таанымал саясий кишилер болушат. Аларга «саясий киши» деген ат берилип, катардагы жөнөкөй кишилерге мындай ат берилбейт. Себеби, жөнөкөй кишилердин тумуштагы иши жана башкаруу ишиндеги пикирлөөлөрү чектелген. Саясат жаатындагы талкуу бардык кишилерди этибарга албайт, балким, мына ушул саясий кишилерди гана этибарга алат.

Аалымдар (окумуштуулар) саясатка мүмкүнаттар (болушу мүмкүн болгон иштер) илими деп аныктама беришкен. Бул туура аныктама. Бирок, адамдардын саясатын адатта учурдагы күндөлүк иштерге чектеп коюлары ката. Анткени, саясат мындай мааниде вокыйлыктан (учурдагы абалдан) гана туруп калат жана бул нерсе вокыйды (реалдуулукту) талкуу кылуу менен вокыйга ылайык жүрүү маанисин түшүндүрөт. Эгер ушул маани туура болгондо, анда тарых жаралбас эле, саясий турмуш болбос эле. Себеби, тарых – вокыйлыкты өзгөртүү, саясий турмуш – учурдагы вокыйларды башка вокыйларга айлантуу. Ошондуктан, адамдар жана саясий кишилер түшүнгөндөй кылып, «саясат – мүмкүнаттар илими» деп аныктама берүү ката. Бирок, «мүмкүнат» сөзүн түпкү мааниси менен алганда т.а. махол (мүмкүн болбогон) ишке жана жүзөгө келиши катъий болгон ишке тескери келген мааниси менен алганда, анда туура аныктама болот. Анткени, саясат – махол (мүмкүн болбогон) иштер илими эмес, балким, мүмкүнаттар (болушу мүмкүн болгон) иштер илими. Мүмкүнатка тиешелүү болбогон, аныгыраак кылып айтканда, вокыйга о.э. болушу мүмкүн болгон вокыйларга тиешелүү болбогон пикирлер мантыкый (логикалык) жоромолдор жана куру кыялдар болот, саясат болбойт. Пикирлер саясий пикир болушу үчүн, албетте, мүмкүнатка тиешелүү болушу зарыл. Ошондуктан, саясат махол иштер илими эмес, балким, мүмкүнаттар илими. Махол иш саясат эмес, вокый жана вокыйлык да саясат эмес, себеби, булар тарыхтын тескериси. Эгер иштер мүмкүнаттар негизинде өзгөрбөй турган болгондо, саясат да, тарых да болбос эле. Тарых – бул вокыйдын башка вокыйга өзгөрүшү. Саясат – махол иштин тескериси болгон, мүмкүн болгон иштер илими. Расулулла ﷺ саясатка мүмкүн болгон иштер илими деп карап, ширктин ордуна Исламды курду, проблемаларга Ислам пикирлери жана мыйзамдары менен чечим берди. Натыйжада, куфр жана ширк пикирлеринин ордун Исламдын пикир жана мыйзамдары ээледи. Колонизаторлук, айрыкча, Батыш колонизаторлугу Исламды, Ислам тарабынан келчү коопту жана анын турмуш майданына кайтып келиш коркунучун жакшы түшүнөт жана ошондуктан, саясатка вокыйлык маанисин берди. Колонизаторлук мусулмандар аң-сезиминде пайда кылган түшүнүк боюнча жана саясат кишилери негиз кылып иш алып барышып жаткан түшүнүк боюнча, саясат – бул вокыйлык (турмуш чындыгы) жана вокыйлыкка (учурдагы абалга) баш ийүү. Саясат, колонизаторлук пикирине караганда, мүмкүнаттар илими т.а. вокыйлык негизинде иш жүргүзүү илими болду. Алар вокыйлыктан тышкарыдагы нерсени, же вокыйлык негизинде иш жүргүзбөөнү жок турмуш жана болбогон нерсе деп аташты. Анткени, муну менен адамдар Исламдан, анын пикирлеринен алысташсын т.а. вокыйга ыраазы болуп, аны өзгөртүү жөнүндө пикир жүргүзүшпөсүн. Демек, Үммөттүн аң-сезимине сиңдирилген бул түшүнүккө каршы күрөшүүсү о.э. саясат үммөт иштерин

вокыйлык негизинде эмес, балким, Ислам мыйзамдары негизинде башкаруу экендигин түшүнүп жетүүсү зарыл.

## САЯСАТ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК САЯСАТ

Саясат үммөт жана мамлекеттин иштерин башкарууга окшогон жергиликтүү мааниде болсо, мейли ал канчалык маанилүү болбосун, ага чектелүү жана аны биринчи даражага коюу туура эмес. Себеби, бул эгоисттик жана өзү үчүн аракет кылуу дегени. Ал саясий кишилердин арасында о.э. үммөт же топтор арасында ички күрөштү пайда кылып, үммөт жана мамлекетке зыян келтирет. Кишини саясатты түшүнбөй турган жана үммөттүн иштеринен кабарсыз кала турган кылып коёт. Саясий киши саясий болушу үчүн, албетте, үммөттүн иштерин башкарышы керек. Ал үчүн башка эл жана мамлекеттердин иштерине көңүл буруу керек, алардын кабарларын жана аракеттерин көзөтүү керек о.э. алар жөнүндө мүмкүн болушунча кеңири маалыматтарга ээ болуу зарыл.

Ошондуктан, эл аралык саясат жана тышкы саясат – саясаттын ажыралгыс бөлүгү. Арийне, саясат өз үммөтүнүн иштерин о.э. башка эл жана мамлекеттердин иштерин башкаруу жөнүндөгү пикирлер болсо гана саясат болот. Эл аралык жана тышкы саясаттын саясаттагы орду бөлүктүн бүтүндүктөгү орду сыяктуу, алар саясатты түзүүчү бөлүктөр.

Өзгөчө көңүл буруу керек болгон тышкы жана эл аралык саясат – бардык эл жана мамлекеттердин саясаты эмес, балким, эл аралык майданда таасирдүү болгон, айрыкча, Үммөткө, анын мамлекетине жана мамлекет негизделе турган акыйдасына таасир өткөзө турган эл жана мамлекеттердин саясаты. Демек, тышкы  жана эл аралык саясат – эл аралык майданда таасирдүү болгон, өзгөчө, өз үммөтү жана мамлекетинин саясатына эртели-кеч таасир өткөзө турган эл жана мамлекеттердин саясаты.

Ошондуктан, бүткүл Исламий Үммөт, айрыкча, саясий кишилер тышкы коркунучтардан сактанууга көңүл буруулары керек т.а. тышкы саясатты о.э. эл аралык саясатты үйрөнүүлөрү, күзөтүүлөрү жана коркунуч орундарын көрө билүүлөрү зарыл.

Бирок, Исламий Мамлекет дегени – акимдер дегени эмес, балким, иш жүзүндөгү халифалыктын бийлиги астындагы Үммөт дегени. Бүткүл үммөт – мамлекет. Куфр мамлекеттери муну жакшы түшүнүшөт жана ушул түшүнүктүн негизинде иш алып барат. Ырас, үммөт өзүнүн мамлекет экенин түшүнсө, душмандарын таануу үчүн жана аларга аттануу үчүн башка мамлекет, калк жана улуттардын кабарларын үзгүлтүксүз күзөтөт. Ошондуктан, тышкы саясаттын кабарлары бүткүл үммөттүн арасында кеңири таркатылышы жана адамдар тарабынан жалпы түстө түшүнүлүшү зарыл, натыйжада, алар саясий кишилерге жана ойчулдарга айланышы керек. Анткени, муну менен алар үммөт межлисине тергөө жана кеңешүү

үчүн өздөрүнөн өкүл шайлашканда, аларды саясатты жана эл аралык саясатты түшүнгөн абалда шайлашсын. Себеби, саясатты жана эл аралык саясатты түшүнүү – Үммөттө жана Үммөт межлисиндеги үммөт өкүлдөрүндө табылышы зарыл болгон сыпат. Тышкы саясатты жана эл аралык саясатты билүү саясий кишилердин иш жана пикирлеринде жетекчи орунда болушу зарыл жана ойчулдардын пикирлеринде, анык-так пикирлөөлөрүндө көрүнүшү керек. Себеби, мусулман киши жашоого мына ушул Ислам үчүн, Исламий даъватты жаюу үчүн келген. Ал жашоодо дин үчүн, динди коргоо үчүн жана анын даъватын жаюу үчүн жашайт. Жихад – Исламдын чокусу болсо, Исламий даъватты жаюу – жихад үчүн максат. Бул болсо тышкы саясаттан жана эл аралык саясаттан кабардар болуп турууну түшүндүрөт.

Эл аралык майданда таасирге ээ болууга о.э. улуу жана таасирдүү болууга көз артып жаткан мамлекет тышкы саясатын негизги иштеринин бирине айландырат жана ички жана тышкы позицияны туруктуу кылууда аны курал катары пайдаланат. Бул жокко чыгарып болбой турган акыйкат. Ушундай болгон соң, саясий кишилер бийликте болобу же жокпу, кайсы тармакта болбосун, тышкы саясатты жана эл аралык саясатты кең көлөмдө билиши керек. Себеби, дал ушул иш аларды саясий кишилерге айландырат т.а. үммөттүн иштерин башкаруучу  кишилердин деңгээлине көтөрөт. Анткени, Үммөттөрдүн негизги иштери тышкы саясатка жана эл аралык саясатка байланыштуу. Ошондуктан, бардык саясий хизбтердин, ал тургай, бүткүл саясий кишилердин жана илим ээлеринин эң маанилүү иштери тышкы саясат жана эл аралык саясат болмогу зарыл.

Тышкы жана эл аралык саясатты билүү, айрыкча, саясий кишилер, ойчул жана аалымдар үчүн зарыл болгон соң, аларды жалпы түстө үйрөнүү жарабайт. Мындай үйрөнүүнүн пайдасы болсо да, коркунучту алдын-ала билүү үчүн жана коркунучтан кантип сактануу керектигин билүү үчүн о.э. окуяларды, душмандын ниет-максаттарын түшүнүү үчүн жетиштүү эмес. Балким, алардын тафсилаттарына киришүү керек, окуяларды, иштерди күзөтүү керек жана аларга саясий талдоо жүргүзүү керек о.э. ниет-максаттарды түшүнүү зарыл. Душмандын мамлекет жана үммөткө каршы ниет-максаттарын түшүнүү үчүн, биринчиден, анын сөзүн жана сөз сүйлөнгөн абалды; экинчиден, анын аракеттерин жана аракеттер алып барылган абалды; үчүнчүдөн, мамилелерди жана бул мамилелердин абалын үйрөнүү зарыл. Бул үч нерсени билбей туруп, душмандын ниет-максаттарын түшүнүү мүмкүн эмес. Бул үч нерсени билүү үчүн, албетте, тафсилаттарды билүү керек. Сөздүн тафсилаттарын билүү жана күзөтүү зарыл, ошондо ушул сөз айтылган абалдар түшүнүлөт. Аракет жана мамилелер да ушундай. Карапайым калк тафсилаттарга көңүл бурбаса да, таанымал кишилер, айрыкча, саясий кишилер буга көңүл буруулары

зарыл, себеби, алар жоопкер адамдар жана алар өздөрүн үммөттүн иштерин башкаруучулар деп билишет.

Азыркы учурда эл аралык абал жана таасирдүү мамлекеттер өз саясатында дипломатиялык мамилелерге о.э. малайларга таянат. Бул убактылуу көрүнүш жана ал кооп туудуруучу күч жок болгондуктан болууда, эгер кооп туудуруучу күч жүзөгө келсе, мындай абал өзгөрөт жана эл аралык абал о.э. таасирдүү мамлекеттер саясий жана аскерий иштерге таяна турган болот. Бирок, кандай абал болбосун, бул иштерде да тафсилаттарга көңүл буруу зарыл. Мисалы, малайлар темасы алынса, албетте, аларды таануу керек, ал тургай, капыр мамлекеттериндегилери болсо да. Дипломатиялык мамилелер же саясий иштер алып барылса, бул мамиле жана иштердин тафсилаттарын, айрыкча, жашыруун жүргүзүлгөн мамиле жана иштердин тафсилаттарын билүү зарыл.

Тышкы саясат жана эл аралык саясат малайлар же дипломатиялык мамилелер ыкмасы менен алып барылабы, же саясий жана аскерий иштер аркылуу алып барылабы, буга карабастан, аларды тафсилаттары менен үйрөнүү зарыл. Ошондо саясат, о.э. ниет жана максаттар түшүнүлөт, сөздүн же аракеттердин, же мамилелердин түпкү маңызы билинет. Качан тафсилаттар үйрөнүлмөйүнчө, саясатты түшүнүп болбойт. Киши саясий киши болуп жетише албайт жана өз кезегинде ниет жана максаттар караңгы бойдон калып кетет.

## ЭЛ АРАЛЫК АБАЛДЫ ТҮШҮНҮҮ

Эл аралык абал – эл аралык майданда таасирге ээ болгон мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин структурасы. Эл аралык майданда иш алып барып жаткан мамлекеттер көп болсо да, бирок, таасир өткөзүп жаткан мамлекеттер аз эле. Мамлекеттердин күчтүү жана күчсүз болуп турушу менен алардын ортосундагы мамилелер өзгөрүп турат. Бул өзгөрүүлөр кээде согуштар себептүү жүзөгө келет, согуш бир мамлекетти жоготуп, башка бирин эл аралык майданда таасир жагынан алсыратат, кийин анын ордун башка мамлекет элөөгө умтулат. Кээде болсо, аста-секин өсүп-өнүгүүнүн натыйжасында тынчтык абалында да бир мамлекет күчөп, башкасы күчсүздөнөт. Бирок, өзгөрүүлөр жасоодо согуш активдүү таасирге ээ. Мамлекеттердин күчтүү жана күчсүз болуп өзгөрүп турушунун натыйжасында, эл аралык майдандагы башкы мамилелер, кээде жузъий (кийинки даражадагы) мамилелер да өзгөрүп турат. Эл аралык майданда таасирге ээ мамлекеттердин күчтүү же күчсүз болушу жана алардын абалдарында өзгөрүүлөрдүн болушу тез болбогондуктан, эл аралык позицияда өзгөрүүлөрдүн болушу да узак убакытты талап кылат.

Мамлекеттин күчтүүлүгү анын аскердик күчүнө эле чектелбейт, балким, ал моддий, пикирий жана маънавий күчтөрдү өз ичине алат т.а. ал дүйнөгө рисалат катары алып чыгыла турган мабдаъны, аскердик жана

экономикалык күчтөрдү, саясий иштердеги айлакерликти жана дипломатиялык мамилелердеги чеберчиликти өзүнө камтыйт.

Мамлекет эл аралык майданда башка мамлекет менен күрөшүүдө эл аралык абалдан келип чыгып иштетүү мүмкүн болгон эң таасирдүү күчтөрдөн пайдаланат. Мабдаъий, аскердик жана экономикалык күчтөрдүн ар биринде пайда алып келүү, бул кызыкчылыктарды коргоо, мамлекет үчүн эл аралык майданда эл аралык позиция жана айбат пайда кылуу мүмкүнчүлүгү бар. Себеби, алардын ар бири менен күчтүү саясий таасирге ээ болууга болот. Бирок, аскердик күч – эң көрүнүктүү жана активдүү күч. Себеби, ал – мамлекеттин символу жана анын негизги күчү. Саясий кишилердин иштеринин аркасында аскердик күчтөр турат. Себеби, башка күчтөр ийгиликсиздикке учураганда, аскердик күчкө кайрылынат.

Аскердик күч аны иштетүү каалоосу менен тыгыз байланышта. Каалоонун күчтүү болушу ал үчүн күч болсо, каалоонун күчсүз болушу ал үчүн күчсүздүк болуп эсептелет. Мамлекет өзүнөн бир кыйла күчтүү мамлекетке каршы чыгууда, же эки мамлекеттин ортосунда аскердик күчтөр жарыша куралдануу себептүү бири-бирин толук кыйрата турган даражада күчөгөндө, аскердик күчтөрдү иштетүү каалоосу күчсүздөнөт. Мындай учурда мамлекеттин күчтүү болушунда мабдаъ күчү, экономикалык, дипломатиялык мамилелер жана саясий иштер сыяктуу башка элементтердин өтө зор маанилүүлүгү даана көрүнөт.

Мамлекеттин эл аралык майданда иш алып баруусунан көздөгөн максаты – мамлекет үчүн пайда алып келүү жана бул кызыкчылыктарды коргоо. Мамлекеттин өз чегарасынан сырткарыдагы кызыкчылыктары бир нече жана ар түрдүү болот. Алардын айрымдары мабдаъны жаюу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү сыяктуу мабдаъий, айрымдары мамлекеттин эл аралык позициясын, айбатын жана урматын сактоо сыяктуу маънавий, айрымдары стратегиялык чекиттер сыяктуу коопсуздукка тиешелүү, же чийки сырьё жана соода базарлары сыяктуу пайдаларга тиешелүү моддий (материалдык) кызыкчылыктар болот.

Кызыкчылыктар тагдырый (тагдыр чечүүчү) жана экинчи даражалуу болот. Мамлекет алар үчүн дароо согушууга даяр турган кызыкчылыктар тагдырый кызыкчылыктар болот. Тагдырый кызыкчылыктардын тизмеси мамлекеттин күчтүү жана күчсүздүгүнө карай узун жана кыска болот. Күчтүү мамлекеттин тагдырый кызыкчылыктарынын тизмеси узун болот жана өз кезегинде анын эл аралык милдеттери жана эл аралык майданда аралашуулары көбөйөт. Мамлекетке мамлекеттик мажбурияттарды (милдеттенмелерди) кызыкчылыктар белгилеп берет, мажбурияттар мамлекеттик кызыкчылыктарды белгилебейт. Мамлекеттин кызыкчылыктарынын көлөмү мамлекеттин чоң-кичинелигине жана кандай мамлекеттигине карай белгиленет. Мисалы, кызыкчылыктары, кызыгуулары жана мажбурияттары өз регионуна чектелген аймактык

мамлекет регионалдык кызыкчылыктарды өз саясий аракеттери үчүн майдан кылып белгилейт.

Дүйнөнүн бардык бурчтарында кызыкчылыктары, кызыгуу жана мажбурияттары бар болгон дүйнөлүк мамлекет үчүн бүткүл дүйнө саясий майдан болот.

Ушул нерсе ачык-айкын болуш керек, эл аралык абалды түшүнүү дегени – эл аралык мамилелерди, ушул мамилелердин структурасын жана жетекчи мамлекеттин позициясын о.э. эл аралык саясатка таасир этүүгө кудуреттүү болгон мамлекеттердин ортосундагы тынымсыз атаандаштыкты түшүнүү дегени.

Ошондуктан, дүйнөдөгү жетекчи мамлекеттин позициясын билүү керек, себеби, бул нерсе эл аралык саясатты жана эл аралык абалды түшүнүүдө зор мааниге ээ. Эл аралык позициядагы жетекчи мамлекет тынчтык абалында мамлекеттер арасында сөзү өтө турган мамлекет деп этибар кылынат жана бул иште ага экинчи орунда турган мамлекет тең келет. Андан кийин башка мамлекеттер эл аралык саясий таасирге ээ болуу кудуретине карай орун алат. Башка мамлекеттерге, албетте, жетекчи мамлекетке таасир өкөзүү салмагы бар мамлекеттер таасир өткөзөт жана бул таасир алардын өз күчтөрүнө жана эл аралык позициясына карай түрдүү даражада болот. Мамлекет жетекчи мамлекетке жана эл аралык жактан дүйнөлүк саясатка өз күчү жана эл аралык позициясынын даражасына карай таасир өткөзөт. Бирок, эл аралык абалда жетекчи мамлекеттин эл аралык саясатты өз тарабына оодурууда жана эл аралык абалга таасир өткөзүүдө башка мамлекеттерге караганда мүмкүнчүлүгү кеңирээк болот. Ошондуктан, эл аралык абалда таасирге ээ ар бир мамлекеттин абалын түшүнүү эл аралык абалды түшүнүүдөгү негизги иш болуп саналат.

Жетекчи мамлекеттин позициясына жана эл аралык саясатка таасир өткөзүүдө атаандаштык кылуу таасирдүү мамлекеттердин ортосунда байыртадан бар. Бардык кылымдарда жетекчи мамлекет деп этибар кылына турган мамлекет болгон. Айрым убактарда аны менен жетекчи мамлекет болууда атаандашуучу башка мамлекеттер да болот эле. Бирок, атаандаштык саясий иштер менен эмес, балким, аскердик иштер менен болот эле. Абал XVIII кылымга чейин ушундайча уланды. Бул убакка келип, эл аралык мыйзамдар кеңейди. Аныгыраак айтканда, мыйзам калыбында пайда болду. Ушул убактан баштап эл аралык мамилелерде, эл аралык проблемаларды чечүүдө саясий иштер маанилүү роль ойноп, ал жетекчи мамлекеттин өкүмдарлыгын токтотууда, жетекчи мамлекет болуу үчүн атаандаштык кылууда жана эл аралык проблемаларды чечүүдө аскердик иштердин ордун басты. Мамлекеттер, айрыкча, жетекчи мамлекет болуу үчүн атаандаштык кылуучу мамлекеттер жана жетекчи мамлекеттин өзү саясий иштерде эл аралык үрпкө жана эл аралык

мыйзамга таянды жана акыры келип саясий иштер эл аралык мыйзам менен тыгыз байланышта болуп калды.

Эл аралык абалды жана эл аралык саясатты түшүнүүдө ар бир малекеттин, айрыкча, дүйнөдөгү окуялардын жүрүшүнө таасир кылуучу чоң мамлекеттердин саясий абалын жана алардын мамлекеттер менен болгон мамилелерин ачып берүүчү кеңири маалыматтардын болушу жана алардын аткаруу ыкмаларындагы, саясий оюндардагы саясий пландарын үйрөнүү зор мааниге ээ. Мамлекет саясий иштерди, албетте, үммөт кызыкчылыктарынан келип чыккан абалда алып барат жана мамлекеттер менен болгон мамилелерин ушул кызыкчылыктар негизине курат. Белгилүү бир мабдаъны кабыл алып, аны дүйнөгө алып чыгуучу мамлекет эл аралык мамилелерде жана тышкы кызыкчылыктарды белгилөөдө мабдаъны негиз кылат. Ошондуктан, Исламий Мамлекетти тикелөө үчүн жана Даъватты дүйнөгө жаюу үчүн иш алып барып жаткан Исламий Үммөт мамлекеттердин кабыл алган пикирлери аркылуу алардын мабдаъий же мабдаъий эмес мамлекет экендигин үйрөнүшү, мамлекеттердин мамилелерин күзөтүшү, жашыруун мамилелерди жана алардан көздөлгөн максаттарды билиши, манёвр үчүн болгон иш менен чыныгы иштин өзүн жана иш менен андан көздөлгөн максаттарды ажырата алышы о.э. эл аралык мамилелердеги акыркы абалдардан кабардар болушу зарыл.

Бирок, белгилүү болгондой, эл аралык абал эл аралык кырдаалдарга карай өзгөрүп турат. Туруктуу бир абалда турбайт. Ар бир мамлекеттин деңгээли да эл аралык жактан бир абалда турбайт, балким, күчтүү же күчсүз болушуна, таасир өзкөзүшү же таасир өткөзө албашына о.э. аны менен башка мамлекеттер ортосундагы мамилелердин ар түрдүү болушуна карай түрдүү абалдарда болот. Мындай абал үммөттү үзгүлтүксүз түрдө саясий тарбиялоону, тышкы саясатты ар дайым күзөтүп үйрөнүүнү о.э. бул саясатта Исламий Даъватты алып чыгуунун өлчөм жана үстөм болушун талап кылат.

Эл аралык абалды түшүнүүгө байланыштуу болгон о.э. саясий киши саясий талдоо аркылуу ар кандай саясий окуяга туура жана чындыкка жакыныраак өкүм чыгаруу үчүн маалыматка ээ болушу жана күзөтүшү зарыл болгон иштер ушулар. Анткени, саясий талдоо – дүйнөнүн ар кандай регионундагы ар кандай саясий окуяга өкүм чыгаруунун жана ушул региондогу саясий кырдаалды о.э. ушул саясий кырдаалдын эл аралык саясат менен болгон байланышын түшүнүүнүн ыкмасы.

## ЭЛ АРАЛЫК ҮЙ-БҮЛӨ. ЭЛ АРАЛЫК УКУК НОРМАЛАРЫ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МЫЙЗАМДАР

Албетте, саясий иштердин маани-маңызын жана алардын эл аралык жактан кандай аткарылышын түшүнүү үчүн эл аралык укук нормаларын жана эл аралык мыйзамды көрүп чыгышыбыз керек.

Эл аралык укук нормалары байыртадан эле бар болуп, мамлекет жана падышалыктардан мурун пайда болгон. Алар – согуш жана тынчтык абалындагы мамилелердин натыйжасында пайда болуп, ага узак убакыт баш ийилишинин натыйжасында эл аралык укук нормалары даражасына көтөрүлгөн эрежелердин жыйындысы. Бул эрежелер мамлекеттерде сакталып, алар тарабынан ыктыярдуу түрдө баш ийиле турган болду жана бул эрежелер мыйзамдай болуп калды. Аларга моддий күчтүн таасири астында эмес, балким, маънавий мажбурият катары баш ийилген. Уруу жана жамааттар аларга ыктыярдуу түрдө жана коомчулук пикиринин каршы болуп калышынан корккон абалда баш ийишчү жана баш ийбегендерге коомчулуктун пикири каршы болуп калар эле. Жахилиятта араб элинин шахрул–харамда (согуш арам кылынган айларда) согуш кылбоолору да эл аралык укук нормаларынан болуп эсептелет. Ошондуктан, Абдулла ибн Жахштын сарийясы Амр ибн ал-Хазрамийди өлтүрүп, эки кишини туткунга алып, соода кербенин колго түшүргөн кезде, Курайш Расулулла ﷺды айыптап: «Мухаммад жана анын асхабдары шахрул-харамда кан төктү, мал-мүлккө кол салды жана кишилерди туткунга алды» - деп, бардык жакка дүрбөлөӊ таратты, эл аралык укук нормаларын бузганы үчүн, коомчулуктун пикирин Расулулла ﷺга каршы болууга чакырды.

Бардык уруу жана жамааттарда ушундай эрежелер бар болуп, согуш жана тынчтык абалдарында аларга баш ийилген. Элчилер жана согуш олжолору жөнүндөгү эрежелер ушулардын катарына кирет. Бирок, бул укук нормаларынын айрымдары жалпы болуп, бардык эл ага баш ийген. Айрымдары белгилүү бир уруу жана жамааттарга гана тиешелүү болгон. Эл аралык укук нормалары мамлекет жана падышалыктардын талабына т.а. эл, уруу жана жамааттар ортосундагы мамилелердин талабына ылайык өнүгүп барган. Бул сыяктуу укук нормалары коомчулуктун пикирине таянган, аларга баш ийбей коюу караланган, ага маънавий мажбурияттын таасири менен баш ийилген жана аларды турмушка колдонуучу моддий күч болбогон. Уруу жана жамааттар саясий иштерди ушул укук нормаларынын негизинде алып барган.

Эл аралык мыйзам болсо, ал Осмоний мамлекет көрүнүшүндөгү Исламий Мамлекетке каршы пайда кылынган. Исламий Мамлекет сыпатындагы Осмоний мамлекет Европага жүрүш кылып, Европа христиандарына жихад жарыя кылат. Арты-артынан мамлекеттер фатх кылынат. Греция, Румыния, Албания, Югославия, Венгрия жана Австралияны фатх кылып, Вена астаналарына чейин кирип барат. Бардык Европа христиандарынын жүрөгүнө кооп салат жана христиандарда «Исламий кошуун – жеӊилгис кошуун, мусулмандар «өлтүрүлсөк, бейишке киребиз» деп этикат кылгандары о.э. тагдыр жана ажал түшүнүктөрүнө ишенгендиктери себептүү, согушка киргенде өлүмдү көзгө илишпейт» деген түшүнүк пайда

болот. Мусулмандардын тайманбас эрдигин жана каармандыктарын көрүп, христиандардын дилин коркунуч басат жана алар мусулмандар менен беме-бет келүүдөн качат. Натыйжада, мусулмандар мамлекеттерди жеңил-желпи фатх кылып, аларды Ислам бийлигине моюн сундурушат. Бул кылымдарда Европа христиандары феодалдык кожолук жана княздыктардан турган бытыранды мамлекеттер эле. Ар бир мамлекет бир нече кожолукка бөлүнгөн болуп, анын ар бирин бийликте падышага шерик болгон феодал башкарар эле. Ошондуктан, падыша бул феодалдарды согушка мажбур кыла албачу жана тышкы иштерде аларга таяна алчу эмес. Мындай кырдаал Европага жүрүш кылып, аны фатх кылууну мусулмандарга жеңилдеткен.

Европа мамлекеттериндеги мындай абал орто кылымдарга чейин т.а. XVI кылымга чейин улантылды. Бул убакка келип, Европа мамлекеттери Исламий Мамлекетке каршы тура ала турган бир үй-бүлө болууга бириге башташты. Чиркөө аларга өкүмдарлык кылар эле жана аларды христиан дини бириктирип турчу. Алар бардык мамлекеттерден христиан дининдеги бир үй-бүлө куруу үчүн ортолорундагы өз ара мамилелерди тартипке сала баштады. Натыйжада, өз ара келишилген мамилелер жүзөгө келди. Бул эл аралык мыйзамдын пайда болушу эле. Европа христиан мамлекеттери Исламий Мамлекетке каршы туруу максатында христиандык робытасынын негизинде биригишти. Мындай абал эл аралык христиан үй-бүлөсүнүн пайда болушуна алып келди жана алар өз ортолорунда бир нече эрежелерге келишип алышты. Эл аралык үй-бүлөгө мүчө мамлекеттердин тең укуктуулугу, жалпы максаттын бирдиги о.э. бардык мамлекеттердин кандай мазхабда болушуна карабастан, жогорку рухий бийликте католиктер папасына моюн сунушу ушул эрежелерден болуп эсептелет. Бул эрежелер мыйзамдар үчүн негиз болду. Бирок, христиан мамлекеттеринин биригиши эч кандай таасирге ээ болбоду. Анткени, өз ара келишишкен эрежелери аларды бириктире албады. Себеби, феодализм түзүмү мамлекеттин күчөшүнө жана тышкы мамилелерди түздөн-түз башкарууга тоскоолдук кылар эле. Чиркөөнүн мамлекеттер үстүнөн өкүмдарлыгы мамлекеттерди чиркөөгө көз каранды кылып, мамлекетти бийликке ээ кылчу эмес жана анын өз алдынча иш жүргүзүүсүнө жол берчү эмес. Ушул себептен улам, мамлекетте феодалдардын үстүнөн өкүмдар болуу үчүн күрөш башталды жана бул күрөш мамлекеттин жеңиши жана феодализм түзүмүнүн кыйрашы менен аяктады. Дал ушул учурда, мамлекет менен чиркөөнүн ортосунда да бийлик үчүн күрөш болду жана акыр түбү чиркөө бийлиги мамлекеттин ички жана тышкы иштеринен четтетилди. Бирок, мамлекет христиан болгон бойдон калды жана пайда болгон өзгөрүү мамлекет менен чиркөөнүн ортосундагы мамиленин мамлекеттин өз алдынча иш алып баруусун тан алуу менен тартипке салынышы болду.

Мунун натыйжасында Европада күчтүү мамлекеттер жүзөгө келди. Бирок, алар Исламий Мамлекетке каршы тура албады. Он жетинчи кылымга чейин т.а. 1648-жылга чейин абал ушундайча улантылып келди. Европа мамлекеттери бул учурга келип, Вестфалия конференциясына жыйылып, мамлекеттер ортосундагы мамилелер үчүн туруктуу эрежелерди иштеп чыкты жана Исламий Мамлекетке каршы христиан мамлекеттеринин үй-бүлөсү түзүлдү. Конференция эл аралык мыйзам үчүн салттуу эрежелерди иштеп чыкты. Бул эрежелер жалпы эл аралык мыйзам эмес эле, балким, Европа христиан мамлекеттери үчүн гана мамлекеттер аралык мыйзам болчу жана бул мыйзам Исламий Мамлекеттин «мамлекеттер үй-бүлөсүнө» т.а. ушул мамлекеттерден куралган үй-бүлөгө киришине тыюу салган. Ушул убактан баштап, эл аралык коомчулук жүзөгө келди. Ал Европа мамлекеттеринен куралган болуп, мамлекеттердин монархиялык же республика түзүмүнүн негизинде жана католик же протестант мазхабында болушунун мааниси жок эле. Алгач бул коомчулук Батыш Европа мамлекеттерине чектелген эле. Кийинчерээк ага Европанын бардык мамлекеттери кошулду. Кийин Европадан тышкарыдагы христиан мамлекеттери да кирип келди. Бирок, XIX кылымга чейин Исламий Мамлекеттин киришине тыюу салынар эле. Бул мезгилде Исламий Мамлекет начар абалга түшүп, «Кесел киши» атын алган эле. Ошондо Осмоний мамлекет мамлекеттер үй-бүлөсүнө кирүүнү талап кылды жана анын талабы четке кагылды. Ал өз талабында катуу туруп алган соң, мамлекеттер үй-бүлөсүнө кириши үчүн ага карата катуу шарттар коюлду. Алардын бири эл аралык мамилелерде Ислам менен өкүм жүргүзбөө жана дагы бири айрым Европа мыйзамдарын кабыл алуу эле. Осмоний мамлекет шарттарды кабыл алып, эл аралык мамилелерде Исламий Мамлекет негизинде иш жүргүзбөөгө ыраазы болду. Ошондон кийин гана ал 1856-жылы мамлекеттер үй-бүлөсүнө киргизилди. Кийинчерээк Япония сыяктуу христиан болбогон мамлекеттер да кирди.

Демек, 1648-жылы өткөзүлгөн Вестфалия конференциясы эл аралык мыйзам үчүн салттуу эрежелерди иштеп чыккан деп этибар кылынат жана анын бул эрежелердин негизинде саясий иштер жана эл аралык коомчулук иштери жүзөгө келген.

Бул эрежелердин эң көзгө көрүнүктүү жана эң кооптуусу эки пикир: мамлекеттер аралык күчтөрдүн теңдиги жана эл аралык конференциялар. Мамлекеттер аралык күчтөрдүн теңдиги пикири – бул белгилүү бир мамлекет башка бир мамлекеттердин эсебинен кеңеймекчи болсо, анда согуштун алдын алуу үчүн жана тынтык кепилдиги болгон мамлекеттер аралык күчтөрдүн теңдигин сактоо максатында, бардык мамлекеттердин биригип, кол салуучу мамлекетке каршы туруулары дегени. Эл аралык конференциялар пикири болсо, мындай конференцияларга Европа мамлекеттери катышып, өз мамиле жана иштерин Европа

кызыкчылыктарынын негизинде көрүп чыгат. Кийинчерээк, бул конференциялар чоң мамлекеттердин конференциясына айланып, дүйнө иштерин чоң мамлекеттердин кызыкчылыгы негизинде көрүп чыга турган болду. Бул эки пикир – чоң о.э. колонизатор мамлекеттердин өкүмдарлыгын көтөрүү жолунда дүйнө жолугуп жаткан балекет жана кыйынчылыктар үчүн башкы себеп болду.

Эл аралык мыйзамдын келип чыгуу негизи мына ушундайча болду. Эл аралык мыйзам мамлекеттердин ички иштерине аралашууга негиз жаратты жана чоң мамлекеттердин башка мамлекеттердин үстүнөн өкүмдар болушуна жол ачты. Мамлекеттер өз кызыкчылыктары жолунда, же жетекчи мамлекетке ат салышууда алып бара турган саясий иштерде эл аралык мыйзамдарга негизделишти. Ырас, бул эл аралык эрежелерге айрым өзгөртүүлөр киргизилди, бирок, бул өзгөртүүлөр чоң мамлекеттердин кызыкчылыктары жана ал кызыкчылыктарды тартипке салуу үчүн гана болду. Башкача айтканда, бул өзгөртүүлөр – дүйнө кызыкчылыктарын согуш жана кагылышууларсыз өз ара бөлүштүрүү үчүн болгон өзгөртүүлөр. Ушул өзгөртүүлөрдүн натыйжасында, эл аралык тынчтыкты сактоого каратылган эл аралык уюмдар жүзөгө келди жана азыркы учурда эл аралык мамилелер конференцияларда эмес, балким, ушул уюмдарда көрүлө турган болду, бирок, муну менен эч нерсе өзгөрбөдү. Чоң мамлекеттер дагы деле олжо талашып жаңжалдаша беришти, ал тургай, экинчи дүйнөлүк согуш да болуп өттү. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин, чоң мамлекеттер өз ара мамилелерин тартипке салууда эл аралык уюм түзүү эң жакшы жол деп табышты. Алгач бул уюм согушка кирген мамлекеттер менен чектелген. Кийинчерээк бул уюм бардык мамлекеттер кириши мүмкүн болгон бүткүл дүйнөлүк уюмга айландырылды. Эл аралык мамилелер бул уюмдун пакты менен тартипке салынды. Муну менен эл аралык мамилелер дүйнөгө өкүмдар болуу, олжолорду бөлүштүрүү жана башка чоң мамлекеттердин жүзөгө келишинин алдын алуу үчүн, чоң мамлекеттердин конференциялары аркылуу мамлекеттер ортосундагы мамилелерди тартиптөө жана чоң мамлекеттердин өкүмдарлыгын камсыздоо жолундагы эл аралык уюмга, кийин дүйнөдөгү мамлекеттердин иштерин тартипке сала турган жана мамлекеттерге өкүмдарлык кыла турган бүткүл дүйнөлүк мамлекет даражасындагы эл аралык уюмга айланды.

Мурунку эл жана жамааттардын үрптөрүндө колдонулган эрежелер маънавий факторго жүктөлчү, ал эми, бул христиан мамлекеттери же капиталисттик мамлекеттер кийинчерээк эл аралык мыйзамга айланган салттуу эрежелердин аткарылышын маънавий факторго жүктөшкөн жок жана ушул эрежелерге баш ийүүчү мамлекеттерге гана чектебеди. Балким, бул эрежелерди ага кирген да, кирбеген да бардык мамлекеттерге куралдын күчү менен колдоно турган болду. Биринчи дүйнөлүк согуштан

мурун, Европа христиан мамлекеттери эл аралык мыйзам аткарылышы үчүн дүйнөгө бүткүл дүйнөлүк полиция дайындайт эле. Ал тургай, Улуттар лигасы, кийин Бириккен Улуттар Уюму түзүлгөндөн кийин да, капиталистик мамлекеттер өздөрүн эл аралык жандармга айландырышты. Бул эң бир жаман иштерден болуп, мамлекеттер үй-бүлөсү жана эл аралык мыйзамдын айынан, ал дүйнө бактысыздыгынын себептеринин бири болуп калды. Ошондуктан, дүйнөнү бактысыздыктан куткаруу үчүн бул маселе өз чечимин табышы керек.

Бул маселенин чечими мындай, эл аралык коомчулукту түзүү зарыл болчу болсо, эл аралык коомду жөнөкөй коомго салыштырбоо керек. Жөнөкөй коомдо зулумдарды көрүп чыга турган, адамдар ортосундагы чыр-чатактарды ажырым кыла турган мамлекет болот. Демек, ар бир жөнөкөй коомдо мамлекет, бийлик о.э. мыйзам жана мажбурий аткаруунун болушу зарыл. Эл аралык коомчулук болсо, ортолорунда ар түрдүү мамилелер бар болгон адамдардан эмес, балким, жамааттардын жыйындысынан турат. Бул жамааттардын ар бири чектелбеген бийлик укугуна жана эрк укугуна ээ. Жамаат же мамлекетке карата болгон ар кандай тышкы мажбурлоо жамаат же мамлекеттен бийликти тартып алуу болот. Бул кулдуктун өзү. Мындай абал колонизаторлуктун өкүмүн өткөрүүдө жана күч менен мажбурлоодо көрүнөт. Мамлекеттин өзү кабыл алган токтомун аткаруусуна ар кандай тыюу салуу – аны кишендөө жана шал кылуу дегени. Демек, мамлекет жана жамааттардын үстүндө мамлекет сыяктуу бийликке ээ күчтүн болушу жарабайт. Башкача айтканда, алака жана мамилелерди башкаруу укугуна ээ эл аралык коомдун бийлик башчылыгы астындагы жамааттардын болушу жарабайт т.а. бир канча мамлекеттерге башчылык кыла турган мамлекетке айланышы жана ушундай мамлекеттин жүзөгө келиши жарабайт. Балким, жамааттар өз вужудуна, бийлик жана эркине ээ болушу керек. Жамааттардан эл аралык коомчулук түзүлчү болсо, ал дүйнөлүк мамлекет болбошу керек о.э. ыктыярдуу түрдө мүчө болмокчу болгон мамлекеттерден түзүлүшү лаазым. Аны белгилүү бир түшүнүктөргө ээ белгилүү бир мамлекет, же болбосо, башка мамлекеттерге караганда күчтүүрөөк болгон мамлекеттер түзбөшү керек. Балким, бул эл аралык коомчулук түшүнүктөрү, канчалык күч-кудурет жана таасирге ээ экендиктерине карабастан, ыктыярдуу түрдө негиздөөчү болгон мамлекеттер тарабынан негизделиши, негиздөөдө катышпаган ар кандай мамлекет каалаган убакта ага мүчө болушу, укук жана милдеттерде негиздөөчүлөр менен тең болушу, бардык мамлекет каалаган убакта эл аралык коомчулуктан чыгуу укугуна ээ болушу жана токтомдор эч кайсы мамлекетке күч менен аткарылбашы шарт. Мына ошондо гана эл аралык коомчулук калп эле көз боёмочулук менен «мамлекеттер үй-бүлөсү» жана

«бириккен улуттар уюму» аты берилген дүйнөлүк мамлекет эмес, балким, чыныгы эл аралык коомчулук болот.

Коопсуздук кеңешине жана БУУга карата боло турган мамиле мындай, аларды түп-тамыры менен жок кылып, ордуна мамлекеттердин үстүнөн эч кандай өкүмдарлык кыла албай турган о.э. дүйнөлүк мамлекет даражасында болбой турган дүйнөлүк уюм түзүү керек жана бул уюм белгилүү бир мамлекеттин пайдасы үчүн эмес, балким, бүткүл адамзаттын пайдасы үчүн иш көрсөткөндүгү себептүү кеңири коомчулук пикиринин колдоп-кубаттоосуна, урмат жана ишенимине о.э. маънавий күч менен мазлумга жардам берүү жана зулумга каршы чыгууга, бүткүл адамзат ортосунда адилетүүлүктү орнотууга негизделе турган дүйнөлүк уюм болушу керек. Буга жахилият доорунда болгон, Мухаммад ﷺ пайгамбар болушунан мурун катышкан «Хилфу-л-Фузул» (фазилаттар иттифак-биримдиги) мисал. Расулулла ﷺ ал жөнүндө пайгамбар болгондон кийин мындай деген: «Мен Абдулла ибн Жадъандын эшигинде ушундай бир иттифакка катыштым деп кой, анын ордуна мага кызыл төө беришсе да ыраазы болбоймун. Ага Ислам келгенден кийин да чакырылганымда, албетте, катышат элем». О.э. бул дүйнөлүк уюм дүйнөнү талкуулоо үчүн жана эң туурасын алып, өзүнө пикир, акыйда жана хазарат кылып кабыл алышы үчүн бардык пикир, акыйда жана хазараттар ортого таштала турган майдан болушу зарыл.

Эл аралык мыйзам о.э. аны адамдарга күч менен колдонуу маселесине келсек, бул эл аралык мыйзамдын болушу да, иштелип чыгышы да туура эмес. Себеби, мыйзам султандын буйругу болуп, ал буйрукту чыгара турган дүйнөлүк мамлекет да, дүйнөлүк бийлик да эмес. Бардык мамлекеттерге өкүмдар боло турган дүйнөлүк мамлекеттин болушу туура эмес, себеби, мындай мамлекеттин болушу мүмкүн эмес жана дүйнөлүк мамлекеттин болушу – бул согуш жана кандуу кагылышуулар дегени. Демек, дүйнөлүк мамлекет же салтанаттын болушу жайыз эмес, демек, эл аралык мыйзамдын болушу же түзүлүшү да жайыз эмес. Эл аралык мыйзамды күч менен ишке ашыруу да жарабайт. Себеби, ишке ашыруу дүйнөлүк т.а. дүйнөлүк мамлекет тарабынан болсо, бул жарабаган иш, анткени, дүйнөлүк мамлекет таптакыр болбошу керек. Ишке ашыруу эки же андан көбүрөөк мамлекеттер тарабынан болсо, бул мыйзамды ишке ашыруу эмес, балким, кол салуу болот. Себеби, эл аралык мыйзамды ишке ашыра турган мамлекеттердин бири мыйзамга тескери иш кылса, калган мамлекеттер бул мамлекетке карата мыйзамды колдонуулары мүмкүн эмес, анткени, мунун мааниси согуш дегени. Ишке ашырып жаткан эки же андан артык мамлекеттер мыйзамга тескери иш кылса, аларга карата мыйзамды ким колдонот? Эч ким мындай кыла албашы табигый. Муну менен күчтүү мамлекеттердин мыйзамды кичинекей жана күчсүз мамлекеттерге карата колдонушу бул мыйзамды ишке ашыруу эмес,

балким, кол салуу болот. Демек, маалым болгондой, жалпы эл аралык мыйзамды бардык мамлекеттерге карата колдонуу мүмкүн эмес. Эл аралык мыйзамды күч менен ишке ашырууну ойго да албаш керек, анткени, мындай ишке ашыруу кол салуудан башка нерсе эмес.

Демек, эл аралык мыйзамдын болушу жакшы эмес, балким, иш жүзүндө мүмкүн да эмес. Болгону мамлекеттер ортосунда болуп жаткан келишимдер, ушул келишимдер туурасында о.э элдер ортосундагы тынчтык жана согуш мамилелери жөнүндө өз ара келишилген үрптөр бар. Ошондуктан, эгер эл аралык коомчулук түзүлгүдөй болсо, бул жамаат үчүн бар болгону көзөмөлдөө мыйзамы болот жана ал жамааттын иши эл аралык үрптөргө баш ийиш же ийбешин көзөмөлдөйт. Эл аралык келишимдерди түзүү, аларды аткаруу, шериктештик-союздардан чыгуу жана башка ушул сыяктуулар жөнүндөгү үрптөр ушуларга кирет.

Бул эл аралык үрптү мамлекеттерге күч менен колдонуу жөнүндө ойлоо жакшы эмес, балким, маънавий күчтүн таасири жана коомчулуктун пикири аркылуу аткарылат. Эл аралык коомчулукка мүчө мамлекеттер белгилүү бир анык ишеним пайда кылгандан кийин, эл аралык мыйзам деп этибар кылууга токтом кыла турган болушса, ошондо бул мамлекеттерде «бул үрп баш ийилиши зарыл болгон үрп» деген ишеним пайда болот. Натыйжада, үрптү күч менен колдонуунун кажети калбайт. Мындан тышкары, коомчулук пикиринин үрптү бузган мамлекетке каршы болушу мамлекеттерди үрпкө баш ийүүгө өз-өзүнөн мажбур кылат жана анын таасири тышкы моддий мажбурлоодон күчтүүрөөк болот. Жалпы үрптү бузуунун акыбетинде коомчулук пикиринин наааразылыгына учурашынан коркуу моддий коркуудан таасирдүүрөөк болот. Ошондуктан, эл аралык коомчулук токтомдорунун ишке ашырылышы коомчулук пикири жана маънавий фактор менен ишке ашырылат жана мына ушул аларды ишке ашыруунун тарыйкаты болот.

# САЯСИЙ ТАФАККУР

Саясий тафаккур (саясий пикирлөө, ой жүгүртүү) ташриъий тафаккурга (мыйзамчылыктагы пикирлөөгө) окшош болсо да, андан бүтүндөй айырмаланат. Бул айырма ташриъий тафаккурдун адамдар арасындагы проблемаларга, саясий тафаккурдун болсо, кишилер ортосундагы мамилелерди башкарууга тиешелүү экендигинде көрүнөт. О.э. ал адабий тафаккурдан да бүтүндөй башкача. Себеби, адабий тафаккур сөзгө жана образдан лаззаттанууга этибар каратат. Пикирий тафаккурга карата болсо, кеңирирээк жандашуу керек. Саясий тафаккур саясий илим жана саясий талкуу мазмундарында болсо, саясий тафаккур менен пикирий тафаккурдун дээрлик окшош абалына туш келебиз. Пикирий тафаккурда собык (мурунку) маалымат талкуу чөйрөсүндөгү пикирдин түрүнөн же ага тиешелүү болушу мүмкүн, бирок, мына ушул пикирдин даражасында болушу шарт. Саясий тафаккурда да пикир даражасындагы собык маалыматтын болушу шарт, бирок, ал тема жагынан талкуу чөйрөсүндө болушу керек, темага тиешелүү болушунун же

аны айкындаштыруу үчүн жарактуу болушунун өзү эле жетиштүү эмес. Ошондуктан, саясий мазмундарды пикирлөө пикирий мазмундарды пикирлөөнүн бир түрү болуп эсептелет.

Саясий тафаккурдун объектиси кабар жана окуя о.э. окуяларды даана түшүнүп жетүү менен байланыштуу болгон абалда ал тафаккурдун башка бардык түрлөрүнөн айырмаланат жана тафаккур жараянынын адаттагы эрежелеринин бирине да түшпөйт. Ошондуктан, ал тафаккурдун түрлөрүнүн эң улуусу жана эң татаалы болуп саналат т.а. тафаккур жараяны нерсе жана окуяларга негизделип туруп, тафаккурдун түрлөрүнүн ар кандай көрүнүшүн кесип кыла алгандыгы менен улуу. Туура, ар кандай пикир жана окуялардын негизи болгон акыйда тафаккурдун эң улуу даражасы болуп эсептелет. Бирок, ушул негиздин т.а. акыйданын өзү да саясий пикир жана саясий фикрат экендиги чындык. Себеби, ал саясий пикир жана саясий фикрат болбогондо, анда туура негиз боло албас эле, балким, негиз болууга ылайык даража да таппас эле. Ошондуктан, биз саясий тафаккур тафаккурдун эң улуу түрү деп айтканыбызда, пикирий негизди т.а. пикирий негиз болууга жарактуу болгон пикирди да назарда тутабыз. Саясий тафаккур тафаккурдун түрлөрүнүн эң татаалы дегенибиздин себеби, ал тафаккур жараянына тиешелүү болгон белгилүү бир эрежелерге негизделип калыптанбайт жана алар менен өлчөнбөйт да. Ошондуктан, киши алгач билбестен көп каталарды кетирет жана адаштырууларга түшүп калат. Киши күндөлүк окуяларды күзөтүп, ар дайым сергек турбаса, саясий тажрыйбага ээ болбосо, саясий тафаккурга ээ болушу кыйын. Ошондуктан, окуяларды саясий түшүнүп жетүү тафаккурдун бардык түрлөрүнөн айырмаланат жана алардан жогору турат.

Саясий илим жана саясий талкуунун мазмундары да саясий тафаккурдун объектиси болуп эсептелет. Бирок, чыныгы саясий тафаккур – бул кабарлардын жана окуялардын мазмунун түшүнүп жетүү. Ошондуктан, кабарлар ыкмасы чыныгы саясий мазмун деп этибар кылынат. Эгер киши саясий пикирлемекчи болсо, кабарлардын мазмунун, айрыкча, кабарлар ыкмасын жана бул ыкманы кандай түшүнүү керектигин пикирлеши зарыл.

Себеби, дал ушул нерсе саясий пикир деп этибар кылынат жана саясий илим о.э. саясий талкуулар саясий тафаккурга кирбейт. Анткени, саясий илим жана талкууларды пикирлөө жараяны пикирий мазмундарды пикирлөө жараяны менен бир кыл болуп, ал да маалымат берет о.э терең же жаркын пикирге алып келет, бирок, пикирлөөчүнү саясий кишиге айландырбайт. Балким, саясатты о.э. саясий талкууларды билүүчү кылат. Мындай киши саясат окутуучусу боло алат, бирок, саясий киши боло албайт. Себеби, саясий киши – окуя жана кабарларды о.э алардын мазмундарын түшүнүп, белгилүү бир чара көрө ала турган даражада тыянакка келе турган киши. Ал, ал тургай, саясий илим жана талкууларды билбеши да мүмкүн. Туура, саясий илим жана талкуулар окуяларды түшүнүүгө жардам берет. Бирок, бул жардам окуяларды байлоо учурунда зарыл маалымат катары гана маанилүү. Мындан башка эч кандай жардам бере албайт. Ошондуктан, алар саясий тафаккур жараянында шарт эмес.

Бирок, өкүнүчтүүсү, динди мамлекеттен ажыратуу фикраты жүзөгө келип, бул фикрат ээлерине орточо чечим өкүмдар болгондон бери, Батыш т.а. Европа менен Америка өзүнүн турмуш жөнүндөгү фикраты негизиндеги жана орточо чечим негизиндеги о.э. орто чечимди жүзөгө келтире турган үстүрт негиздеги саясий илим жана талкуу китептерин чыгарууга жетекчилик кылды. Коммунисттик фикрат

келип, аны Россиянын коммунисттик мамлекети кабыл алганда, орто чечим негизиндеги эмес, балким, туруктуу фикрат негизиндеги саясий илим жана талкуулар майданга чыгышы күтүлгөн эле.

Бирок, Россия да батышка ээрчиди. Ошондуктан, саясий илим жана талкуулар форма жагынан өзгөргөнү менен, мазмун жагынан бирдей усулда улантылды. Демек, муну менен, азырга чейин чыккан саясий илим жана талкуулардын тууралыгына акыл канааттанбайт деп айта алабыз. Алардын негизи орточо чечим болушунан сырткары, психология илими сыяктуу, божомол жана жоромолго курулган. Ошондуктан, киши ушул саясий илим жана талкуулардын мазмуну боюнча пикирлөө учурунда сергек турушу, каталардан этият болушу зарыл. Себеби, алар вокыйлыкка тескери пикирлерди о.э. таптакыр ката пикирлерди да өз ичине алат. Бул саясий илим жана талкууларда, ташриъий пикирлер бар экендиги себептүү батыш мыйзамчылыгына мамиле кылынгандай мамиледе болуп, окуп үйрөнбөөнү абзел билебиз. Бирок, алар пикирий талкуулардын түрүнөн болуп, аларда саясий талкуулар да бар экендигине көңүл буруп, ушул жааттан аларды сактык жана этияттык менен окуп үйрөнүүгө болот.

Батыштыктардагы саясий талкуулар өз ичине алган пикирлерге мисал кылып батыштагы башкаруу маселесин алалы. Батыш дүйнөсүндө башкаруу жамаъий (жамааттык) болуп, ал министрлер кеңешинде көрүнөт. Чыгыш да дал ушул башкаруу ыкмасын алып, ага башкача көрүнүш берди жана аны жамаъий башкаруу деп атады. Бул нерсе, негизинен, вокыйлыкка (турмуш чындыгына) тескери жана келишүүчүлүк чечими негизине курулган. Себеби, Европадагы зордукчул падышалар жеке адамдар эле. Эл падышалардын зордук-зомбулугуна каршы козголоң көтөрдү жана зордук-зомбулуктун себебин башкаруунун бир адамдын колунда топтолуп калгандыгында деп билишти. Башкаруу жеке адамга эмес, элге берилиш керек деп, башкаруу тизгинин министрлер кеңешине берди. Бул келишүүчүлүк чечими. Себеби, министрлер кеңеши – бул эл эмес жана ал эл тарабынан шайланган да эмес. Мындан тышкары, министрлер арасындагы жетекчилик премьер-министрдин колунда. Мындай башкаруу элдики да эмес, жеке адамдыкы да эмес, балким, премьер-министр менен министрлер кеңешиники экендиги көрүнөт. Бул түзүм – башкаруу жеке адамдыкы болушу менен элдики болушунун ортосундагы келишүүчүлүк чечими. Бул башкаруу маселесинин чечими эмес, балким, ал эки тараптын ортосундагы келишүү болуп эсептелет. Мындан сырткары, башкаруу бардык түрдөгү демократиялык түзүмдөрдө дагы деле жеке адамдардын колунда топтолгон боюнча калууда, вокыйлыкта башкаруу республика президентинин же премьер-министрдин колунда. Негизинен, башкаруу жекелик түрдө болот, жамаъий болушу эч качан мүмкүн эмес, мейли, ал жамаъий саналса да, же жамаъий аталса да. Себеби, башкаруунун табияты жетекчиликтин жеке адамдар колунда болушун талап кылат. Жетекчилик жекелик түрдө гана болот.

Батышта бийлик элге берилген. Элдин өзү мыйзам чыгарат жана өзүн-өзү башкарат. Эл өз эркине, токтом жана мыйзам чыгарууга жана башкаруу укугуна ээ. Батышта «бийлик элдики, эл мыйзам чыгарат, эл башкарат» деген багыттардын негизинде мыйзам чыгаруу укугу эл тарабынан шайланган кишилерге берилген. Бирок, кеңеш мыйзам чыгарбайт, мыйзамды аким чыгарат. Акимдик болсо, министрлер кеңешинин же республика президентинин колунда. Министрлер кеңеши же президент эл тарабынан, же депутаттардын ыраазылыгы менен шайланган болсо да, бул бийликти эл башкарат дегени эмес. Эл болгону акимди

гана тандайт. Ошентип, бул орточо-келишүүчүлүк чечими. Мындан тышкары, бийлик мыйзамдыкы деп жар салып жатышат жана туура башкаруу бийликти мыйзамга берген башкаруу деп этибар кылып жатышат. Бул түзүм келишүүчүлүк чечими жана ал кишини алдоо гана. Негизи, башкаруунун түп маңызы буга тескери.

Туура башкаруунун түпкү мааниси мындай, анда акимди эл тандайт жана бийлик мыйзамдыкы болот. Бийлик эч качан элдики эмес жана башкаруу да эч качан элдики эмес. Батыштыктарда башкаруу өзүнчө, диний жана кайрымдуулук иштери өзүнчө. Чиркөө бийлиги мамлекет бийлигинен ажыратылган. Кембагалдарга ырайым көрсөтүү, майыптарга жардам берүү сыяктуу кайрымдуулук иштерине мамлекет аралашпайт. Динди мамлекеттен ажыратуу фикраты келишүүчүлүк чечими болуп, ал турмуш чындыгына тескери. Себеби, зордукчул залим падышалар майып, кембагал, кесел ж.б.у.с. адамдарга кайрымдуулук, жардам көрсөтүү иштерин кылышчу эмес. Ошондуктан, адамдар козголоң көтөрдү, натыйжада, чиркөөнү мамлекеттен ажыратуу жана кайрымдуулук иштерин да мамлеккеттен ажыратуу сыяктуу келишүүчүлүк чечими жүзөгө келип, чиркөө үчүн мамлекет бийлигинен башка өзүнчө бийлик берилди. Натыйжада, кайрымдуулук коомдору, Кызыл крест коому ж.б.у.с. пайда болду.

Бирок, башкаруу-өкүм адамдын бардык иштерин башкаруу болуп, дин жана кайрымдуулук иштери да адам иштеринен болгондуктан, мамлекет чиркөөнү о.э. кайрымдуулук коомдорун жана Кызыл чырым коомдорун жашыруун түрдө көзөмөлдөйт эле. Демек, башкаруу менен башка иштер сыртынан ажыратылганы менен, бул назария вокыйлыкка тескери эле.

Биз жогорудагы пикирлерди батыш дүйнөсүндөгү саясий такуулар өз ичине алган саясий пикирлердин каталыгына мисал катары келтирдик. Алар түзүмдөргө тиешелүү саясий пикирлердеги каталыктар эле, окуяларга тийиштүү саясий талкууларда да дал ушундай каталар бар. Бул пикирлерде чалгытуу мүмкүн болбогон айрым акыйкаттар болсо да, бирок, акыйкатка тескери пикирлер жана чалгытуулар абдан көп. Мисалы, англия саясаты үч негизге курулган: Англиянын Америка менен болгон мамилеси, Англиянын Европа менен болгон мамилеси жана Англиянын мурун колония болуп, кийин эгемендүүлүк алган мамлекеттер менен болгон мамилеси т.а. Британия кызматташтыгы деп аталган түшүнүктөр. Бул турмушта бар акыйкат. Себеби, бул чалгытуу мүмкүн болбогон вокыйлыктын баяны. Бирок, алардын «Англия саясаты – бул шериктештиктер, дос же душмандарга мамилеси, эл жана улуттарга карата көз карашы» деп түшүндүрүүлөрү чалгытуу жана адаштыруу о.э. вокыйлыкка тескери жана окуяларды боёп көрсөтүү болуп эсептелет. Алардын аскерийби же башкабы, ар кандай мамлекеттин узак же жакын тарыхы, же болуп жаткан окуялары жөнүндөгү түшүндүрүүлөрү да кудум ушундай. Алар адаштыруу жана акыйкаттарды боёп көрсөтүүгө абдан чебер, ал тургай, айрым сак кишилер да муну байкабай калат. Ошондуктан, саясий илим жана талкууларды пикирлөө жалаң сактык жана этияттык менен болушу керек.

Болуп жаткан окуяларды саясий тафаккур кылуу саясат сөзү түшүндүрүлгөндөй саясий пикирлөө болушу керек болгон тафаккур жана мына ушундай тафаккур пикирлөөчүнү саясий киши кылып жетиштирет. Мындай тафаккур беш негизги иштин тең табылышына муктаж болот.

Биринчиден: дүйнөдөгү бардык болуп жаткан окуяларды т.а. кабарларды күзөтүү. Кабарлардын канчалык маанилүүлүгү, окуялардагы кокустук жана максат, алар жөнүндө кабар берүүдөн көздөлгөн максат, кабардын кыскача жана кеңирилиги – ушул жактардан алганда кабарлар ар түрдүүчө болгондуктан, бардык кабарларды эмес, балким, эң зарылдары күзөтүлөт.

Экинчиден: окуялардын маани-маңызы т.а. кабарлардын мазмуну жөнүндө башталгыч жана кыскача болсо да маалыматка ээ болуу; кабардын мазмунунун ачууга жетишерлик боло турган географиялык, тарыхый, пикирий, саясий маалыматка ээ болуу.

Үчүнчүдөн: окуяларды шарттарынан ажыратпоо жана жалпылаштырбоо. Ажыратуу жана жалпылаштыруу кабарларды туура түшүнүүнүн апааты. Окуялар өз шарттарынан ажыратылбаган абалда түшүнүлүшү керек жана ушул сыяктуу окуяларга жалпы салыштыруу менен салыштырылбашы керек, балким, өзүнчө окуя катары анын өзүнө өкүм чыгарылышы керек.

Төртүнчүдөн: толук текшерүү аркылуу кабарды айырмалоо. Кабардын булагы, окуя болгон жер, убакыт жана шарт, окуянын болушунан же ал жөнүндө кабар берилишинен көздөлгөн максат, кабардын кыскача же кеңирилиги, туура же туура эместиги ушул сыяктуулар үйрөнүлөт. Себеби, ушундай текшерүү айырмалоого алып келет. Текшерүү канчалык кең жана терең болсо, кабарды айырмалоо да ушунчалык кең жана терең болот. Окуяларды айырмалабай туруп алууга болбойт, болбосо, катага же алдоо тузагына түшүп калуу мүмкүн. Ошондуктан, айырмалоо кабарды алууда эле эмес, балким, угуунун өзүндө да манилүү.

Бешинчиден: кабарды маалыматтарга байлоо. Айрыкча, башка кабарлар менен байлоо. Мына ушул байлоо кабардын үстүнөн туурараак өкүм чыгарууга алып келет. Кабар эл аралык саясатка байланыштуу болуп, же жергиликтүү саясатка байланыштуу болуп, эл аралык саясатка байланса, же саясий иштерден болгон экономикалык кабар болуп, экономикага байланса, же Германияга тиешелүү кабар болуп, Германия саясатына байланса-да, негизи Америкага тиешелүү болсо, кабар байланышы керек болгон жерге байланбаса, адаштыруу жана алдоо болбосо да, албетте, ката кетет. Ошондуктан, кабарды өзү байланыштуу болгон жерге байланыштыруу жана туура байланыштыруу т.а. билип коюу үчүн эмес, балким, түшүнүү, идирек кылуу үчүн, демек, иш кылуу үчүн байланыштыруу өтө маанилүү.

Саясий мазмундарды пикирлөөдө т.а. саясий тафаккурда бул беш иштин баары аткарылышы керек. Бул иштер абдан оор жана аларды аткаруу кыйын деп айтылбайт. Себеби, булар кыйын иштер эмес. Анткени, алардан көздөлгөн максат кабардар болуу, кеңири билүү эмес. Бул нерсе дароо эле боло койбойт, аста-секин убакыттын өтүшү менен, күзөтүү аркылуу пайда болот, үйрөнүү, илимий талкуу кылуу аркылуу эмес. Туура, үйрөнүү, илимий талкуу кылуу жардам берет, бирок, саясий тафаккурда о.э. саясий киши үчүн алар зарыл эмес, балким, алар экинчи даражалуу иштер.

Бул жаатта эң маанилүүсү - күзөтүү. Күзөтүү болсо калган төрт иш табигый түстө ишке ашат. Демек, саясий пикирлөөдөгү негиз – күзөтүү. Качан күзөтүү болсо, табигый түрдө саясий тафаккур да пайда болот.

Саясий тафаккур оор жана кыйын болсо да, ал ар бир адамдын мүмкүнчүлүгүндөгү иш, пикири жана илиминин даражасы кандай экендигине карабастан, жөнөкөй жөндөмдүү же ашкере жөндөмдүү ар кандай киши саясий пикирлөө жана саясий киши болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Себеби, саясий тафаккур

белгилүү бир даражадагы акыл жана билимди талап кылбайт, ал болгону кабарларды күзөтүүнү гана талап кылат. Бул күзөтүү ишке ашса, саясий тафаккур пайда болот. Болгону күзөтүү үзгүлтүксүз улантылышы, үзүлүп калбашы керек. Себеби, окуялар чынжыр сыяктуу. Эгер андан бир тогоо жоголсо, чынжыр үзүлөт жана кабарларды байлоо жана түшүнүү мүмкүн болбой калат. Ошондуктан, тогоолордун бир чынжырга айланышы саясий тафаккурда зарыл иш т.а. изчил, үзгүлтүксүз күзөтүү саясий тафаккурдун негизги шарты.

Саясий тафаккур адамдарда болгондой эле, коомдордо да т.а. эл жана үммөттөрдө да болушу мүмкүн. Ал адабий тафаккур жана ташриъий тафаккур сыяктуу адамдарда гана болуп, жамааттарда табылбай турган нерсе эмес, балким, ал шахсий (жекече) да, жамаъий (жамааттык түрдө) да пикирлөө болуп саналат. Ал саясий жетекчи жана акимдер сыяктуу адамдарда болгондой эле, эл жана үммөттөрдө да бар. Анын адамдарда болушу аздык кылат. Балким, эл жана үммөттөрдө болушу зарыл шарт. Мунсуз башкаруу жүзөгө келбейт, ойгонуу пайда болбойт о.э. эл жана үммөттөр рисалат көтөрүп чыгууга жарактуу болбойт. Демек, эл жана үммөттө саясий тафаккур болушу шарт. Себеби, башкаруу эл жана үммөт үчүн, ал эл жана үммөттө жашырынып жатат. Эл жана үммөт бербесе, эч кандай күч андан башкарууну зордук менен тартып ала албайт. Эгер тартып алса, ал убактылуу гана болот. Себеби, үммөт же башкарууну берип, башкаруу улантылат, же болбосо, башкарууну кайтарып алууга катуу аракет кылып, бул башкарууну кулатат. Ырас башкаруу эл жана үммөт үчүн болгон соң, эл жана үммөттө саясий тафаккур болушу зарыл. Саясий тафаккур акимдерге караганда үммөт үчүн зарылыраак, башкаруу орнотууга караганда башкаруу туура болушу үчүн зарылыраак. Ошондуктан, үммөткө саясий сакофат берүү жана анда саясий тафаккурду калыптандыруу т.а. ага саясий маалыматтарды жана саясий кабарларды жеткирүү жана саясий кабарларды угууга мүмкүнчүлүк жаратуу керек. Бирок, адаштыруу тузагына түшүп калбоо үчүн таза саясий сакофат жана туура кабарларды берүү керек. Демек, саясат жана саясий тафаккур эл жана үммөткө жашоо тартуулай турган күч т.а. үммөт саясат менен тирүү болот, саясатсыз эч кандай кыймылга жана өсүүгө ээ болбогон өлүк денеге айланат.

Саясатты түшүнүүдөгү каталык жана саясатты ката түшүнүүдөн пайда боло турган адашуу саясий мазмундарды башка адабий, пикирий мазмундарды пикирлөө сыяктуу пикир жүргүзүүдөн келип чыгат. Мисалы, сөз жана маанинин үстүнөн пикир жүргүзүлүп, алар кандай болсо ошондой бойдон түшүнүлөт. Же сөз жана маани өз ичине алган маанилер жөнүндө пикир жүргүзүлүп, ушул маанилердин өзү гана түшүнүлөт. Же ушул сөз жана маанинин мазмуну туурасында пикир жүргүзүп, мазмун түшүнүлөт. Акыбетте, каталык кетет же адашуу болот. Себеби, саясий мазмундун үстүндө пикир жүргүзүү башка ар кандай мазмунду пикирлөөдөн бүтүндөй айырмаланат. Мындан тышкары, саясий тафаккурду түшүнүүдөгү ката жана коркунуч саясий мазмундар менен башка мазмундарды айырмалай албоодон келип чыгат. Саясий мазмундардын негизги мааниси кээде мазмундарда болсо, кээде сөз жана маанинин түзүлүшүндө болот. Келишим же билдирүүлөрдөгү сыяктуу. Кээде сөздөрдө да, маанилерде да эмес, балким, мазмунда болот. Кээде сөз, маани жана мазмундан тышкарыда болот. Кээде мазмунга бүтүндөй тескери болот же мазмундан башкача болот. Саясий мазмундун мааниси түшүнүлбөсө, эч качан мазмун туура түшүнүлбөйт. Натыйжада, саясий мазмунду түшүнүүдө ката же адашуу пайда болот.

Саясий тафаккурга келе турган эң чоң коркунуч – аны өз чөйрөсүнөн ажыратуу, жалпылаштыруу жана жалпы түрдө салыштыруу. Саясий мазмун эч качан өз шарттарынан өзүнчө бөлүп алынбайт, шарттар анын бир бөлүгү. Жалпылаштыруу, жалпы салыштыруу, ал тургай, жөнөкөй бир салыштыруу да эч качан мүмкүн эмес. Шарттар мазундун бир бөлүгү болушунан тышкары, ал белгилүү бир окуядагы мазмун. Ошондуктан, ушул окуянын өзү алынат, башкасы эмес. Башкасы менен жалпылаштырылбайт жана жалпы салыштырылбайт, эч качан эч кандай салыштырылбайт. Балким, мына ушул окуянын өзү алынышы керек. Ажыратуу, жалпылаштыруу жана жалпы салыштыруу саясий тафаккурда каталык жана адашуу коркунучун туудурат. Т.а. белгилүү бир окуя жөнүндө билдирүү берилет жана андан белгилүү бир маани түшүнүлөт. Кийин дал ушул билдирүү же башка билдирүү берилип, мурунку түшүнүккө тескери же андан башкача маани түшүнүлөт. Кээде чыныгы иш жөнүндө билдирүү берилет т.а. туура билдирүү берилет, анын адаштыруу максатында жалган билдирүү экендиги түшүнүлөт. Кээде жалган билдирүү берилет жана ал туура билдирүү, мындан көздөлгөн максат ушул билдирүүнүн маанисинде жашырынган, андагы жалганды жашыруу үчүн берилген деп түшүнүлөт. Кээде билдирүүгө ылайык иш аткарылат. Кээде билдирүүгө тескери иш кылынат. Кыскасы, билдирүүгө айкындык киргизип, андан көздөлгөн максатты ачып бере турган иш – шарт жана абалдар, саясий мазмундар эмес. Ошондуктан, шарттар мазмун деп, же окуялардын ажыралгыс бөлүгү деп кабыл алынат. Ар кандай окуя жалгыз өзү алынат, жалпылаштырылбайт же башкасына салыштырылбайт, себеби, болгону ушул шарт аткарылганда гана саясий тафаккур акыйкатка жакыныраак барат.

Исламий үммөт саясий тафаккуру даражасынын төмөндүгүнөн көп мусибаттар тартты. XIX кылымда Европа Осмоний мамлекетке каршы согуш алып барган убакта, аскерий иштерге карганда көбүрөөк саясий иштер ыкмасы менен күрөшкөн. Аскердик аракеттер алып барылганы менен, бирок, алар саясий иштерге көмөкчү жол гана болгон. Мисалы, Балкан проблемасы батыштагы мамлекеттердин билдирүүлөрү менен жүзөгө келтирилген маселе. Алар Балкан осмонийлерден т.а. мусулмандардан азат кылынышы керек деп жарыя кылышты. Мындан алар Осмоний мамлекет менен согушууну эмес, балким, Балканда ар түрдүү козголоң жана тартипсиздиктерди келтирип чыгарууну максат кылышкан. Азаттык, улутчулдук пикирлерин киргизишти. Балкандыктар бул пикирлерди алып, козголоң көтөрө башташты. Осмоний мамлекет башка мамлекеттер салып койгон кырдаалга баш ийген абалда бул козголоңдорго каршы аскерий операцияларды өткөрдү жана муну менен башка мамлекеттерди ыраазы кылууга аракет кылды. Негизи, дал ушул мамлекеттердин өздөрү козголоңдорду колдоп-кубатташар эле жана осмонийлерди козголоңго каршы тукуруп, аларга каршы күрөш менен алаксытар эле. Максат козголоңдорду бастыруу эмес, осмонийлерди алдан тайдыруу эле. Акыры Осмоний мамлекеттин саясий тафаккурдагы катасы жана адашуусунун натыйжасында Балкан колдон кетти, кийин улутчулдук пикирлери мамлекеттин ичине көчүп өттү. Акыбетте, Осмоний мамлекет бүтүндөй жок кылынды.

Туура эмес саясий тафаккур элдерди жана улуттарды майып кылат, мамлекеттерди түшкүндүккө алып барат жана жок кылат, элдердин колонизаторлуктун чеңгелинен азат болушуна о.э. артта калган калктардын ойгонушуна тоскоолдук болот. Ошондуктан, саясий мазмундар туурасында пикир

жүргүзүү өтө маанилүү иш, ал же коркунучтуу же улуу натыйжаларга алып барат. Бул иште катага жол коюунун же адашуунун натыйжасында үлкөн коркунучтар жүзөгө келиши мүмкүн. Ошондуктан, ар кандай тафаккурга караганда саясий тафаккурга катуу көңүл буруу керек, анткени, ал элдер үчүн турмуш зарылдыгы сыяктуу маанилүү.

Бирок, саясий тафаккур эң оор жана эң улуу тафаккур болсо да, ал жеке адамдарда гана болуп калбашы керек. Адамдар канчалык көп болбосун, алардын саясий тафаккуру канчалык туура жана бийик даражада болбосун, бул нерсе эч кандай мааниге ээ эмес. Себеби, эл жана улуттар саясий тафаккурда адашкан убакта, адамдардын туура жана бийик даражадагы саясий тафаккуру, ал тургай, алардын саны көп болсо да, эч кандай мааниге ээ болбой калат. Саясий тафаккурдагы адашуу т.а. саясий сокурлук эл жана улуттарда тамыр жайса, анын агымы бардык нерсени жууп кетет. Эл жана улут оңойлук менен алданат. Эл жана аны менен бирге ашкере жөндөмдүү адамдар да душмандар оозундагы даяр сугумга айланат. Эл жана улут саясий тафаккурда алсыз болсо, бул сокурлуктун алдында канчалык көп болушпасын, генийлердин жөндөмү эч кандай пайда бербейт. Буга Мустафа Кемелдин XX миладий кылымдын баштарында Исламий Мамлекетти ойрон кылып, Халифалыкты кулатууда ийгиликке жетиши о.э. ушул кылымдын элүүнчү жана алтымышынчы жылдарында Жамал Абду-н-Насирдин экинчи дүйнөлүк согуштан кийин азаттыкка даяр турган арабтардын азаттыгы жолуна тоскоолдук кылышындагы жеңиши тирүү мисал. Ошондуктан, эл жана улуттардагы саясий тафаккурга катуу этибар каратуу зарыл. Туура, саясий тафаккур жеке адамдарда калыптанса, душмандар алдында каршы тура ала турган, алардын адаштырууларын ачып таштай турган саясий тафаккурду ушул адамдар аркылуу жүзөгө келтирүүгө болот. Бирок, ал үчүн бул адамдардын пикирлеринин эл жана улутка көчүп өтүшү, жеке адамдарда болгону сыяктуу, улутта да болушу керек. О.э. саясий пикирлөөчү адамдар улуттун бир бөлүгүнө айланып, бүткүл улут-үммөт пикирлөөчү болушу керек. Эгер жекече пикирлер жамааттын пикирлерине айланбаса о.э. адамдардын тафаккуру менен биригип кетпесе, мындай тафакурдун жана мындай адамдардын эч кандай мааниси жок. Адамдар канчалык көп жана жөндөмү бийик болбосун, алардын саясий тафаккуру душмандардын каршысында алсыз болот, алардын адаштырууларына каршы тура албайт. Душмандарга каршы тура ала турган күч – эл жана үммөттүн тафаккуру т.а. эл жана үммөттө жашаган саясий тафаккур.

Ооба, ашкере жөндөмдүү адамдар да кадимки эле адамдардан болуп, алардын адамдыкта башка катардагы адамдардан айырмасы жок. Башкалар да аларга катардагы жөнөкөй адамдар катары карашат, себеби, алардын ашкере жөндөмү көрүнбөйт, сезилбейт. Ошондуктан, жөндөмдөрү аракетке келип, жаңылык киргизип жатканда, алгач алардан эч кандай

айырмачылык билинбейт жана алардын жаңылыктарында эч кандай ашкере жөндөмдүүлүк ылганбайт. Эгер алар интеллигент болушса, мындай интеллигенттер толуп жатат, эгер алар даана болушса, алар сыяктуу дааналар ашып-ташып жатат. Алардын пикирлерине көңүл бурдуруу турмушта ушул сыяктуу жаңылыктарга умтулуп жаткан, же ушул коомдун турмушунда позицияга ээ болууга жол издеп жаткан кишилер тарабынан болот. Эгер абал ушундайча улантылып, пикирлер оммага (массага) көчпөсө, бул пикирлерди түшүнүп жеткен ар кандай адам кабыл ала турган кемтиксиз пикир болгон күндө да, ал шахсий (жекече) пикир даражасында кала берет. Пикирлөөчү адамдардын көп же аздыгы мында мааниге ээ эмес. Демек, бул саясий тафаккур пайда бериши үчүн о.э. душмандарга каршы тура алышы үчүн жалпы элдик аң-сезимге көчүшү керек жана шахсийлик кабыгынан чыгышы шарт. Жамааттык пикирге айланып, эл жана үммөткө өткөндө гана күч табылат жана ойгонуу дарагы үчүн урук жаралат.

Пайда бере турган саясий тафаккур мына ушул. Ал шахсий тафаккур эмес, балким, ал жамаъий тафаккур т.а. эл жана үммөттүн тафаккуру. Ошондуктан, үммөттү саясий тарбиялоо жана саясий пикирлөөгө үйрөтүү жана машыктыруу зарыл, себеби, бул аркылуу саясий тафаккур жеке адамдардын эле эмес, балким, бүткүл үммөттүн да тафаккуру болсун.

Мына ушул саясий тафаккур. Ал саясий илим жана талкуулардан о.э. саясий окуялардан жана саясий окуяларды пикирлөөдөн турат. Биринчи абал маанисиз. Ал пикирлерди билүүдөн нары өтпөйт. Саясий пикирлөө болсо, өтө күчтүү таасирге ээ. Ошондуктан, саясий илим жана саясий талкууларда саясий пикирлөө жайыз болуп, ал саясатта аалым адамдар үчүн пайдалуу, окуяларды пикирлөө болсо, үммөт үчүн парзы кифая, аны үммөттө жүзөгө келтирүү ушундай пикирлерге ээ кишилерге өзгөчө важып.

## САЯСИЙ АҢ-СЕЗИМ

Исламий Мамлекет мабдаъий мамлекет болуп, анын негизги милдети исламий даъватты дүйнөгө жаюу. Арийне, эл аралык позицияга ээ болуу жана эл аралык мамилелерде таасир өткөрүү анын бир бөлүгү. Ошондуктан, саясий кишилердеги саясий түшүнүктөр жергиликтүү же аймактык (региондук) саясатка тийиштүү эмес, балким, эл аралык саясатка тийиштүү түшүнүктөр болушу керек. Т.а. исламий саясий кишилер катары эл аралык жактан да саясий түшүнүктөргө ээ болуулары керек. Ушуга караганда, алар мамлекет исламий мамлекет болгондугу жаатынан жеткиликтүү саясий аң-сезимге ээ болуулары керек. Алардын мусулманчылыгы алардан – мамлекетинин исламий мамлекет болгондугу жана бул мамлекеттин негизги милдети исламий даъватты дүйнөгө жаюу экендиги – аларда саясий аң-сезимдин калыптанышын жана саясий аң-сезимдин жеткиликтүү болушун талап кылат.

Саясий аң-сезим саясий абалдарды, эл аралык кырдаалды жана саясий окуяларды түшүнүү эмес, ал эл аралык саясатты жана саясий иштерди күзөтүү да эмес, мейли, булар жеткиликтүү саясий аң-сезимдин шарттарынан болсо да.

Саясий аң-сезим – бул бүткүл дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп кароо. Бизге карата алганда болсо, исламий акыйда бурчунан – «Ла илаха илаллах, Мухаммадур-Расулуллох» – бурчунан туруп кароо болуп эсептелет. Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: «Мен адамдарга «Ла илаха илаллох, Мухаммадур-Расулуллох» деп айтмайынча согуш кылууга буйрулдум. Эгер ушул калиманы айтышса, малы жана жандары аман болот...». Саясий аң-сезим мына ушул.

Бүткүл дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп карабоо саясий аң-сезим болбойт, ал үстүртөн кароо болот. Жергиликтүү же аймактык деңгээлде кароо да саясий аң-сезим болбойт, ал тар чөйрөдөгү кароо болот. Эки фактор табылганда гана саясий аң-сезим толугу менен болот. Биринчи фактор – бүткүл дүйнөгө кароо, экинчи фактор – белгилүү бир бурчтан туруп кароо. Бурч белгилүү бир мабдаъ жана белгилүү бир фикрат болушу да, же кызыкчылык болушу да мүмкүн.

Саясий аң-сезимдин жалпы мааниси мына ушул, мусулман киши үчүн болсо, ал исламий акыйда бурчунан туруп кароо болот. Ушундай болгон соң, саясий аң-сезим саясий кишиден адамзат аң-сезиминде турмуш тууралуу белгилүү бир түшүнүк пайда кылуу үчүн күрөшкө кирүүнү талап кылат. Белгилүү бир түшүнүк пайда кылуу саясий аң-сезимге ээ болгон кишинин мойнуна жүктөлгөн, анын жолунда машакат чегип, ырахат ала турган эң биринчи катардагы жоопкерчилик болот.

Саясий аң-сезимдүү киши өз багытына жана түшүнүктөрүнө тескери же карама-каршы болгон бардык түшүнүк жана багыттарга каршы күрөшкө кирүүсү, ошол эле убакта, өз багыт жана түшүнүктөрүн сиңдириши зарыл. Ал бир эле убакта бири-бирине бекем байланган эки багытта жүрөт: бузат жана курат, караңгылыкты талкалайт жана нурду тарат о.э. от болуп бузукулукту күйгүзөт, нур болуп хидаят жолун жарык кылат. Багыт жана түшүнүктөрдү сиңдирет, окуяларга пикир билдирет жана окуяларды шарттарынан ажыратуудан жана мантыкый (логикалык) тыянак чыгаруудан алыстайт. Ошол эле учурда, турмуш жөнүндөгү түшүнүктөргө чабуул кылып турган илдеттерге каршы караңгылык кылымдарында пайда болгон калак түшүнүктөргө каршы, душмандар таратып жаткан адаштыруучу түшүнүктөргө каршы жана улуу максаттарды чектеген, жузъий (майда-чүйдө, экинчи даражадагы) максаттарды алга сүргөн көрүнүштөргө каршы күрөшкө аттанат. Ал эки жабхада (фронтто) – ички жана тышкы жабхада – эки багытта: куруу жана бузуу багытында күрөшөт, эки майданда: саясат жана пикир майданында иш алып барат. Кыскасы, ал турмушка, турмуштун улуу жана бийик жабхаларына шуңгуйт.

Ошондуктан, саясий аң-сезимдүү кишилер өз турмушунда жана турмуш маселелеринде ички жергиликтүү жабхада да, дүйнөлүк эл аралык жабхада да проблемаларга туш келиши анык. Ошол кезде, алардын өз рисала жана дүйнөгө караштарындагы белгилүү бир бурчту канчалык негиз жана хакам (өкүм чыгаруучу) кыла алуулары жана максат кылып кармай алуулары көрүнөт. Саясий аң-сезимге ээ киши белгилүү бир бурчту туткандыгы о.э. анда мабдаъий же табигый ыктоолор бар экендиги себептүү, эгер ал өзүн түшүнүп жетпеген болсо, акыйкаттарды өзү каалаган түс менен боёшу, пикирлерди каалоосуна жараша бурмалашы жана кабарларды өзү күтүп жаткан натыйжаларга ылайыкташтырып түшүнүп алышы мүмкүн. Ошондуктан, ал кабарларды түшүнүшү керек жана пикир билдирүүдө ыктоолордун таасиринен этият болушу керек. Анткени, көңүлдүн шахсий, же хизбий, же мабдаъий нерсеге ыктоосу, көбүнчө, кабарды туура эмес чечмелөөгө, же туура эмес пикирди туура деп, туура пикирди туура эмес деп түшүнүүгө себеп болот. Ошондуктан, саясий аң-сезимге ээ киши айтылып жаткан сөздү, же кылынып жаткан ишти анык айырмалай алышы керек.

Окуя жана нерселерди өзү каалагандай эмес, балким, ал кандай болсо ошондой бойдон көрүп түшүнүү керек, аны акыл менен көрүү керек. Пикирлерди болсо, ал кандай болсо ошол бойдон түшүнүү зарыл. Т.а. пикирди көз алдыга келтирип элестете алыш керек, пикир түшүндүрүп жаткан окуяны акыл менен көрүү керек жана аны өзү каалагандай эмес, балким, ал кандай болсо ошондой бойдон, ал далалат кылып жаткан окуяны акыл менен көрүү аркылуу түшүнүү лаазым. Туура маани кээде өтмө, кээде түз мааниде болот. Бирок, мындай абал тил эрежелерине баш ийген абалда пикирди көз алдыга келтирип элестетүүгө жана сүйлөмдөр далалат кылган окуяны акыл менен көрүүгө тоскоолдук кыла албайт.

Саясий аң-сезимдүү киши ишеним жана этикат менен кабыл алган дүйнө карашынын негизинде ак жолдон жүрүшү керек жана акыйкаттарды өз пикиринин негизинде, ал кандай болсо ошол боюнча көрүшү керек. Муну менен, пикирлөө ыкмалары анда толук табылган кезде, андагы аң-сезим толук болот. Бирок, саясий аң сезимдүү кишидеги көрүү, идирек кылуу, сезүү жана түшүнүүнүн жана ушул сыяктуу ар бир нерсенин негизи дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп кароо болуп калышы зарыл.

Бул жерде бир суроо туулат:

Саясий аң-сезимдүү киши дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп караган абалда акыйкаттарды кандай болсо ошондой бойдон көрүшү жана акыйкатты кармануудa калыс болушу мүмкүнбү? Мындай суроо иштерге үстүртөн кароонун натыйжасында пайда болот. Эгер киши талкууга жакыныраак жандашса, мындай суроо туулбайт. Себеби, нерселердин маани-маңызы менен нерселердин үстүнөн өкүм чыгаруунун ортосунда айырма бар. Нерселер маани-маңызы бардык адамдардын назарында

бирдей. Эгер иш көз менен көрүүгө тиешелүү болсо, ар кандай киши алданбаса, же адаштырылбаса, нерсени кандай болсо ошондой бойдон көрөт. Эгер сезүүгө тиешелүү болсо, даам татуу, кармап, жыттап, угуп билүү сыяктуу сезүүлөрү бар ар бир киши нерсени сезет. Адамдардын сезүүлөрү ар түрдүү даражада болсо да, нерселерди кандай болсо ошондой боюунча сезет. Бирок, өкүм чыгарууда болсо, адамдар нерселердин үстүнөн ар түрдүү өкүм чыгарышат. Дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп кароо нерсе жана окуялардын үстүнөн өкүм чыгарууга тиешелүү. Акыйкаттарды кандай болсо ошондой бойдон көрүү, сезүү жана идирекке тиешелүү. Демек, акыйкаттарды кандай болсо ошондой бойдон көрүп, акты кармануу, дүйнөгө, нерсе жана окуяларга белгилүү бир бурчтан туруп кароо зарыл.

Ал эми, бул иштин дүйнөлүк саясатта колдонулушуна келсек, айрым мисалдарды көрүп чыгуу менен саясий окуяларга белгилүү бир бурчтан туруп караштын кандай болушу белгилүү болот. Ал үчүн Расулулла ﷺдын саясаттарынан о.э. орто кылымдардагы жана азыркы кылымдагы саясаттан айрым үлгүлөрдү келтирип өтөбүз.

Расулулла ﷺдын дүйнөгө кароодогу белгилүү бир бурчу Даъватты жаюу эле. Курайш Араб жарым аралындагы улуу мамлекет болгондуктан о.э. Даъват жолуна тоскоолдук кылуудагы башкы куфр болгондуктан, Расулулла ﷺ саясий жана аскерий иштерин Курайшка каратты. Ал жөнүндө маалыматтар алуу үчүн киши жиберчү, соода кербендерин тосчу жана согуштарда аны менен кагылышчу. Калган мамлекеттер менен т.а. уруулар менен болгон мамиледе болсо, нейтралдуу абалда туруу менен чектелер эле.

Расулулла ﷺдын саясий жана аскерий иштери дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп кароо негизинде ишке ашырылар эле. Хайбардын Мединага чабуул кылып, Мухаммадды жок кылуу жана Исламды түгөтүү максатында Курайш менен өз ара союз түзүү үчүн сүйлөшүү алып барып жатканынан кабардар болгонунда, Курайш менен убактылуу тынчтык келишимин түзүп, Хайбарды жок кылууга мүмкүнчүлүк жаратууну белгилүү бир бурч кылып белгиледи. Умрага баруу, Курайштын умрага киргизбөөсүнө ыраазы болуу, анын кежирлигине ийилүү жана сахабаларынын райына каршы чыгуу сыяктуу иштеринде бул белгилүү бир бурчтан келип чыгып, тынчтык саясатын негиз кылып белгиледи, эгер Курайш ушул саясаттын негизинде жүрсө. Расулулла ﷺдын катуу көңүл бурган ушул душманы менен болгон саясий иштерге карашы белгилүү бир бурчтан келип чыккан жана ушул бурчтун талаптарынын негизинде калыптанган.

Бул эки иш Расул ﷺдын иштеринен үлгү. Бири жалпы болуп, башкы душман болгон улуу мамлекетке белгилүү бир бурч негизинде көңүл буруу. Экинчиси, белгилүү бир максатка этибар каратып, ушул максатты белгилүү бир бурч кылып алуу о.э. аскерий жана саясий иштерге ушул

бурчтан туруп кароо. Муну менен иш жана аракеттерде саясий окуяларга белгилүү бир бурчтан туруп кароонун негиз болушу керектиги жана белгилүү бир бурчтан туруп кароолор болбосо иштердин эч кандай мааниге ээ болбошу маалым болот.

Берлин конференциясынан кийин бардык улуу мамлекеттер Исламий Мамлекетти т.а. Осмоний мамлекетти жок кылууну жана анын мүлктөрүн талап-тоноону талкуу кылышып, биринчи ишке т.а аны жоготууга токтом кылышкан болсо да, бирок, ар бир мамлекет бул биринчи ишти эмес, балким, экинчи ишти, анын мүлктөрүн талап-тоноону белгилүү бир бурч кылып алды. Арийне, алардын бардык иштери ушул белгилүү бир бурчтун негизинде калыптанды жана бир кылымдан ашык улантылган өз ара саясий күрөшкө киришишти. Биринчи иш Исламий Мамлекеттин жоголушу менен аягына жеткен болсо да, бирок, ал ушул мамлекеттердин саясий иш жана окуяларга карашынын бурчу болгон жок. Мамлекеттер карай турган белгилүү бир бурч – алардын өз саясатында жана өз саясий иштерине карашында үстөм болду.

Америка Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин «Дүйнө жалпыга тиешелүү мүлк, Америка бул мүлктө чоң үлүшкө ээ, демек, бул мүлктү башкаруу Американын колунда болушу керек» деп, бул сөзүн дүйнөгө кароодогу белгилүү бир бурч кылып белгиледи. Анын иштери ушул бурчтун негизинде калыптанып, дүйнөдө болуп жаткан саясий иштерге ал ушул бурчтан карай баштады. Советтер Союзу менен жакындашуусунда жана союздарды түзүшүндө да, Англия менен Франциядан жүз үйрүүдө да ушул белгилүү бир бурч негиз болгон.

Дүйнөдө болгон жана болуп жаткан саясий окуяларга белгилүү бир бурчтан туруп кароонун жол-жосуну мына ушул. Бул бурчтун кандай болушу мааниге ээ эмес. Ал тышкы саясатта даъватты негиз кылуу сыяктуу т.а. дүйнөгө кароодогу белгилүү бир бурч кылуу сыяктуу жалпы болушу да, же дүйнөдө эркин аракет кылуу максатында саясий жана аскерий иштерди белгилүү бир мамлекеттерге каратуу сыяктуу өзгөчө болушу да, же башка мамлекеттер биздин саясий күрөштөрүбүздөн үлгү алышы үчүн атайын бир саясий күрөштөргө кирүү сыяктуу дагы да өзгөчөрөөк болушу да мүмкүн. Саясий иш жана окуяларга белгилүү бир бурчтан туруп кароо оңой иш, ал үчүн саясат менен иш жүзүндө алектенүү керек. Муну түшүнүү үчүн саясий окуяларды терең текшерүү жетиштүү. Демек, саясатты күзөтүү, саясий түшүнүктөрдү идирек кылуу саясий аң-сезимдин калыптанышына алып келиши керек. Саясий аң-сезим саясий иштерде о.э. саясий окуяларга таасир өткөрүүдө өтө зарыл иш.

Чоң мамлекеттерде саясий аң-сезим табигый бир абалга айланган, эл аралык саясатты билүү саясий кишилердин күндөлүк иштери. Исламий Мамлекеттин перзенти болгон Исламий Үммөттүн перзенттеринде болсо, саясий аң-сезим алар ээлеши керек болгон эң биринчи саясий түшүнүк

болушу керек жана ал саясий иштерди алып баруда негиздин милдетин өтөшү зарыл. О.э. Үммөт саясий аң-сезимдин жалпы үммөттө калыптанышы үчүн, анын коомдогу жөнөкөй иштердин бири болуп калышы үчүн жана саясий кишилердин күндөлүк иштерине айланышы үчүн аракет кылышы керек. Анткени, алардын ыйык жана негизги милдеттери: исламий даъватты дүйнөгө алып чыгуу жана адамдар арасына хидаят нурун таратуу. Ал үчүн, албетте, алардын саясий кишилер болуулары, дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп кароолору жана аларда жеткиликтүү саясий аң-сезимдин калыптанышы шарт.

Алар саясий аң-сезимди калыптандыруу оор иш, ага даана жана интеллигент адамдар гана жетиши мүмкүн деп ойлобошу үчүн, анын эң бир жөнөкөй иш экенин жана ага бардык адамдар жетишсе болорун, ал тургай, сабатсыз карапайым адамдар да жетишсе болорун түшүнүп жетүү зарыл. Анткени, саясий аң-сезим дегени – дүйнөдөгү бардык саясий иштерди, Исламды жана дүйнөгө кароодо белгилүү бир бурч болушу мүмкүн болгон бардык нерселерди толук билүү дегени эмес, балким, дүйнө жөнүндө канча маалыматка ээ болушуна карабастан, дүйнөгө кароо жана белгилүү бир бурчтан туруп кароо саясий аң-сезим болот. Саясий аң-сезимдеги эң этибарлуу жак, бир гана саясий иште болсо да, кароонун дүйнөгө каратылышы жана бул кароонун белгилүү бир бурчтан келип чыгышы. Дүйнөгө белгилүү бир бурчтан туруп кароонун болушунун өзү саясий аң-сезимдин болушуна жетишерлик.

Туура, дүйнө жөнүндөгү, саясий окуялар жөнүндөгү о.э. белгилүү бир бурч жөнүндөгү маалыматтарга карай, саясий аң-сезимдин даражасы төмөн же жогору болушу мүмкүн. Бирок, бардыгы тең саясий аң-сезим болуп, бирдей натыйжага – саясатка үстүртөн кароодон, иштерге маани жана максатсыз кароодогу тайыздыктан чыгууга алып келет.

Демек, саясий аң-сезим саясий кишилерге жана ойчулдарга эле чектелген эмес, аларга чектелиши да туура эмес. Балким, ал жамаъий жана анын жамаъий болушу зарыл. Аны окумуштуу адамдарда жана окуучуларда о.э. сабатсыз карапайым калкта, балким, бүткүл үммөттө калыптандырууга болот. Балким, бүткүл үммөттө, жалпы түстө болсо да, калыптандыруу важып. Анткени, үммөт – чыныгы эр-азамат уулдарды жетиштирип чыгаруучу кор. Бул кор саясий аң-сезимдин кору болуп, эр-азамат уулдарды өстүрүп чыгарат жана акимдерди эсеп-китеп кылып тергөө, эр-азамат уулдарды туура баалай алуу, тышкы коркунучтарга аң-сезимдүүлүк менен каршы туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылат.

Жеке адамдарда о.э. үммөттө саясий аң-сезимди калыптандыруунун жолу – Исламдын пикир жана мыйзамдарын таалим берип үйрөтүүдө да, саясий окуяларды күзөтүүдө да саясий маанидеги саясий тарбиялоо болуп саналат. Т.а. Исламдын пикир жана мыйзамдары куру назария катары эмес, балким, турмушка колдонуу үчүн үйрөтүлөт. Саясий окуяларды –

журналист сыяктуу кабарларды билүү үчүн, же мугалим сыяктуу маалымат топтоо үчүн эмес, балким, алар жөнүндө өз пикирин билдирүү үчүн, башка окуя жана пикирлерге, же болуп жаткан окуяларга байланыштыруу үчүн – белгилүү бир бурчтан туруп кароо менен күзөтөт.

Мабдаъ жана саясат менен мындай саясий тарбиялоо – үммөттө жана жеке адамдарда саясий аң-сезимди калыптандыруунун жолу. Мына ушул жолдун өзү Исламий Үммөттү түпкү жана негизги милдетин өз мойнуна алышына кепил болот.

Демек, саясий тарбия – үммөттө жана адамдарда саясий аң-сезимди калыптандыруунун жолу. Ошондуктан, Исламий үммөттүн ичинде кең көлөмдө саясий тарбия алып баруу зарыл. Анткени, бул иш үммөттө саясий аң-сезимди калыптандырып, аны өз ичинен көптөгөн жөндөмдүү саясий кишилерди чыгаруучу үммөткө айландырат.

# САЯСИЙ КҮРӨШ

Ар кандай коом адамдар ортосундагы мамилелерден түзүлөт. Ушул мамилелер аткарылышы мамлекет тарабынан ишке ашырыла турган белгилүү бир пикир жана мыйзамдар менен тартипке салынат. Эгер бул мамилелер бузулса, же адамдар ортосундагы алака-мамилелерди башкарууну аткара турган мамлекет бузулса, коом бузулган болот жана аны оңдоп-түзөтүүгө муктаждык туулат. Ислам коомду жана мамлекетти түзөтүү үчүн анык жол белгилеп берген. Ал жол – коомду түзөтүүгө карата амри маъруф жана нахий мункар, мамлекетке карата болсо, акимдерди тергөө жана аларды нахий мункар кылуу.

Азыркы учурда саясий күрөш деп аталган иш дал ушул амри маъруф, нахий мункар жана акимдерди тергөө болуп, бул саясий күрөш мусулмандарга парз. Алла Таала айтат:

وَلْتَكُنْ مِنْكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ

*- «Силерден жакшылыкка даъват кыла турган, амри маъруф жана нахий мункар кыла турган жамаат болсун».* [3:104]

Пайгамбар алайхиссалам айтты: «Шейиттердин саййиди – Хамза; о.э. залим имамга каршы туруп, ага амри маъруф жана нахий мункар кылган, кийин залим имам өлтүрүп жиберген киши». Дагы айтты: «Жакында амирлер болот. Силер аларга амри маъруф, нахий мункар кыласыңар, кимде-ким маъруфка буюрса, күнөөдөн таза болот, мункардан нахий кылса, саламат болот, кимде-ким ыраазы болуп эргешсе…». Башка рыбаятта төмөндөгүчө келген: «… кимде-ким жаман көрсө, күнөөдөн таза болот, мункардан нахий кылса, саламат болот. Бирок кимде-ким ыраазы болуп эргешсе…». Бул рыбаят мурунку рыбаятты тастыктап жатат. Бул акимдердин туура эмес иштерине каршы туруу эле. Булардын бардыгы саясий күрөш деп аталган иш. Бул далилдер саясий күрөш алып баруу

үчүн катъий талап болуп, саясий күрөш парз экендигине ачык далалат кылат.

Саясий күрөштү таштоо күнөө, себеби, бул важыпты таштоо болуп эсептелет. Шексиз, Алла баш тартуучуларды азаптайт. Белгилүү болгондой, аны таштаган элде бузукулук жана зулум кеңири таркалат. Турмушта саясий күрөштү жүзөгө келтирүү үчүн аны эң биринчи дилдерде пайда кылуу керек. Анткени, узакка созулган зулумдун жана адамдар арасында кең таркалган бузукулуктун натыйжасында адамдардын табияты бузулат, сезимдери күчсүздөнөт, кийин зулумдун запкысын сезбей турган жана бузукулуктун сасыгын билбей турган болуп калат. Эгер адамдардын дилинде Куранга болгон сүйүү суз тартып, алар Алланын Китебинен, Расулунун Сүннөтүнөн алысташса, аларда күнөөнүн жамандыгын сезүү туйгусу өлүп, алар Алланын буйругун таштоодогу күнөөлөрүн сезбей коюшат. Ошондуктан, дилдерде Алладан коркуу-таква о.э. зулумдун запкысын жана күнөөнүн жамандыгын сезүү кайра жанданса, ошондо гана саясий күрөшкө үндөө өз жемишин берет.

Саясий күрөш сөз менен жана наразылыкты түшүндүрүүчү согуштан башка бардык ыкмалар менен болот. Анткени, бул жерде согуш менен болгон саясий күрөш болушу мүмкүн эмес. Андай күрөш бир гана абалда болушу мүмкүн: Ислам менен өкүм жүргүзүлгөн диярларда куфр менен өкүм жүргүзүлсө, же диярларда куфр көрүнүп, аким ага унчукпаса т.а. ачык куфр көрүнгөн убакта гана болот. Саясий күрөш мындан башка абалдарда куфрга таасир өткөзүп аны өзгөртүү үчүн коомчулуктун пикирин куфрга каршы каратуу үчүн сөз менен о.э. наразылыкты түшүндүрүүчү ар кандай ыкмалар менен алып барылат.

## САЯСИЙ ИШТЕР

Мамлекеттер ортосундагы күрөш тынчтык абалдарында саясий иштер аркылуу гана алып барылат. Бул саясий иштер айрым абалдарда аскердик иштер менен аткарылат. Эң этибарлуу саясий иштер чоң мамлекеттер тарабынан болуп жаткан иштер болот. Ошондуктан, чоң мамлекеттердин ар бири жөнүндө маанилүү маалыматтардын болушу зарыл.

Эл аралык саясатта таасирдүү жана башка чоң мамлекеттердин саясатына таасир эте алуучу иштерди кыла ала турган мамлекеттер чоң мамлекеттер болуп эсептелет, бай жана элинин саны көп болгон мамлекеттер эмес. Мамлекеттердин эл аралык майдандагы, эл аралык күрөштөгү бири-бирине каршы саясий иштери эл аралык тузактарды коюу, мамлекеттерди алсыратуу жана саясий оюндарды уюштуруу максатында алып барылат.

Ушуга караганда, саясий киши ар тараптуу карашы керек жана чоң мамлекеттер тарабынан кылынып жаткан иштерди күзөтүшү лаазым. Бул жаатта ушуга этибар берүү керек, саясий иштерди күзөтүүдө аларды

шарттарынан ажыратуудан жана жалпылаштыруудан алыс болуу керек жана ар бир ишти өз абал жана шарттары менен бирге түшүнүү зарыл. Ишти абал жана шарттарынан бөлүп алуу, теманы жалпылаштыруу, башка иштерге салыштыруу мүмкүн эмес. Иштерди мантыкый түрдө тартипке салып, мантыкый тыянак чыгаруу жарабайт. Мантыкый тыянак чыгаруу жана салыштыруу саясатты түшүнүүдө эң коркунучтуу иш. Себеби, турмуш жана иштер бири-биринен айырмаланат, окшобойт жана ар түрдүү болот. Ар бир иштин өз абал жана шарттары бар. Демек, иш өзүнө байланыштуу саясий маалыматтар менен байланышы керек о.э. абал жана шарттары менен бирге алынышы лаазым. Ошондой кылынганда гана иш туурараак түшүнүлөт.

Саясий иштер – адамдар ортосундагы алака жана мамилелерди башкаруу максатында алып барыла турган иштер. Алар жеке адамдар, же хизб жана уюмдар, же болбосо, бир же нече мамлекеттер тарабынан аткарылышы мүмкүн. Саясий иштер жамааттар пайда болгондон тартып бар болуп, алар уруулар жана уруу башчылар тарабынан аткарылып келген. Алака жана мамилелери башкарыла турган жамааттар бар болгон соң, демек, ал мындан кийин да аткарыла берет. Ушуга караганда, саясий иштер саясий чеберчиликти, башкаруу илимин тыкан билүүнү талап кылбайт. Ар бир адам, ар бир жамаат жана ар бир мамлекет саясий иштерди аткарууга жөндөмдүү. Анын ичинен азаттыкка умтулуп жаткан ар кандай эл жана адамдар, рисалатты көтөрүп чыгып жаткан ар бир үммөт өзгөчө көңүл бурушу керек болгон саясий иштер – бул жат мамлекеттерге, айрыкча, колонизатор мамлекеттердин күрөшүнө жана баскынчы мамлекеттердин коркунучунан сактанууга тиешелүү болгон иштер. Ошондуктан, Исламий Үммөт азаттыкка умтулуп жаткан соң жана Исламий даъватты көтөрүп чыгып жаткан соң, башка иштерге караганда жат мамлекеттерге тиешелүү болгон саясий иштерге катуу көңүл бурушу жана аларды эң биринчи иштердин катарына киргизиши зарыл.

Өткөн тарыхты жана азыркы учурду текшерген киши тарых барактары саясий иштер менен толуп ташканын, азыркы убакта да бүткүл дүйнө саясий иштерге толуп жатканын көрөт. Саясий иштер мамлекеттерге жеңиштерди алып келет, эл жана үммөттөрдүн атак-даңкын ашырат жана көп абалдарда эсепсиз аскерлер кыла турган иштерди кылып коёт. Расулулла ﷺдын уруулардан жардам сурашы, Мекке кабарын билүү үчүн Абдулла ибн Жахшты жибериши, Курайштын соода кербендерин тосушу, натыйжада, Бадр согушунун болушу, Хандак казатында Нуъаймды жиберип, уруулар арасында ишенимсиздик жана бири-бирине карата шек пайда кылышы, умрага барып, Худайбия келишимине кол коюшу, Бану Курайза маселесинде Саъдды хакам (өкүм чыгаруучу) кылышы, Аббастын Меккеге баратып Абу Суфёнду алып келиши, келишимдер түзүшү, Араб жарым аралынан элчилерди күтүп алышы, өзүнө келген христиандар

менен өз ара бири-бирин каргыштоолору, Бану Назирди сүргүн кылууга буйрук бериши, Ямандын акими Фористи Исламды кабыл алган соң, Яманга кайра аким кылып дайындашы, бул жана ушул сыяктуу бардык иштер саясий иштер болуп эсептелет. Хулафаи рошидиндердин жана кийинки халифалардын тарыхынан да көптөгөн мисалдарды келтирип өтүүгө болот. Анткени, алар чет мамлекеттерге карата, негизинен, саясий иштерди алып барышар эле. Ошондуктан, халифа казатка аскер жибергенде, аскер амирине – оболу элден Исламга кирүүлөрүн суроону, баш тартышса жизя берүүлөрүн талап кылууну, буга да көнүшпөсө, Алладан жакшылык тилеп, согуш кылууну – буюрар эле. Согуш – кайрылына турган иштердин акыркысы.

Эң оболу саясий иштер аткарылышы керек. Себеби, саясий иштер Үммөттүн эң маанилүү вазыйпаларынан жана ал аткарышы керек болгон эң зарыл иштеринен. Ошондуктан, саясий иштердин Үммөттү азат кылуудагы эң маанилүү иштерден жана Исламий даъватты алып чыгууда негизги иштерден болушу таң калыштуу эмес. Эгер саясий иштер болбогондо, Ислам жайылбас эле, анын даъваты ушул кылымдагы адамдарга жетип келбес эле.

Бирок, бул кылымда саясий иштерди аткаруу Үммөттөн – мамлекеттер ортосундагы мамилелерди үйрөнүүнү жана аларды күзөтүүнү, мамилелерден көздөлгөн максаттарды билүүнү, саясий оюндарды жакшы түшүнүүнү, иш менен иштен көздөлгөн максатты айрымалоону жана мамилелер жүргүзүлүп жаткан акыркы абалдан кабардар болууну – талап кылат. Ал үчүн Үммөттү ар дайым тынымсыз саясий тарбиялоо керек, тышкы саясатты үзгүлтүксүз күзөтө турган жана вокыйга байланыштырып түшүнүп жете турган кылуу керек о.э. Исламий даъватты жаюу тышкы саясатта үстөм болушу керек.

## САЯСИЙ ТАЖРЫЙБА

Саясий киши болуу үчүн саясатта жашап, аны менен түздөн-түз алектенүүгө же алектенбөөгө карабастан, саясий тажрыйбага ээ болуу зарыл. Саясат менен түздөн-түз алектенген саясий киши чыныгы саясий киши болуп эсептелет. Түздөн-түз алектенбеген саясий киши болсо, назарий саясатчы болот. Киши саясий тажрыйбага ээ болушу үчүн, албетте, анда төмөндөгү маанилүү үч иш толугу менен табылышы зарыл:

1. Саясий маалыматтар.
2. Болуп жаткан тышкы саясий кабарларды тынымсыз күзөтүп баруу.
3. Саясий кабарларды тандоо.

1. Саясий маалыматтар: тарыхый маалыматтар, айрыкча, тарых акыйкаттары; окуялар, ээликтер жана адамдар жөнүндөгү маалыматтар; адамдардын, мамлекеттердин жана пикирлердин ортосундагы саясий мамилелер жөнүндөгү маалыматтар. Бул маалыматтар кабарбы же ишпи,

же болбосо, акыйда же өкүм болгон негизби, айтор, саясий пикирдин маанисин ачып берүүчү нерселер мына ошолор болот. Бул маалыматтарсыз киши канчалык акылдуу жана зээндүү болбосун, саясий пикирди түшүнө албайт. Себеби маселе – түшүнүү маселеси, акылдуулук жана зээндүүлүк маселеси эмес.

2. Болуп жаткан тышкы саясий кабарларды, айрыкча, саясий кабарларды билүү зарыл, себеби, кабарлар – маалымат булагы о.э. саясий окуялардын түшүндүрмөсү, түшүнүү жана талкуу темасы. Ошондуктан, аларды бирүү зарыл. Турмуш окуялары өзгөрүп, жаңыланып тургандыктан, алар ар түрдүү жана бир-бирине тескери болгондуктан, аларды күзөтүп, билип баруу керек. Т.а. бир саат мурун поезд өткөн, кийин жадыбал өзгөрүп, азыркы учурда поезд өтпөй турган болуп калган бекетте турбастан, азыркы учурда поезд өтө турган бекетте туруу керек. Ошондуктан, маанилүү болуш же болбошуна карабастан, бардык кабарларды үзгүлтүксүз баамдап күзөтүү жана бирер кабарды да этибардан четте калтырбоо зарыл. Балким, «бир баш буудай үчүн бир чөмөлө саманды тинтип чыгуу» кыйынчылыгын көтөрүү керек. Себеби, керектүү болгон маанилүү кабардын качан келиши анык эмес. Ал үчүн бардык кабарларды күзөтүү керек. Анткени, кабарлар бири-бирине уланган тогоолор. Эгер бир тогоо түшүп калса, чынжыр үзүлүп, ишти түшүнүү кыйындайт, балким, кээде иш ката түшүнүлүп, вокыйлык өтүп кеткен кабар же пикир менен байланып калат. Демек, саясатты түшүнүү үчүн буларды тынымсыз күзөтүп баруу керек.

3. Кабарларды тандоо. Ал кабарларды угуу менен эмес, алуу менен ишке ашат. Саясий киши маанилүү кабарларды гана алат. Бардык кабарлар күзөтүп барылса да, алына турган кабар менен алынбай турган кабарды айрымалоо керек. Себеби, кабарлар маалымат берсе да, керектүү зарыл кабарлар алынат, башкалары алынбайт. Кабарларды алуу үчүн күзөтүү ушундай болот.

## САЯСАТ МЕНЕН АЛЕКТЕНҮҮ МУСУЛМАНДАРГА ПАРЗ

Расулулла ﷺ айтты: «Жакында амирлер болот. Силер маъруфка буюрасыңар жана мункардан кайтарасыңар. Кимде-ким маъруфка буюрса, күнөөдөн таза болот. Мункардан кайтарса, саламат болот. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп эргешсе…». Сахабалар: «Аларга каршы согушпайбызбы, я Расулулла?» - деп сурашты. «Жок, эгер намаз окушса», - деп жооп берди Расул алайхиссалам. Расул ﷺ айтты: «Эң абзел жихад – залим султан алдында айтылган акыйкат сөз». (Башка рыбаятта «залим амир алдында» деп айтылат). Башка бир хадисте айтат: «Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдул Мутталиб о.э. залим имамга каршы чыгып, маъруфка буюрган, мункардан кайтарган, кийин, залим имам өлтүргөн киши». Убода ибн Сомиттен рыбаят кылынат: «Расул ﷺ бизди даъват кылды. Биз ал кишиге

байъат бердик. Курсантчылык-капачылыкта, кыйынчылык-жеңилчиликте, өз зыяныбызга болсо да, куп деп итаат кылууга жана амирлерден амирликти талашпоого байъат кылдык. Расул ﷺ айтты: «Ачык куфрду көрсөңөр жана анын куфрлугуна Алла тарабынан ачык далилге ээ болсоңор, ошондо гана талашасыңар». Алла Таала айтат:

الم غُلِبَتْ الرُّومُ فِي أَدْنَى الْأَرْضِ وَهُمْ مِنْ بَعْدِ غَلَبِهِمْ سَيَغْلِبُونَ فِي بِضْعِ سِنِينَ لِلَّهِ الْأَمْرُ مِنْ قَبْلُ وَمِنْ بَعْدُ وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ

*- «Алиф, Лам, Мим. Абдан жакын жайда Рум жеңилди. (Бирок), алар бул жеңилүүлөрүнөн кийин бир нече жыл ичинде албетте жеңишке жетишет. Абалкы-акыркы бардык иш Алланын колунда. Ошол күндө момундар Алла (рум-дуктарды) үстөм кылганы себептүү шаттанышат».* [30:1-4]

Бул хадис, бул аяты-каримлар саясат менен алектенүү парз экендигине далалат кылат. Анткени, саясаттын сөздүктөгү мааниси «иштерди башкаруу». Мусулмандарга көңүл буруу – алардын иштерине, алака-мамилелерине көңүл буруу. Алардын иштерине көңүл буруу дегени – алардын иштерин башкаруу жана аким адамдарды эмне менен башкарып жатканын билүү дегени. Акимди инкар кылуу – саясат менен алектенүү, мусулмандар ишине көңүл буруу жана алардын иштерин башкаруу болот. Амирлерден амирликти талашуу – мусулмандар ишине көңүл буруу жана алардын иштерин башкаруу болот.

Бардык хадистер талаптын катъийлигине т.а. Алла мусулмандар ишине көңүл бурууну, башкача айтканда, саясат менен алектенүүнү катъиян талап кылып жатканына далалат кылат. Демек, саясат менен алектенүү мусулмандарга парз.

Саясат менен алектенүү т.а. мусулмандар ишине көңүл буруу аким тарабынан о.э. душман тарабынан мусулмандарга келип жаткан азар-зыянды кайтаруу. Ошондуктан, хадистер аким тарабынан келе турган азарды гана кайтарууга чектелип калбады. Балким, экинчисин да өз ичине алды. Жарир ибн Абдулла рыбаят кылат: «Мен Расулулла ﷺдын алдына келип, сизге Исламга байъат кыламын дедим. Расул ﷺ мага ар бир мусулманга калыстык кылууну шарт кылды». Бул хадисте «калыстык» сөзү умумий мааниде келген болуп, ал аким тарабынан о.э. душман тарабынан мусулман кишиге келип жаткан азарды кайтаруу маанисин да өз ичине алат.

Бул акимдерди тергөө үчүн элди кандай башкаруу керектигин билүүдө ички саясат менен алектенүү болот. Куфр мамлекеттеринин мусулмандарга кылып жаткан айла-амалдарын ачып таштоо коркунучтардын алдын алуу жана азарды кайтарууда тышкы саясат менен алектенүү болот. Ошондуктан, ички саясат менен эле эмес, балким, тышкы

саясат менен да алектенүү парз болот. Себеби, ички же тышкы саясатпы, айтор, саясат менен алектенүү парз. Мындан тышкары:

الم غُلِبَتْ الرُّومُ فِي أَدْنَى الْأَرْضِ وَهُمْ مِنْ بَعْدِ غَلَبِهِمْ سَيَغْلِبُونَ

*- «Алиф, Лам, Мим. Абдан жакын жайда Рум жеңилди. Бирок, алар бул жеңилүүлөрүнөн кийин бир нече жыл ичинде албетте жеңишке жетишет».*[30:1-

маанисиндеги аяты-карима Расул ﷺдын жана сахабайи кирамдардын тышкы саясатка канчалык көңүл бургандыгына жана дүйнө кабарларын күзөткөндүгүнө ачык далалат кылып жатат. Ибн Абу Хотам Ибн Шихабдан рыбаят кылат: «Бизге маалым болушуна караганда, Расул ﷺдын Мединага хижрат кылышынан мурда, мусулмандардын Меккеде турган мезгилдеринде мушриктер алар менен тартышып айтышар эле: «Румдуктар өздөрүн ахли китеп деп айтышат. Мына мажусийлер (отпарастар) алардын үстүнөн жеңишке жетишти. Силер пайгамбарыңарга түшүрүлгөн Китеп менен биздин үстүбүздөн жеңишке жетишебиз деп ойлоп жатасыңар. Румдуктар ахли китеп боло туруп мажусийлерден жеңилди-го. Жакында биз да Перстер Румдуктар үстүнөн жеңишке жетишкени сыяктуу силерди жеңебиз». Ошондо Алла Таала:

الم غُلِبَتْ الرُّومُ

*- «Алиф. Лам. Мим. Абдан жакын жайда румдуктар жеңилди».* [30:1-2]

маанисиндеги аятты түшүрдү. Бул мына ушуга далалат кылат, Меккедеги мусулмандар Исламий Мамлекетти тикелөөдөн мурун да, мамлекеттер жана дүйнөлүк мамилелер жөнүндөгү кабарлар туурасында капырлар менен талкуулашар эле. Абу Бакр келечекте Римдиктер жеңет деп, мушриктер менен мелдешти жана муну Расул ﷺга кабар бергенде, ал киши туура деп тастыктады. Мелдешке шерик болуп, Абу Бакрга белгиленген мөөнөттү узартууну айтты. Булардын баары – мамлекеттердин абалын жана алардын ортосундагы мамилелерди билүү – мусулмандар кылган жана Расул ﷺ тастыктаган иш экенине далалат кылат.

Мунун үстүнө, Үммөт Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө алып чыгат экен, ал башка мамлекеттердин өкмөттөрү жүргүзүп жаткан саясатты билген убакта гана даъватты дүйнөгө алып чыга алат. Бул бүткүл дүйнө саясатын, айрыкча, даъват кылынып жаткан мамлекеттин, же баскынчы мамлекеттин саясатын билүү мусулмандарга парзы кифая дегени. Себеби, даъватты алып чыгуу парз, душмандын кооп-коркунучтарынан сактануу, анын айла-амалдарын ачып таштоо парз. Ал үчүн дүйнө саясатын о.э. даъват кылынып жаткан, же баскынчы болгон мамлекеттердин саясатын билүү зарыл. «Важып эмне менен ишке ашса, ал да важып» деген шаръий коида да ушуну түшүндүрөт. Демек, эл аралык саясат менен алектенүү мусулмандарга парзы кифая.

Исламий Үммөт Исламий даъватты бардык адамдарга жеткизүүдө шаръан мукаллаф. Ошондуктан, мусулмандардын эл аралык абалды, дүйнө проблемаларын, мамлекет жана калктардын максаттарын билген абалда; дүйнөдө болуп жаткан саясий иштерди күзөткөн абалда; мамлекеттердин саясий пландарын, пландарды ишке ашыруу ыкмаларын, мамлекеттердин өз ара мамилелерин о.э. саясий оюндарын түшүнө алган абалда бүткүл дүйнөдөн кабардар болуп туруулары парз.

Акимдердин башка мамлекеттер менен алып барып жаткан иштерин жана ушул иштерде аларды тергөө тышкы саясатка тиешелүү. «Важып эмне менен ишке ашса, ал да важып» деген шаръий коида мамлекет иштеринен ички жана тышкы мамилелерде акимдин үммөт иштерин кандай башкарып жатканынан кабардар болуу важып иш экенине далалат кылат. Анткени, акимдер алып барып жаткан иштерди билүү менен гана анын ички жана тышкы саясатта кандай алектенгенин т.а. алардын ички жана тышкы саясаттагы иштерин тергөө мүмкүн болот. Себеби, бул иштердин маани-маңызы билинбесе, аларды тергөө т.а. саясат менен алектенүү мүмкүн эмес.

Булардын баарынан маалым болгондой, ички же тышкы саясатпы, айтор, саясат менен алектенүү мусулмандарга парзы кифая, алар парзды аткарышпаса, күнөөкөр болушат.

## МАМЛЕКЕТ ЖЕТЕКЧИСИ

Көпчүлүк аалымдар «мамлекет жетекчиси (арбабы) – бул аким же мамлекетте түздөн-түз башкаруу иши менен алектенген киши» деп ойлоп, мамлекет башчысы, министр жана башка ушул сыяктууларды мамлекет жетекчиси деп сыпатташат. Башка кишилер мындай сыпатка ээ эмес деп билишет. Адамдарды эки бөлүккө: мамлекет жетекчилерине жана эл адамдарына бөлүп, мамлекеттеги бардык жумушчу жана кызматчыларды экинчи класска киргизишет.

Алардын мындай түшүнүүлөрү ката. Аким кээде мамлекет жетекчиси болушу, кээде болбошу мүмкүн. Эл адамы эч бир мамлекетти башкаруу иштери менен алектенбеген абалда дыйкан, жумушчу, окутуучу, соодагер болсо да, мамлекет жетекчиси сыпатына ээ болушу мүмкүн.

Мамлекет жетекчиси – таланттуу саясий жетекчи жана башкаруу жөндөмүнө ээ болгон киши. Ал мамлекет иштерин башкарууга, проблемаларга чечим берүүгө, ички жана тышкы мамилелерде иш жүргүзүүгө кудуреттүү болот. Мына ушул киши – мамлекет жетекчиси. Ал ушундай сыпаттарга ээ болуп туруп, аким болбошу о.э. башкаруу иштерине катышпашы мүмкүн.

Исламий Мамлекет тикеленгенден тартып аң-сезиминде, нафсия жана турмуш тариздеринде ушундай сыпатка ээ болгон мындай кишилерге толуп ташкан. Мындай абал Аббасий мамлекеттин акырларына чейин алты

кылымдан ашык улантылды. Андан кийин да, Исламий Мамлекет XVII кылымга чейин мамлекет жетекчиси сыпатына ээ болгон кишилерден куру болгон жок. Башкаруу аң-сезимин өстүрүүдө аксоо башталып, чындыгында, мамлекет жетекчиси деп аталышы мүмкүн болгон кишилердин саны азайып кетти. Иш аксоо менен эле чектелип калбады, балким, мамлекет жетекчилерин жетиштирип чыгара турган кор жоголду. Исламий Үммөт башкаруу аң-сезимине ээ кишилерди жетиштире албай калды. Акыбетте, Үммөт ичинде мындай кишилер азайып кетти.

Өз боорунда мамлекет жетекчилерин жетиштирип чыгара турган Үммөт – амалий турмушта, ички жана тышкы мамилелеринде башкаруу пикирлери менен азыктанган үммөт болот... Бардык адамдардан, ал тургай, өз мекенинен тышкарыдагы адамдардан да – алардын иштерин башкаруу жана проблемаларына чечим берүүдө - жоопкер экендигин туйган үммөт болот... Калктар арасында өз нарк-кыйматын сезүү үстөм болуп, дүйнөдө бийик деңгээлди ээлөө үчүн умтулган, балким, бүткүл дүйнө боюнча жетекчи позицияга ээ болуу үчүн аракет кылган үммөт болот...

Мамлекет жетекчиси жана башкаруу аң-сезими өсүп чыга турган кор мына ушул кор. Ал төмөндөгү үч нуктада кыскача көрүнөт:

1. Турмушта амалий түстөгү умумий фикрат (б.а турушта ишке аша турган жалпы фикрат) даражасындыгы дүйнө карашка ээ болуу.

2. Чындыгында бакытка жеткирүүчү өзгөчө дүйнө карашка ээ болуу.

3. Баарын бирдей эң жакшы шарттарда, көркөм жашоо таризинде жана жогорку аң-сезим даражасында о.э. улуу кыймат-асыл нарктар менен жана дайымый кадыржам-көңүл токтук абалында жашоо даражасына көтөрө турган өзгөчө дүйнө карашка ээ болуу.

Бул үч нукта мусулмандарда китеп беттеринде жана аалымдар зээндеринде бар болуп, аларды вокыйлыкка (турмуш чындыгына), амалиятка (иш жүзүнө) көчүрүү керек. Аларды вокыйлыкка мамлекет жетекчиси көчүрөт. Себеби, мамлекет жетекчиси – таланттуу саясий жол башчы. Саясий пикирдин жүзөгө келиши үчүн, албетте, саясий жол башчылык зарыл. Саясий пикирдин китептерде жана аалымдар зээнинде болушунун эч кандай мааниси жок жана муну менен саясий пикир чыныгы түстө бар деп этибар кылынбайт. Саясий жол башчылык иш жүзүндө бар болушу үчүн, саясий пикирди толук түшүнүп, аны кыйынчылыксыз колдоно ала турган, талант анын тубаса табияты болгон киши керек.

Бул үммөт аалам, адам жана турмуш жөнүндөгү жалпы пикирлердин т.а. акыйдалардын эң бийиги болгон жалпы фикратка, мусулман киши үчүн бакыт тартуулоочу өзгөчө дүйнө карашка о.э. эң жакшы шарттарда, жогорку аң-сезим даражасында жашоо деңгээлине кайтаруучу өзгөчө дүйнө-карашка ээ. Бирок, ушундай болсо да, булар китептердеги куру

фалсафий пикирлерге жана аалымдар зээнинде калып кеткен маалыматтарга айланып калган, иш жүзүндө колдонулбай калган.

Ошондуктан, мамлекет жетекчиси жетишип чыга турган кор жоголуп, мындай тайпадагы адамдардын азайып кетиши табигый бир абалга айланды. Анткени, мусулман киши жол башчылык түшүнүктөрү менен жана саясий пикирлер менен азыктанбаса, анда саясий жол башчылык каяктан пайда болсун? Үммөт иштерин башкаруу жолунда эмес, ээрчүү жана моюн сунуу жолунда, олжо артынан түшүп, чоң мамлекеттер менен атаандашуу жолунда эмес, аларды ыраазы кылуу жолунда алдастап жүгүрүп жүрсө, анда талант жана жетиктик кантип пайда болсун?

Мусулмандар ойгонууга жетишүүлөрү үчүн мамлекет жетекчисин жүзөгө келтириши жана аны көбөйтүүнүн жолдорун издөөлөрү зарыл. Ал үчүн исламий акыйдага – аалам, адам, тирүүлүк жөнүндөгү жалпы фикратка – негизделген саясий сакофат менен тарбиялануулары керек. Качан бул сакофат бардык мусулмандар арасында кең таркалып, вокыйда жүзөгө келсе, ошондо мамлекет жетекчиси жетишип чыга турган кор жүзөгө келет жана ал жетишип чыга баштайт. Мындай кишилер жетишип чыкса, ойгонуу жүзөгө келет жана түптөн өзгөрүү башталат же өзгөрүү жакындашат.

Мамлекет жетекчиси жана ал жетишип чыга турган кор мына ушул. Мамлекет жетекчиси – бул зарылчылык абалдарындагы аким эмес, балким, ал эң оболу үммөт арасынан жетишип чыккан таланттуу саясий жол башчы о.э. ал айланасында эмне иштер болуп жаткандыгын түшүнбөй турган жана жасалма шайлоолордун натыйжасында, же аскердик төңкөрүштөр аркылуу, же мал-мүлк менен бийлик башына келип калган киши эмес.

Мамлекет жетекчисинин бийлик башына келүү жолу болсо төмөндөгүдөй болот: ал пикир жана көз караштарын мурунтан өз айланасындагы кишилерге, кийин өз өлкөсүнө же регионуна сиңдирет. Ошондон кийин жөндөм жана кудурети менен таанылган соң, бийликке дайындалат же шайлоо аркылуу бийлик башына келет. Мындай абал аң-сезимдүү элде жана калыс мамлекеттерде болот. Ал эми, Исламий дүйнөдөгү мамлекеттер сыяктуу мамлекеттерде бийлик башына келүү жолу болсо мындайча, мурунтан адамдар жол башчылыгын колго алып, кийин бийликти оодаруу жана иштерди колго алуу максатында учурдагы бийликке кооп салуу үчүн ушул адамдардан бир тайпа же таасирдүү күч пайда кылынат. Өлкөлөрүбүздө болуп жаткан шайлоолорго келсек, алардын натыйжасында бийликке азыркыдай тайыз пикирдүү караңгы акимдер гана келет.

Мусулмандар Исламды колдонгон жана аны менен тарбияланган кезинде мамлекет жетекчиси сыпатына ээ миңдеген адамдарды жетиштирип чыгарды. Умар, Али, Мөътасим, Салахуддин жана Мухаммад

ал-Фатих сыяктуулар бийлик башында болгон болсо, Ибн Аббас, Ахнаф ибн Кайс, Ахмад ибн Ханбал жана ибн Таймийя сыяктуулар жөнөкөй букаралар (жарандар) эле. Бирок, алар мамлекет жетекчиси сыпатына ээ эле. Себеби, алардын баары Ислам акыйдасында жетишип чыккан, саясий жолду туткан жана бардык адамдарды хидаяттоо жана аларга Ислам даъватын жеткирүүдө өздөрүн жоопкер сезишкен эле. «Эгер бирер айбанат Иpraктын чеке тараптарында мүдүрүлсө да, Алланын эмне үчүн жолду тегиздебедиң деп сурак кылышынан коркомун», - деп айткан Азирети Умар. Мөътасимге Рим жериндеги муслима аялдын «Эй Мөътасим» деген кыйкырыгынын кабары келет, Мөътасим кабарды угар замат жардамга шашылат, кошуун топтоп, ага өзү жетекчилик кылат жана фатх кылып Рим шаарларына кирип барат, ал тургай, хакандардын мекенин каратып алат. Ахмад ибн Ханбал Куранды махлук деп айтпаганы үчүн куугунтукка учурайт, бул сөздү айтып мусулмандар залалатына себепчи болуудан көрө таяк жешти жана зынданды абзел көрөт. Жоопкерчиликти мына ушундай сезүү мамлекет жетекчисине лаазым шарт.

Бүгүнкү күндө мусулмандар чалынган кеселдиктердин бири – алардын мамлекет жетекчисин жоготуп коюулары. Азыркы учурда үммөт ичинде мамлекет жетекчилери жоктугу себептүү, бийлик башына ушундай аким жана аткаруучулар келип калды. Алардын баарынан эч бир жактан мамлекет жетекчилиги сыпаты табылбайт. Алар пикирлөө, план түзүү жана үммөт кызыкчылктарын башкаруу кудуретине ээ эмес. Балким, булардын баарын чоң мамлекеттердин колуна өткөрүп берип, аларга жерлерибиздин байлыктарын башкарууга мүмкүндүк жаратып берүүдө. Натыйжада, бул акимдер кызматчы жана аткаруучуга айланып калып жатышат. Чоң мамлекеттер бул учурдан пайдаланып, өздөрүнүн капиталисттик, социалисттик, мекенчилдик жана улутчулдук пикирлерин жая башташты. Акимдер бардык мамилелерде пайданы үстөм коё башташты. Иштер чапыра-чачты болуп кетти, амри-маъруф, нахий-мункар жана эсеп-китеп кылып тергөө токтоду. Кийин пикирлөө жана башкарууда эгемендүүлүк жана өзүнө таандык касиет жоголду. Акыры Расулулла ﷺдын хадистери өз тастыгын тапты: «Мурунку кишилердин жолунан изме-из жүрөсүңөр, ал тургай, алардан бири кескелдириктин ийнине кирсе, силер да киресиңер жана жолдо аялы менен жимаъ кылса, силер да, албетте, кыласыңар». Акимдер жана көпчүлүк адамдар пикирлөөдө, турмуш таризине жана проблемаларга чечим берүүдө Ислам акыйдасына негизделбей коюшту. Тескерисинче, батыш пикирлерине берилип кетишти. Жеңишке жетишкен мамлекеттердин башкарууга тиешелүү пикирлерин окушту. Президент китебин иштерине конституция, Маклавенлини имам кылып алышты. Алар бул пикирлер капиталистик же социалисттик коомго туура келсе да, Исламий үмүмөткө туура келбешин

билишпейт эле. Буларда Расулулла ﷺдын сөздөрү өз далилин тапты: «Жакында адамдарга жалганчы жылдар келет, анда жалганчы чынчылга, чынчыл жалганчыга чыгарылат. Кыянатчы аманаткөй, аманаткөй болсо кыянатчы эсептелет. Рувайбиза сөз сүйлөйт». «Ким ал Рувайбиза?» деп суралды. «Жалпынын иши жөнүндө калтабин (алысты көрө албаган, ою кыска) киши сөз сүйлөйт», - деп жооп берди Расул ﷺ)».

## САЯСИЙ ЧӨЙРӨ

Саясий чөйрө – бул саясий кабарларды, саясий иштерди жана саясий окуяларды күзөтүп, пикир билдире турган жана коомдун иштерин ушул пикирдин негизинде башкара турган кишилердин чөйрөсү. Т.а. аким болгон жана акимиятта болбогон саясий кишилердин чөйрөсү. Саясий кишилер жашап жаткан бул чөйрө саясий чөйрө деп аталат.

Саясий чөйрө пикир жана хазарат (цивилизация) даражасына карай ар түрдүү болот. Капиталисттик пикирлер менен башкарылып жаткан мамлекеттердеги саясий чөйрө социалисттик пикирлер менен башкарылып жаткан малекеттердеги саясий чөйрөдөн башкача болот. О.э. хазараты гүлдөп өскөн мамлекеттеги чөйрө хазараты калак (артта калган) мамлекеттеги саясий чөйрөдөн айырмаланат. Мисалы, Франциядагы саясий чөйрө Россиядагы саясий чөйрөдөн, же Эфиопиядагы саясий чөйрө Канададагы саясий чөйрөдөн башкача болушу табигый. Кошмо Штаттар сыяктуу мамлекеттердеги саясий чөйрө Ливан сыяктуу мамлекеттердеги саясий чөйрөгө окшош болот, бул мамлекеттер азаттык жана эгемендүүлүк даражасында бири-биринен айырмаланса да. Себеби, саясий чөйрө – кабарларды күзөтүп, аларга мамилелер жөнүндөгү рай жана пикирлеринин негизинде жана аларды бул рай жана пикирлерге башкаруудагы жолунун негизинде карай турган кишилердин чөйрөсү. Кошмо Штаттар сыяктуу мамлекеттердеги саясий кишилерде эркиндик жана капитализм пикирлери бар. Алардын максаты – турмушта индивидуализм принцибинин негизинде өнүгүү. Ошондуктан, алар толук эркиндик менен аракеттенишет жана акимдерге каршы пикир билдирүүнү өз саясий турмуштарынын ажыралгыс бөлүгү деп эсептешет о.э. акимдерди жана башкаларды сынга алуу саясий укуктарыбыздан деп билишет. Социализм жана Советтер Союзу доорундагы Россия мамлекетинин саясий кишилери болсо, мунун тескерисинче эле. Аларда коллективизм принциптеринин негизинде өнүгүү жана социализм пикирлери бар. Алардын максаты – коллективди коргоо жана башкаларга душмандарча кароо. Ошондуктан, Америкадагы саясий чөйрөдө каршы пикир билдирүү, акимдерге о.э. башка мамлекеттерге – ал тургай, бул мамлекеттер капиталисттик мамлекеттер болсо да – айла-амал иштетүүлөр бар.

Азыркы учурдагы Россия саясий чөйрөсүндө болсо, мунун тескерисинче, анда каршы пикир билдирүү жок, өз акимдерин, башка мамлекеттерди жана алардын акимдерин сындоого уруксат берилбейт. Кошмо Штаттардагы саясий чөйрө акимдерге, же адамдардын өз ара мамилелерин башкарып жаткан кишилерге гана чектелип калбаган, балким, ал акимдерге, түрдүү түйүндөгү жетекчилерге жана коомдун турмушуна сөз жана пикир менен таасир өткөзүп жаткан бардык кишилерге тиешелүү.

Ушуга караганда, биз назарда тутуп жаткан саясий чөйрө – жалаң акимдерге гана чектелген жана башкалардын кириши тыйып коюлган саясий чөйрө эмес, балким, ар кандай адам кириши мүмкүн болгон ачык саясий чөйрө.

Бүгүнкү күндө эч бир мамлекет исламий пикирлер менен башкарылбай жаткандыктан, исламий чөйрө жок. Бирок, исламий тарыхка, айрыкча, алгачкы кылымдардагы Ислам жана мусулмандардын тарыхына назар таштоо менен, мусулмандар Ислам пикирлери менен башкарылган убакта, өзгөчө, Исламий башкаруу түзүмү Расулулла ﷺга чындап орун басар болгон т.а. жөн гана аким эмес, балким, ал кишиге халифа болгон биринчи халифалар тарабынан турмушка колдонулган убакта, саясий чөйрөнүн болгондугуна күбө болобуз.

Исламий Мамлекет, албетте, тикеленет, анын азыркы учурда болбой турушу мезгил маселеси. Ислам акимиятын тикелөө максатында иш жүргүзүп жаткан кишилер, биринчиден, исламий саясий чөйрөнү көз алдыга келтире алуулары үчүн, кийин ушул саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүү үчүн иш алып баруулары зарыл, анткени, Исламий башкаруу түзүмүндө адашканы сыяктуу, исламий саясий чөйрөдө да адашып калышпасын.

Ислам пикирлерине, анын ичинде, башкаруу түзүмүнө назар таштоо менен, алар саясий пикирлер экендиги, себеби, алар турмушта саясий пикир катары пайда болгондугу белгилүү болот. Бул пикирлер, ал тургай, алардын акыйдага тиешелүү пикилери да жалаң саясий пикирлер. Ошондуктан, бүткүл Исламий саясий чөйрөнүн дээрлик баары саясий чөйрө болот. Мындан тышкары, Ислам менен башкарыла турган мамлекетте исламий саясий чөйрө сөзсүз жана табигый түстө жүзөгө келет. Мына ушундан белгилүү болгондой, исламий пикирлерди жана өтмүштөгү саясий чөйрөлөрдү үйрөнүү менен, Исламий саясий чөйрөнү элестетүүгө, көз алдыга келтирүүгө болот. Мындай чөйрөнү пайда кылуу максатында иш алып баруу, айрыкча, Исламий Мамлекет тикеленип жаткан учурда, буга өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Бул иш саясий аң-сезимди жана тажрыйбаны талап кылат.

Исламий саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүү жолундагы биринчи кадам дүйнөдөгү саясий кабарларды түшүнүп күзөтө турган жана адамдар

ортосундагы мамилелерди ушул кабарлардын негизинде башкарууга аракет кыла турган о.э. бул башкаруунун Ислам назарындагы маанисине чектеле турган кишилердин пайда болушу менен байланыштуу. Саясий чөйрөнүн жүзөгө келиши мамлекетти тикелөөдө жардам берет, ал эми, мамлекеттин тикелениши саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүүнү талап кылат. Ошондой болсо да, эң биринчи негизги тема – саясий кабарларды күзөтүүнү адат кылып алуу жана адамдар ортосундагы мамилелерди күзөтүлгөн кабарлардын негизинде Ислам пикирлерине ылайык башкаруу.

Кошумчалай кетүүчү нерсе, кабарларды күзөтүү жана аларды талдоодон көздөлгөн максат – кабарлардын негизинде пикир берүү. Себеби, кабарларды күзөтпөгөн адам саясий киши болушу мүмкүн эмес жана ал өз кезегинде саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүү үчүн кызмат кыла албайт. Анткени, өзүндө жок адам бирөөгө бере албайт.

Кабарларды күзөткөн, бирок, талдабаган адам билүү жана түшүнүү жагынан алганда, кабар күзөтпөгөн киши менен дээрлик бирдей. Зыян жагынан алганда болсо, өзүнө жана үммөтүнө жамандык кыла турган киши сыңары. Себеби, ал мындай абалда кабар жана окуяларды тышкы көрүнүшүнө карап пикир берет жана өзүн да башкаларды да адаштырат. Ошондуктан, кабарларды күзөтүүдө талдоо зарыл иш. Бирок, кабарларды күзөтүү, талдоо, аларды адамдарга жеткирүүнүн өзү менен эле киши саясий болбойт. О.э. саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүүдө жана саясий чөйрөдө иштей албайт. Балким, кабарларды жана алардын чечмеленишин көчүрүп бере турган журналист гана болот т.а. кабарларга жана аларды жакшы түшүнүүгө булак гана болот, бирок, саясий киши болбойт. Саясий чөйрөнү пайда кылууда жана саясий чөйрөдө иш алып бара албайт. Демек, күзөтүү жана талдоо менен бир катарда ушул кабарлардын негизинде адамдарга пикир берүү зарыл. Ушуга карай кошумчалашыбыз мүмкүн, күзөтүү жана талдоодон максат – кабарлардын негизинде адамдарга пикир берүү. Бул катардагы чындык жана ушундай болушу шарт.

Бейтарап жана курулай баян жолу менен пикир берүү жарабайт. Балким, берилген пикир белгилүү бир дүйнө караштан өсүп чыгышы керек же белгилүү бир дүйнө карашка таянышы керек. Т.а. саясий аң-сезимден келип чыгышы керек же саясий аң-сезимге таянышы зарыл. Ошондо гана ал өз салмагына жана баркына ээ саясий пикирге айланат. Мына ушундай түстө билдирилген пикир адамдардын иштерин башкарууга жөндөмдүү болот.

Ошондуктан, ар бир адам саясий киши болушу үчүн, саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүүдө кызмат кыла алышы жана саясий чөйрөдө иш алып бара алышы үчүн төмөндөгү төрт ишти толук аткарышы керек:

1. Саясий кабарларды күзөтүү.
2. Бул кабарларды талдоо.

3. Бул кабарлардын негизинде адамдарга пикир берүү.

4. Берилген пикирдин дүйнө карашка тиешелүү белгилүү бир бурчтардан өсүп чыгышы же ага таянган болушу.

Эгер бул төрт фактор толук табылбаса, Исламий саясий чөйрө жүзөгө келбейт жана саясий чөйрөдө иштөө да мүмкүн болбойт. Күзөтүү биринчи кадам болсо да, саясий аң сезим т.а. дүйнө карашка тиешелүү белгилүү бир бурчтан пикир берүү биринчи кадамды дагы да бекемдейт.

Куфр мамлекеттери исламий саясий чөйрөнү бүтүндөй жок кылды. Муну менен эле чектелип калбастан, мусулмандарды саясаттан иренжитти, ал тургай, кабарларды күзөтүүдөн алыстатууга чейин алып барды. Ислам дүйнө карашынын назар нуктасынан саясий пикир билдирүүчү ар кандай кишинин алдында саясий чөйрөлөр эшиги бекем бекитилген жана оңойлук менен ыктыярдуу түстө ачылбайт. Бул абал бардык адамдарга белгилүү, ал жөнүндө айтып олтуруунун кажети деле жок. Адамдар муну ачык-айкын абалда көрүшпөсө да, бирок, кабарларды күзөтүп, алар жөнүндө пикир берүүгө аракет кылып жаткан кишилер муну өз көздөрү менен көрүп турушат. Ал тургай, эркиндиктери жөнүндө жар салып жаткан мамлекеттерде да абал мына ушундай. Ошондуктан, маселе – кабарларды күзөтүп, аларды талдоо маселеси эмес; пикир билдирүү, ал тургай, белгилүү бир бурчтан туруп пикир билдирүү да эмес; балким, маселе – исламий диярлардагы саясий чөйрөлөргө кирүүнүн важыптыгы, бул иш алардын ыраазылыгысыз жана курмандыктар берүү менен болсо да.

Өзгөчө көңүл буруп талкуулоо керек болгон маселе – Исламий диярларда исламий саясий чөйрөлөрдү жүзөгө келтирүү маселеси. Бул исламий мамлекеттин тикелениши талап кылган маселе болсо, Мамлекет тикеленишинен мурунку, же исламий диярлардын Мамлекеттин курамына кошулушунан мурунку саясий чөйрөлөргө кирип баруу болсо, Исламды турмушта, айрыкча, саясий чөйрөлөрдө жүзөгө келтирүү үчүн иш көрсөтүүнү талап кылган иш. Ошондуктан, ар кандай Исламий диярдагы саясий чөйрөгө кирүү үчүн иш алып баруу – Ислам үчүн саясий ишмердүүлүк көрсөтүп жаткан ар кандай киши үчүн шарт.

Исламий эмес мамлекеттердеги саясий чөйрөлөр – бузук чөйрөлөр. Алардагы эң бир жөнөкөй илдет-кемчилик – максатты ишке ашыруу үчүн ар кандай жолдон пайдалануунун мүмкүндүгү жана мунун ураан кылып алынышы о.э. Маклавенлинин тибинде жана программасында экендиги. Мындан тышкары, бул чөйрө кишилеринде эгоисттик жана жекече кызыкчылыктар өйдө турат. Ошондуктан, бул саясий чөйрөлөрдөн үлгүлүү эч нерсе көрө албай жатабыз, үстү-үстүнө биз алардын мамлекеттерин жана калкын куткаруу үчүн жана хидаяттоо үчүн Рисалатты көтөрүп чыгуудабыз. Исламий диярлардагы саясий чөйрөлөрдө да дал ушул батыш саясий чөйрөлөрүндөгү бузуктук бар. Мындан тышкары, бул чөйрөлөр куфр мыйзамдарына жана куфр саясатына берилген, Исламды жаман

көргөн, аны акарат кылган о.э. ага душмандыгы бар көр-сокур сымал ээрчиме малайлар менен толгон. Ошондуктан, бул чөйрөлөргө кирүү менен эле чектелбестен, аларды бузууга жана исламий чөйрөлөрдү пайда кылууга аракет кылышыбыз керек. Ал үчүн сырттан аракет кылуу мүмкүн болсо да, бирок, саясий чөйрөлөрдүн ичинде иш алып баруу жеңилирээк жана натыйжалуураак. Исламий диярлардагы саясий чөйрө кишилери Батыш кишилерине жана батыштык саясий чөйрө кишилерине салыштырмалуу кичине болсо да, исламий диярларга жана алардын калкына салыштырмалуу чоң. Себеби, алар аким жана жетекчилер о.э. адамдар турмушунда салмагы жана мааниси бар кишилер. Мындан тышкары, алар алдыңкы саптарга чыгып алуу үчүн керектүү билим жана тажрыйбага ээ. Алар ар кандай абалда ар кандай түскө кире алат, керек болсо, коомдо Ислам өкүм сүргөндө, биринчи сапта беш убак намаз окууга даяр. Ислам Мамлекетинде эң биринчилерден жана Ислам агымына жетекчилерден болуулары ыктымалдан нары эмес. Калыс эместик жана мунафыктык анык көрүнүп турат. Мындан тышкары, бузукулукка, мамлекеттерди жана калыс саясий кишилерди сындырууга тажрыйбалуу жана уста. Исламий Мамлекет тикеленип, бул саясий кишилер ошол бойдон калса, үммөткө өздөрүн калыс көрсөтүп, саясий чөйрөлөрдүн жетекчилерине, атактуу, таза кишилерге айланышат. Ошондуктан, алардан этият болуу жана алардын таасирлерин жоготуу зарыл.

Америка англичандарды айрым Ислам диярларынан кууп чыгармакчы болгондо, эски саясий чөйрөлөрдү жоготууга шашылды. Мисалы, Египет жана Ирактагы эски саясий чөйрөгө камоо, өлтүрүү жана тиричилик жолдорун тосуу сыяктуу иштер менен сокку берүүгө аракет кылды. Белгилүү бир өлчөмдө коркунучтун алдын алууга жана келип жаткан зыяндарды чектөөгө жетишти. Бирок, бүтүндөй жок кыла албады. Египет менен Ирактагы эски саясий чөйрө колундагы чок сыяктуу, дагы деле бар. Себеби, Америка жана анын малайлары эски саясий чөйрөнүн ордуна келе турган жаңы саясий чөйрөнү жана бийликти пайда кыла алышпады. Ал эски саясий чөйрөнү жоготууга жана аны баш көтөртпөөгө канчалык аракет кылбасын, мунун өтөсүнөн чыга албайт. Анткени, ар бир бийликте саясий чөйрөнүн болушу табигый жана лаазым иш. Ошондуктан, каерде бийлик болсо, ошол жерде саясий чөйрө да болот.

Расул ﷺ Мединага барганда, Исламды кабыл алган жана ал үчүн жардам берүүгө даяр турган адамдар менен саясий чөйрө жүзөгө келди жана эски саясий чөйрө – Абдулла ибн Убай жана ушул сыяктуулардын саясий чөйрөсү жоюлду. Мекке фатх кылынганда, ал жердеги саясий чөйрө согуш менен о.э. тирүү калган таасирдүү кишилердин таасирин жоготуу менен жоюлду. Алардын ордуна мусулмандар жол башчы болушту. Т.а. саясий чөйрө жүзөгө келип, эски саясий чөйрө жоголду.

Исламий Мамлекет бардык саясий чөйрөлөрдү ар кандай жол – өлтүрүү, тиричилик жолдорун тосуу, алардын саясий жана маънавий вужудун жоготуу жана ушул сыяктуу башка жолдор менен жоготушу зарыл. Бул барлык мыйзамы талап кылган, Дорул-Исламды тикелөө жана дорул куфрду жоготуу талап кылган иш. Бирок, мунафык мусулмандардан эмес, балким, аң-сезимдүү калыс мусулмандардан турган исламий саясий чөйрө болбосо, мурунку саясий чөйрөлөрдү жок кылуунун өзү жетиштүү болбойт. Аң-сезимдүү калыс кишилер кабарларды күзөтүү жана талдоо менен чектелүүнү улантышса, анда алар саясий чөйрө боло алышпайт. Жакынкы келечекте, куфр диярларындагы саясий чөйрөлөрдөн аман калгандар саясий чөйрөнү пайда кылууда жана ага кирип барууда о.э. аны башкарууда алардан кудуреттүүрөөк болушат. Муну менен алардын бар болуп тургандыгы себептүү, Мамлекеттин кыйрашына шарт жаралат.

Натыйжада, аң сезимдүү калыс кишилердин саясий чөйрөлөргө киришине  тоскоолдук кылынат, ал тургай, Исламий Мамлекет тикеленген күндө да. Мындан тышкары, мунафыктардын саясий чөйрө пайда кылууларына жана бул чөйрөгө башчылык кылууларына мүмкүндүк туулат. Ошондуктан, аң-сезимдүү калыс кишилер кабарларды күзөтүү жана аларды талдоодон белгилүү бир бурчтан туруп пикир билдирүүгө, кийин саясий чөйрөлөргө кирүү үчүн аракет кылууга өтүшпөсө, үйдүн босогосунда туруп калуулары мүмкүн, негизи, үй алардыкы, өздөрү курушкан, аларга таандык.

Аң-сезимдүү калыс кишилердин бүгүнкү күндө саясий киши болуулары эле эмес, балким, Исламий саясий чөйрө пайда кылууга аракет кылуулары зарыл. Эртеби-кечпи Исламий Мамлекет албетте тикеленет. Ошондо мурунку саясий чөйрөнүн кишилери жана калыс эмес кишилер аң-сезимдүү калыс кишилерден мурда исламий саясий чөйрө пайда кылуулары мүмкүн. Негизи, Исламий саясий чөйрө аң-сезимдүү калыс кишилерден гана турган болушу керек жана аны аң-сезимдүү калыс кишилер гана пайда кылышы керек. Мындан сырткары, алар Исламий Мамлекет тикеленишинен мурун коом ичинде этибарсыз, адамдардан жана турмуштан четте жашашууда. Эгер алар Исламий саясий чөйрөлөрдү пайда кыла алышпаса же учурдагы чөйрөлөрдү өзгөртүү үчүн аларга кире алышпаса, этибарсыз бойдон кала беришет. Кийин же таасирдүү эмес, же таасири жок эмес вужудка ээ болушат. Азыркы доор бардык азап жана кыйыкчылыктары менен, келечек бардык арзуу-үмүт жана улуулугу менен аң-сезимдүү калыс кишилерден саясий киши болуу канчалык маанилүүлүгүн сезүүнү талап кылат. Айрыкча, алардын хизбтери адамдарга өзүн жөнөкөй бир кыймыл эмес, балким, саясий хизб деп сиңдирген бир убакта. Туура, Расул ﷺ саясий чөйрөнү мамлекет тикеленгенден кийин Мединада пайда кылган. Ооба, ар бир Исламий диярларда акимдер хизб жигиттерине көрсөтүп жаткан жырткычтык зулум

аң-сезимдүү калыс кишилерге саясий аракет кылууга мүмкүнчүлүк бербей жатат. Туура, аң-сезимдүү калыс кишилер интеллигент жашы улуу тажрыйбага ээ тандалма кишилерден эмес. Бирок, сахабалар Меккеде саясий чөйрөгө кирүүгө аракет кылышкан. Абу Бакр رضي الله عنه нун перс жана римдиктер туурасында Курайш уруусунун башчылары менен тартышуулары о.э. Умар رضي الله عنه нун Мекке калкына «Эгер биздин саныбыз үч жүзгө жетсе, же биз силерди чыгарып жиберебиз, же силер бизди чыгарып жибересиңер» деп айтуулары саясий чөйрөгө кирүү үчүн аракет кылуудан жана адамдар иштерин башкарууну колго алуу жолундагы күрөштөн башка нерсе эмес. Жырткычтык зулум туурасында болсо, Курайштын мусулмандарга жеткирген азары жөнүндө келген кабарлар бардыгына белгилүү, бул тууралуу сүйлөп отуруунун кажети жок. Аң-сезимдүү калыс кишилердин тажрыйбалуу жана тандалма кишилерден эместигине келсек, Абу Бакр رضي الله عنه эски кийим-кечесин желкесине таштап, базар айланып сатып жүрөр эле. Мусулмандардын ичинде Хамза менен Умар رضي الله عنه дан башка эч ким күч-кудурет жана таасирге ээ эмес эле. Мындан тышкары, бул экөө да Исламды кабыл алгандан кийин, эч кандай таасирге ээ болбой калган. Калыс кишилердин жаш жигиттер болушуна келсек, бул жөнүндө бир акын акылман сөз айткан:

Дааналык жаш-карыга карабайт,
Кээде кары дааналыкка жарабайт.

Ошондуктан, бүгүндөн баштап аң-сезимдүү калыс кишилердин саясий болуу үчүн жана саясий чөйрөгө кирүүгө аракет кылуу үчүн иш алып барууларын токтото турган эч кандай шылтоо жок жана шылтоолорго кечирим да жок. Себеби, убакыт тездик менен өтүп барууда, аны аркага кайтарып болбойт. Исламдын кекчил душмандары болсо, эң биринчиден, аң-сезимдүү калыс кишилерге душман. Эгер аң-сезимдүү калыс кишилер өз этикат жана пикирлеринде, эрдиктеринде бекем турушпаса, жетишкен жеңиштери – ага өздөрү жетишкен болушса да – башкаларга бурулуп кетиши жана өздөрү соо-саламат турмуш майданынан четте калып кетүүлөрү мүмкүн.

Демек, кабарларды күзөтүп талдоо, алар жөнүндө пикир билдирүү жана бул пикирдин албетте белгилүү бир бурчтан келип чыгышына катуу көңүл буруу – ушул аң-сезимдүү калыс кишилердин азыркынын жана келечектин кишилерине о.э. адамдар үмүт байлаган кишилерге айланууларынын күрөөсү болот.

## БОШТУК

«Боштук» сөзү эл аралык саясаттагы атама болуп, иш алып барууга жана бекемдикке жараксыздык маанисин түшүндүрөт т.а. белгилүү бир күчтүн өзүнө ылайык көрүнүштө, өзүнө ылайык кудурет менен жүзөгө

чыкпашын түшүндүрөт. Ал бир нече түрдүү болот: саясий боштук, аскердик боштук жана стратегиялык боштук.

Саясий боштук – бүткүл мамлекеттин туруксуздукта жана ылайыксыздыкта болушу. Мамлекетте мамлекет башчысы, премьер-министр жана депутаттар бар болуп туруп, алардын пикир жана аракеттеринде ылайыктуулуктун жоктугу мамлекет саясатында ылайыксыздыкты пайда кылат. Белгилүү бир райда жана белгилүү бир иште бекем тура албоонун натыйжасында боштук пайда болот т.а. мамлекет жоктой болуп калат. Мындай абалдарда мамлекет издөө, анығыраак кылып айтканда, аким издөө табигый түрдө болот, кээде ал зарыл болуп калат жана бул боштукту толтуруу үчүн башка күч ортого чыгат. Бул күч же ички күч болот, же сырткы күчтү арка-бел кылган жана ага таянган ички күч болот.

Аскердик боштук – мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн ички коопсуздукту сактоо жана мамлекетти коргоо үчүн жетиштүү күчкө ээ болбой калышы. Мамлекет мындай абалда ички козголоңдорду баса албайт жана мамлекетти душмандан коргой албайт. Аскердик боштук эки себептин биринен пайда болот: биринчи, мамлекет жетиштүү курал-жаракка ээ болбойт, аскердик даярдык жок болот жана керектүү курал-жарак менен камсыздоо үчүн каражат жетишпейт. Ушул себептен улам, боштук пайда болуп, куралдуу күчтөр жоктой эле болуп калат. Мындай абалдарда мамлекетти тышкы күчтөрдүн басып алуу коркунучу пайда болот. Адатта бул күчтөр мамлекетке сук артып турат жана аны эң күчтүүсү басып алууга шашылат. Мындай абалдарда мамлекетти басып алууга шашылып жаткан күчкө каршы башка күч жүзөгө келип, аскердик боштук пайда болгон мамлекетке жардам колун созушу мүмкүн. Эгер боштук ушул ыкмада толтурулбаса, мамлекет басып алынат жана боштук сырткы күч менен толтурулат. Экинчи, аскерий кишилер же аскерий жетекчилердин ортосундагы ылайыксыздык, белгилүү бир иште бекем тура албоо жана белгилүү бир ишке кудуретсиздик. Бул сыяктуу абалдарда сырткы бир күч келет да, аскерий кишилердин бирин же бир нечесин колдоп-кубаттап, өз пикирлерин берип, боштукту толтурат. Эгер боштук ушундай түстө толтурулбаса, мурунку абал сыяктуу, тышкы күчтүн түздөн-түз басып алышы менен толтурулат. Аскерий боштук – мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн офицер жана командирлеринин ортосундагы ылайыксыздык жана туруксуздуктун натыйжасында, же коопсуздукту сактоо жана коргоо үчүн жетиштүү моддий күчтөрдүн жоктугу себептүү ишке жараксыз болуу жана бекем тура албоо.

Стратегиялык боштук – мамлекеттин ички жана тышкы коопсуздугуна кооп салып жаткан маселелер себептүү мамлекетте жүзөгө келген туруксуздук. Мисалы, бири-бири менен куралдуу кагылышууларды алып баруучу агымдарды пайда кылуу, жер-жерлерде тез-тез бомба жардыруу,

бийлик жана жетекчилер менен жумушчулардын ортосуна, же калк ичинде фитна уругун себүүчү үндөрдү таратуу сыяктуу коопсуздукка коркунуч туудуруучу иштерди кылуу. Ушул сыяктуу иштердин натыйжасында боштук пайда болот т.а. мамлекет жок сыңары болуп калат. Мындай убакта туруктуулукту камсыздоочу мамлекетти издөө табигый абалга айланат. Ошондо бул боштук туруктуулукту камсыздоо аркылуу бийликти колго ала турган адамдар менен, же бийликти колго алууда жана туруктуулукту камсыздоодо тышкы күчтөргө таяна турган адамдар менен, же туруктуулукту камсыздаган абалда мамлекетти басып ала турган тышкы мамлекет менен толтурулат.

Ушул үч түрдүү боштук күчтүү таасирге ээ курал болуп саналат. Чоң мамлекеттер өз өкүмдарлыгын орнотмокчу болуп жаткан ар бир мамлекетте ушундай боштукту пайда кылууга аракет кылып, иш алып барат. Осмоний мамлекеттин алын согуштар эмес, балким, дал ушул сыяктуу боштуктарды пайда кылууга болгон урунуулар куруткан эле.

## ИСЛАМДАГЫ «ӨКҮМ» Т.А. «БАШКАРУУ»

«Өкүм» (хукм) араб тилинде өкүм кылуу маанисинде болуп, аким өкүмдү аткаруучу болот. Ал-хукм, ал-мулк жана ас-султан сөздөрүнүн терминдик мааниси бирдей болуп, мыйзамдарды аткара турган салтанат-бийликти же шарият мусулмандарга важып кылган акимдик ишин түшүндүрөт. Акимдик – зулумду жоготуу жана иштерди ажырым кылуудагы бийлик. Башкача айтканда «Өкүм» т.а. «башкаруу» Алла Тааланын:

أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُوْلِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ

*- «Аллага жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон (мусулман) акимдериңерге моюн сунгула».* [4:59]

وَلَوْ رَدُّوهُ إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَى أُوْلِي الْأَمْرِ مِنْهُمْ

*- «Эгер аны Расулга жана өз иш ээлерине кайтарышканда…».* [4:83]

ушул аяттарында келгендей, иштерди иш жүзүндө түздөн-түз башкаруу.

Мамлекет үчүн, коом жана турмуш үчүн мабдаъ катары Ислам мамлекет жана бийликти Исламдын бир бөлүгү кылып, мусулмандарга мамлекетти жана бийликти тикелөөнү, Ислам мыйзамдары менен өкүм жүргүзүүнү буюрду. Курани Каримде бийлик жана салтанат туурасында түшкөн ондогон аяттар мусулмандарды Алла түшүргөн мыйзамдар менен өкүм жүргүзүүгө буюрган. Алла Таала айтат:

فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنْ الْحَقِّ

- *«Адамдар ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзгүн, сага келген Акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе».* [5:48]

وَأَنْ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ

- *«Алардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюуларынан этият бол».*[5:49]

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْكَافِرُونَ

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзбөсө, мына ошолор капырлар».* [5:44]

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الظَّالِمُونَ

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзбөсө, мына ошолор заалымдар».* [5:45]

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْفَاسِقُونَ

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзбөсө, мына ошолор фасыктар».* [5:47]

فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا

- *«Жок, Роббиңерге касам, тээ алар ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдү сени өкүмдар кылышмайынча жана сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча, эч качан момун боло алышпайт».* [4:65]

أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُوْلِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ

- *«Эй момундар, Аллага жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон (мусулман) акимдерге моюн сунгула!».* [4:59]

وَإِذَا حَكَمْتُمْ بَيْنَ النَّاسِ أَنْ تَحْكُمُوا بِالْعَدْلِ

- *«Эгер адамдар ортосунда өкүм жүргүзсөңөр, адилет менен өкүм жүргүзгүлө».* [4:58]

Булардан башка да дал ушул «өкүм» жана «салтанатка» тиешелүү ондогон аяттар бар. Мындан тышкары, өкүм-башкаруунун тафсилаттарына далалат кыла турган өтө көптөгөн аяттар бар. Алар аскерий, саясий, жиноий (кылмыштуулук), ижтимаий, маданий мыйзамдарга тиешелүү. Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قَاتِلُوا الَّذِينَ يَلُونَكُمْ مِنْ الْكُفَّارِ وَلْيَجِدُوا فِيكُمْ غِلْظَةً

*- «Эй ыйман келтирген заттар, силерге карай жүздөнүп жаткан капырларга каршы согуш кылгыла жана алар силердеги күч-кубатты көрүшсүн!».* [9:123]

فَإِمَّا تَثْقَفَنَّهُمْ فِي الْحَرْبِ فَشَرِّدْ بِهِمْ مَنْ خَلْفَهُمْ لَعَلَّهُمْ يَذَّكَّرُونَ وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِنْ قَوْمٍ خِيَانَةً فَانْبِذْ إِلَيْهِمْ عَلَى سَوَاءٍ

*- «Эгер аларды согушта тапсаң, аларды жок кылуу менен аркаларындагы адамдарды коркутуп койгун, эстетме-сабак алышса ажеп эмес. Эгер бирер кавм тарабынан кыянатты сезсең, сен да аларга дал ошондой кылып тең таштагын (ортоңордогу убада-шерт бүткөндүгүн эки тарап тең билишсин)».* [8:57-58]

وَإِنْ جَنَحُوا لِلسَّلْمِ فَاجْنَحْ لَهَا وَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ

*- «Эгер алар келишимге ыкташса, сен да келишимге ыктагын жана Аллага тобокел кылгын».* [8:61]

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَوْفُوا بِالْعُقُودِ

*- «Эй момундар, келишимдерге бапаа кылгыла».* [5:1]

وَلَا تَأْكُلُوا أَمْوَالَكُمْ بَيْنَكُمْ بِالْبَاطِلِ وَتُدْلُوا بِهَا إِلَى الْحُكَّامِ لِتَأْكُلُوا فَرِيقًا مِنْ أَمْوَالِ النَّاسِ بِالْإِثْمِ وَأَنْتُمْ تَعْلَمُونَ

*- «Мал-дүйнө, байлыгыңарды өз араңарда туура эмес-арам жолдор менен жебегиле (т.а. бири-бириңердин акыңарды жебегиле!) жана (күнөө кылып жатканыңарды) билип туруп, адамдардын байлыгынын бир бөлүгүн арам жолдор менен жеш үчүн (байлыгыңарды пара кылып) акимдерге узатпагыла».* [2:188]

وَلَكُمْ فِي الْقِصَاصِ حَيَاةٌ يَاأُولِي الْأَلْبَابِ

*- «Силер үчүн касас-өч алууда жашоо бар, эй акыл ээлери!».* [2:179]

وَالسَّارِقُ وَالسَّارِقَةُ فَاقْطَعُوا أَيْدِيَهُمَا جَزَاءً بِمَا كَسَبَا نَكَالًا مِنْ اللَّهِ

*- «Ууру эркектин да, ууру аялдын да, кылмыштарына жаза, Алла тарабынан азап болсун үчүн колдорун кескиле».* [5:38]

فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَآتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ

*- «Эгер силер үчүн балдарыңарды эмизишсе, алардын эмизген акыларын бергиле».* [65:6]

لِيُنفِقْ ذُو سَعَةٍ مِنْ سَعَتِهِ وَمَنْ قُدِرَ عَلَيْهِ رِزْقُهُ فَلْيُنفِقْ مِمَّا آتَاهُ اللَّهُ

*- «Бай-дөөлөттүү болгон киши өз байлыгынан (т.а. байлыгына жараша) нафака берсин! Кимдин ырыскысы таң кылынган (кембагал) болсо, анда Алла берген нерседен (т.а. өз абалына жараша) нафака берсин».* [65:7]

خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ

*- «(Эй Мухаммад), сен алардын малдарынын бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садага катары алгын».* [9:103]

Ошентип, маданий, аскерий, жиноий жана саясий ташреъ (мыйзамчылык) үчүн о.э. мамилелер үчүн жүздөгөн аяттардан, көптөгөн хадистерден ачык-айкын кең сызыктарды көрөбүз. Булардын бардыгы өкүм жүргүзүү, турмушта колдонуу жана аткаруу үчүн түшкөн. Чындыгында эле, алар Расулулла ﷺдын тушунда, хулафаи рошидиндердин о.э. алардан кийинки халифалардын доорлорунда иш жүзүндө турмушта колдонулган. Бул Ислам башкаруу үчүн, мамлекет үчүн, коом жана турмуш үчүн, үммөт жана жеке адам үчүн жиберилген түзүм экендигине далалат кылат.

Бул дагы ушуга далалат кылат, мамлекет өкүмдү Ислам түзүмүнө ылайык жүргүзгөндө гана бийликке акылуу болот. Мамлекетте Ислам мыйзамдары аткарылып, Ислам тирүү болгондо гана ал үчүн жашоо болот. Ислам – дин жана мабдаъ, бийлик – анын бир бөлүгү. Мамлекет – Ислам өз мыйзамдарын турмушка колдонуу үчүн жана аларды жалпы турмушта аткаруу үчүн түзүлгөн жалгыз шаръий тарыйкат. Бардык абалдарда Ислам мыйзамдарын аткара турган мамлекет болгондо гана Ислам тирүү абалында бар деп этибар кылынат. Исламий Мамлекет – инсаний саясий мамлекет, рухий кудайжөйлүк мамлекети эмес, ал эч кандай ыйыктыкка ээ эмес, анын мамлекет башчысында маъсумдук (күнөөдөн тазалык) сыпаты жок.

Исламдагы башкаруу түзүмү мамлекеттин түзүлүшүн, мүнөзүн, негиздерин, органдарын, курула турган негизин, алака жана мамилелерди башкара турган пикир жана түшүнүктөрүн, турмушка колдоно турган дастур (конституция) жана мыйзамдарын баян кылат.

Ал белгилүү бир мүнөздөгү мамлекет үчүн өзгөчө касиетке ээ түзүм. Дүйнөдөгү бардык башкаруу түзүмдөрүнөн курула турган негизинде, алака жана мамилелерди башкара турган пикир жана түшүнүктөрүндө, түзүлүшүндө, дастур жана мыйзамдарында түп-тамырынан бери айырмаланат.

## ИСЛАМДАГЫ БАШКАРУУ ТҮЗҮМҮ СОЮЗ ТҮЗҮМҮ ЭМЕС, БИР БҮТҮНДҮК ТҮЗҮМҮ

Ислам исламий диярлардын союзга бириккен мамлекет болушун арам кылат жана бир бүтүн мамлекет болушун парз кылат. Башкаруу үчүн сак-саламат түзүм союз же башка түзүм эмес, балким, бир бүтүндүк түзүмү,

себеби, шарият ушуга далалат кылып жатат, башка түзүмгө тыюу салып жатат. Расул ﷺ айтты: «Кимде-ким имамга байъат кылып, ага колун жана дилин берсе, ага итаат кылсын. Эгер башка бирөө келип, имамдан башчылыкты талашса, аны өлтүргүлө». «Эгер эки халифага байъат кылынса, экинчисин өлтүргүлө». Мурунку хадис мамлекетти бөлүп алуу арамдыгын түшүндүрүп, анын бөлүнүшүнө жана ажыралып чыгууларына кылыч менен болсо да жол койбоого үндөп жатат. Экинчи хадис мамлекетти бир нече мамлекеттен куроо арам экендигин түшүндүрүп, бир халифадан ашык халифа болушуна тыюу салып жатат. Ошондуктан, Исламдагы башкаруу түзүмү бир бүтүндүк түзүмү, союз түзүмү эмес жана бир бүтүндүк түзүмүнөн башкасы катъиян арам. О.э. федералдык союз да каъиян арам.

Белгилүү болгондой, федералдык союз эки же андан ашык мамлекеттердин ортосундагы союз болуп, анда ар бир мамлекеттин вужуду сакталган абалда, башкарууга тиешелүү айрым иштер бир кыл кылынат. О.э. ар бир мамлекет каалаган убакта союздан чыгуу укугуна ээ. Федералдык союз бир бүтүндүк эмес, ар бир мамлекеттин өз вужудун сактап калышы анын касиети. Анын эң биринчи иштери – федералдык парламент шайлоо жана союз мамлекеттер ортосунда бир болушу көздөлгөн иштерди белгилеп берүүчү федералдык дастур (конституция) түзүү. Дастурда юридикалык мыйзамдарды бир кыл кылуу, армияны бириктирүү, тышкы саясат, экономикалык жана башкаруу мыйзамдары көрсөтүлөт. Кээде булардын бардыгы же айрымдары, же көбүрөөк бөлүгү көрсөтүлөт. Кээде бир ар бир мамлекеттин вужуду сакталган абалда мамлекеттик органдары бириктирилет, Кошмо Штаттардагы сыяктуу. Айрым абалдарда кээ бир иштер бир кыл кылынып, мамлекеттик органдары өз абалында калат, Советтик Социалисттик Республикалар Союзундагы сыяктуу. Ж.б.у.с. дастур союздун түрүн белгилейт жана дастур федералдык парламент тарабынан о.э. парламентке ээ болсо, ар бир мамлекеттин парламенти тарабынан тастыкталат. Федералдык мамлекет дастур белгилеген ваколаттарга (полномочиелерге) гана ээ болот, калган ваколаттарга ар бир мамлекеттин өзү ээлик кылат, андан каалаган жолунда пайдаланат жана ар бир мамлекет өз вужудун сактаган абалда өзүнчө өзгөчө мүнөздүү мамлекет болуп калат.

Федералдык союздун мааниси мына ушундай. Ошондуктан, эки мамлекет ортосундагы визаларды бекер кылуу, экономикалык биримдик, таалим программаларын бириктирүү, же ушул бардык мыйзамдарды бириктирүү – булардын федералдык союзга эч кандай алакасы жок. Кээде бул иштер эки мамлекет ортосунда федерал союз болбогон абалда да болушу мүмкүн. Парламент же парламенттердин, конгресс же сенаторлордун бул сыяктуу союзду тастыкташы федералдык союзга таптакыр тиешеси жок, себеби, бул сыяктуу токтом, бар болгону, шыктандыруу жана кызыктыруу

гана. Эң маанилүүсү – союздун түрүн, союз мамлекеттин жана анын ваколаттарын белгилөөчү дастурдун кабыл алынышы.

Ушуга караганда, Исламий шарият мусулмандарга, кандай түрдө болбосун, федералдык союзга таптакыр уруксат бербейт. Анткени, мусулмандарда башкаруу түзүмү бир бүтүндүк түзүмү, союз түзүмү эмес. Бул бир жактан, башка жактан болсо, Исламда сыядат-ээлик шарияттыкы. Башкаруу түзүмүн, мыйзам жана молияны (финансыны) шарият белгилейт. Эч ким аларды белгилөө укугуна ээ эмес. Мындан тышкары, шарият өкүмдөрү бардык мусулмандар үчүн бир кыл болуп, белгилүү бир диярдагы шарият өкүмү башка бир диярдагы шарият өкүмүнөн өзгөчө болушу мүмкүн эмес. Мыйзамдын ар кыл болушу жайыз эмес. Мусулмандар молиясы бир болуп, диярлардын канча киреше кылышына карабастан, аларга байтул-малдан сарп кылынат. Жихад мусулмандарга парз болуп, мусулмандар диярынын бирине кол салынса, бардык мусулмандар жихадга чыгышы зарыл. Мусулмандар вужуду мажбурий түстөгү бир вужуд болуп, алардын мыйзамдары, молиясы, башкарууга тиешелүү бардык мыйзамдары бирдей, ар түрдүү болушу мүмкүн эмес. Коом, турмуш түзүмү, башкаруу түзүмү мусулмандарда бир бүтүндүк түзүмү, союз түзүмү эмес. Ошондуктан, Ислам жеке вужуд түзүмү мүнөзүндөгү түзүмдү важып кылат, бир нече вужуддардын союздук түзүмүн инкар кылат, Ислам союзга тыюу салып, бир бүтүндүктү талап кылат жана бир бүтүндүктү жүзөгө келтирүү үчүн, керек болсо согушту парз кылат.

## ЖАЛПЫ ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

Шореъ акимдин мойнундагы жалпы жоопкерчиликтерди ачык-айкын белгилеп берген. Ал акимдин акимдикте зарыл болгон сыпаттардагы жоопкерчилигин о.э. анын раъиятка карата болгон мамилесиндеги жоопкерчилигин баян кылган.

Акимдин акимдикте зарыл болгон сыпаттардагы жоопкерчилиги Расул ﷺдын акимдин айрым сыпаттары жөнүндөгү хадистеринде ачык-айкын келген. Алардын эң көрүнүктүүлөрү: кудуреттүүлүк т.а. башкаруу ишине заифтик (алсыздык) кылып жараксыз болбоо, таква, раъиатка жумшак мамиледе болуу жана тажатпоо. Расулулла ﷺ аким кудуреттүү болушу керек, заиф (алсыз) киши аким болууга ылайыксыз деп билген. Муслим Абу Заррдан рыбаят кылат: «Эй Абу Зарр, сени заиф деп билемин, өзүм үчүн сүйгөн нерсени сага илинемин (т.а. өзүмө ыраа көргөн нерсени сага да ыраа көрүп жатам): эки кишиге башчы болбо, жетимдин малына васийлик кылба». Абу Заррдан рыбаят кылынат: «Я Расулулла, мени омил кылбайсызбы? - деп сурадым. Колу менен далымдан таптап, айтты: «Эй Абу Зарр, сен заифсиң. Ал – аманат. Ал кыямат күнүндө шерменделик жана өкүнүч, болгону, башчылыкты туура жүргүзгөн жана андагы

жоопкерчилигин өтөгөн киши үчүн гана андай эмес». Бул хадистеги кудуреттүлүктөн т.а. заиф эместиктен көздөлгөн максат – шахсияттын (личносттун) күчтүүлүгү т.а. аклия жана нафсиянын күчтүүлүгү.

Ошондуктан, аким башкаруу аклиясына ээ болуп, алака жана мамилелерди түшүнүшү керек о.э. нафсиясына ээ болуп, өзүн амир деп билиши керек жана каалоо-ыктоолорун амирдей болуп башкарышы керек. Шахсияттын кудуреттүү болушунда өкүмдарлыкка жөндөм бар. Ушул себептен улам, акимдин туура эмес өкүмдарлык кылуудан сактоочу сыпатка ээ болушу зарыл. Ошондуктан, акимдин өзүндө жана үммөттү башкарышында таква менен сыпатталган болушу шарт. Сулайман ибн Бурайда атасынан рыбаят кылды: «Расул ﷺ кошуун же сарияга амир дайындаса, Алладан таква кылууну жана өзү менен бирге болгон мусулмандарга жакшы мамиледе болууну насаат кылар эле». Аким Алладан таква кылса, ичинен да, тышынан да Андан корксо, мындай абал раъиятка зулум кылуудан сактайт. Таква аны орой жана катаал мамиледе болуудан кайтарат. Себеби, ал ар дайым Алладан коркcондуктан, Анын буйрук жана кайтарууларына катуу баш иет. Акимдик кишиден катуу кол болууну талап кылат, ошондуктан да, Алла Таала акимди жумшак болууга, орой мамиледе болбоого буюрду. Айша رضي الله عنها дан рыбаят кылынат: «Расул ﷺдын ушул үйүмдө мындай деп айтып жатканын уктум: «Я Алла, кимде-ким үммөтүмдүн иштеринин бирине башчы болуп, аларга орой мамиледе болсо, ага орой мамиледе болгун. Кимде-ким үммөтүмдүн иштеринин бирине баш болуп, ага жумшак мамиледе болсо, ага жумшак мамиледе болгун». О.э. акимди тажатуучу болбоого жана кубандыруучу болууга буюрду. Абу Мусадан рыбаят кылынат: «Курсант кылгыла, тажатпагыла, жеңилдештиргиле, кыйындаштырбагыла».

Акимдин раъиятка карата болгон мамилесиндеги жоопкерчилигине келсек, Шореъ акимди раъиятка насаат кылууга, алардын иштеринде жалаң Ислам менен гана өкүм жүргүзүүгө буюрду жана умумий мүлктү өздөштүрүп (жалпы элдик мүлктү менчиктештирип) алуудан эскертти.

Алла Таала раъиятка насаат кылбай турган же бирер иште аларга кыянат кыла турган акимге бейишти арам кылган. Маъкал ибн Ясордон рыбаят кылынат: «Кайсы бир пендени Алла раъиятка башчы кылса жана аким раъиятка насаат кылбаса, бейиштин жытын таппайт». Дагы Маъкал ибн Ясордон рыбаят кылынат: «Расул ﷺдын мындай деп айтканын уктум: «Кайсы бир башчы мусулмандар раъиятына башчы болуп, аларга кыянат кылган абалда өлсө, Алла ага бейишти арам кылат». Муслим Маъкалдан: «Кайсы бир амир мусулмандар ишине башчылык кылып, алар үчүн кыйынчылык тартпаса, насаат кылбаса, алар менен бейишке кирбейт». Абу Саидден рыбаят кылынат: «Ар бир кыянатчы үчүн кыямат күнүндө бир байрак бар болуп, ал анын кыянаты боюнча бийик көтөрүлөт. Билип койгула, омманын (элдин) амиринен кыянаты чоңураак киши жок». Расул

ﷺдын акимдин раъият үчүн кыйынчылык тартышына, аларга насаат кылышына катуу көңүл бурушу акимдиктеги жоопкерчиликтин канчалык оор экендигин көрсөтөт.

Жалпы элдик мүлктү өздөштүрүп албоо маселесине келсек, Расул ﷺ мындан катуу эскерткен. Башчылардын биринен мындай абалды көрүп, катуу урушкан жана бул жөнүндө адамдарга айткан. Абу Холид ас-Соидийден рыбаят кылынат: «Пайгамбар ﷺ Ибн Лутбийяны Бану Салим садакаларына омил кылып жиберди. Ал Расулулла ﷺ алдына келгенде, Расул ﷺ андан эсеп-китеп талап кылды. «Булар силерге, ал эми, булар мага белек кылынды», - деп жооп берди омил. (Расул ﷺ:) «Сөзүң ырас болсо, энеңдин үйүндө отурбайсыңбы, сага белек келер бекен?! – деп ордунан турду жана Аллага хамд айтып, адамдарга хутба окуйт: «Амма баъд, мен айрым кишилеримди ваколатымдагы кээ бир иштерге омил кылсам, кийин ал келип, бул силерге, мунусу мага белек кылынды деп айтат, сөзү чын болсо энесинин үйүндө отурбайбы, ага белек келер бекен. Аллага ант болсун, эч ким эч нерсени акыйкатсыз албайт, алса, кыямат күнүндө аны көтөрүп барат». Бул Алла андан эсеп-китеп талап кылышын жана аны кылмышына ылайык азапташын түшүндүрөт. Бул акимдин жалпы элдик мүлктү кандайдыр бир жолдор менен, фатва жана бурмалоолор менен өздөштүрүп алышына болгон катуу эскертүү.

Акимдин адамдарга кайсы мыйзамдар менен өкүм жүргүзүшү керектигине келсек, Шореъ бул мыйзамдарды анык белгилеп берген. Аны Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен өкүм жүргүзүүгө буюруп, Китеп жана Сүннөт негизинде ижтихад кылуу укугун берди. Исламдан башка булакка кайрылуудан кайтарды. Өкүм жүргүзүү Китеп жана Сүннөт менен чектелгендиги Куран аяттарында ачык-айкын баян кылынган. Алла Таала айтат:

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْكَافِرُونَ

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, мына ошолор капырлар».* [5:44]

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الظَّالِمُونَ

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, мына ошолор заалымдар».* [5:45]

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْفَاسِقُون

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, мына ошолор фасыктар».* [5:47]

Бул өкүмдү Алла түшүргөн нерсеге чектөө дегени. Алла саййидибиз Мухаммад ﷺга түшүргөн нерсе – сөз жана мааниси менен түшүрүлгөн Сүннөт.

Аким Китеп жана Сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө чектелген. Шореъ Китеп жана Сүннөт негизинде ижтихад кылууга т.а. ал экөөсүн түшүнүп, андан өкүм истинбат кылып алууда бар күчүн сарптоого уруксат берди. Рыбаят кылынат: «Расул ﷺ Муазды Яманга жиберип жатып сурайт: «Эмне менен өкүм кыласың?» Муаз жооп берди: «Алланын Китеби менен». Расулулла айтты: «Эгер андан таба албасаңчы?». «Расулулланын Сүннөтү менен» – деп жооп берди Муаз. «Эгер андан да таба албасаңчы?» - деп сурады Расулулла. «Пикирим менен ижтихад кылам», - деп жооп берди Муаз. Ошондо Расулулла: «Алланын элчисинин элчисин Анын элчиси сүйгөн ишке ылайык кылган Аллага хамду-саналар болсун», - деди». Шореъ эгер аким ижтихадда ката кылса, ал үчүн бир ажр-сооп белгиледи жана муну менен аны ижтихадга шыктандырып, нусустардын сырткы маанисинде катып калуудан алыстатты. Бухарий Амр ибн ал-Остон рыбаят кылат: «Аким өкүм кылганда ижтихад кылып, ката кылса, ал үчүн бир ажр болот». Шарият башкаруу мыйзамдарын жалаң Ислам өкүмдөрүнө чектеди жана мында катуу турду. Шарият акимдин ката кетиришине карабастан ага ижтихад укугун берген болсо да, башкарууну Ислам мыйзамдарына чектеди жана башка мыйзамдар менен, ал тургай, Исламдан башка булактан өкүм суроодон, же Ислам мыйзамдары менен бир катарда башка мыйзамдар менен өкүм кылуудан кайтарды. Алла Расул ﷺга кайрылып мындай деди:

وَأَنْ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ

*- «Алардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе. Алла сага түшүргөн айрым өкүмдөрдөн сени буруп, фитнага салып коюуларынан этият бол».* [5:49]

فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنْ الْحَقِّ

*- «Адамдардын арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, сага келген Акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе!».* [5:48]

Расул ﷺга кылынган кайрылуу – анын үммөтүнө кайрылуу, демек, ар бир акимге кайрылуу. Муслим Айшадан рыбаят кылат: «Кимде-ким ушул ишибизде андан болбогон нерсени пайда кылса ал бекер». Башка рыбаятта: «Кимде-ким биз буюрбаган ишти кылса, ал бекер». Бухарий Убайдулладан, ал Абдулладан рыбаят кылат: «Ибн Аббас رضي الله عنه айтты: «Кантип силер ахли китептердин шарияттарынан өкүм сурайсыңар, негизи, силердин Расулуллага түшүрүлгөн китебиңер жаңы, аны эч нерсе аралашпаган таза абалда окуп жатасыңар. Расулулла силерге айтып бербеди беле, ахли китептер арзан баада сатуулары үчүн Алланын китебин өзгөртүшкөн жана өздөрү китеп жазып, мындай дешкен: «Ал

Алланын алдынан». Силерге келген илим-акыйкат алардан суроодон кайтарбайбы?». Булар кайсы мыйзамдар менен башкаруу керектигин анык белгилеп, акимдин мыйзамдардагы жоопкерчилигин Алла түшүргөн мыйзамдар менен башкарууга чектейт».

Акимдин мойнундагы бул жоопкерчиликтер Шореънин жалпы жоопкерчиликтерди анык белгилеп бергенин көрсөтөт. Алар акимдин мойнундагы жоопкерчиликтер. Ал Халифа же анын муавыны болобу, волий же омил болобу, буга карабастан, ал аким болот жана ал ушул жоопкерчиликтерге чектелген. Бул жоопкерчиликтер волий, амир жана башка акимдердин жоопкерчиликтери болгон соң, демек, Халифанын да жоопкерчилиги. Ырас, алар амирге важып болгондон кийин, жалпы жоопкерликти алган адамга андан да важыбыраак.

Расулулла ﷺдын: «Кайсы бир пендени Алла раъиятына башчы кылган болсо, …» же «Кимде-ким үммөттүн иштеринин бирине башчы болсо…» же «Омма амиринен чоңураак…» сыяктуу сөздөрү жана Алла Тааланын:

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ

- *«Кимде-ким... өкүм кылбаса»*

сыяктуу аяттары умумий мааниде келген болуп, волийди да, халифаны да өз ичине алат. Расулулла ﷺга болгон хытаб (кайрылуу) – ар бир аким үчүн хытаб, халифабы, волийби, айырмасы жок. Ал эми, Расулулла ﷺ халифанын раъиятынан жоопкер экендигин анын мойнундагы жалпы жоопкерчиликтер баян кылынган хадисте баян кылган.

Бухарий Абдулла ибн Умардан рыбаят кылат: «Расул ﷺ айтты: «Билип койгула, баарыңар башчысыңар жана баарыңар өз раъиятыңардан жоопкерсиңер. Адамдар ичинде башчы болуп турган имам – башчы жана ал өз раъиятынан жоопкер. Эркек киши – үй-бүлөсүнө башчы жана ал өз раъиятынан жоопкер. Аял – эринин үй-бүлөсүнө жана эринин перзенттерине башчы жана ал өз раъиятынан жоопкер. Кул – кожосунун малына башчы жана өз раъиятынан жоопкер. Баарыңар башчысыңар жана баарыңар өз раъиятыңардан жоопкерсиңер». Муну менен Расул ﷺ халифаны өз раъиятынан жоопкер деп эсептеди. Демек, жалпы жоопкерчиликтер акимдин мойнунда болуп, халифага да, амирге да бирдей важып.

Шореъ акимдин жалпы жоопкерчиликтер жүктөлгөн милдеттерин аткарууну жолдонмо жана мыйзам менен кепилдеди. Жолдонмо ушундан турат: аким жоопкерчиликтерине кайдыгер караса, жоопкерчиликтери жүктөлгөн милдеттерди аткарбаса, аны Алланын азабынан эскертти. Эгер жоопкерчиликтерди өз милдетин өтөй албай турган заиф киши алса, жоопкерчилик кыямат күнүндө шерменделик жана өкүнүч экенин баян кылды. Жана Расулулла ﷺ Алладан Исламий Үммөткө орой мамиледе болгон башчыга орой мамиле кылууну сурады. Үммөткө калыстык

кылбаган башчыга бейишти арам кылды. Жана мындан башка да бир канча эскертүүлөр бар болуп, алар акимдин өз жоопкерчиликтерин аткарбоонун акыбетин т.а. Алланын азабын баян кылат. Бирок, шарият муну менен чектелип калбады, балким, акимдин бул жоопкерчиликтер жүктөгөн милдеттерди аткаруусунда үммөттү көзөмөлдөөчү кылды жана Ислам мыйзамдарынан башкасы менен өкүм кылып, ачык куфр ашкере болгондо, ага кылыч менен согуш кылууну буюрду. Акимге нахий мункар кылып жатып өлтүрүлгөн кишини шейиттердин саййиди деп баалады. Расул ﷺ айтат: «Шейиттердин саййиди – Хамза; жана залим имамга каршы туруп, аны амри маъруф, нахий мункар кылгандан кийин, залим имам өлтүрүп жиберген киши». Расул ﷺ акимдин башкарууну жаман жүргүзүшүнө ыраазы болуп, ага эргешкен кишинин Алла алдында жоопкер болушун жана жазадан аман калбашын билдирди. Муслим Умму Саламадан рыбаят кылат: «Жакынкы күндөрдө амирлер болот. Силер маъруфка буюрасыңар жана мункардан кайтарасыңар. Кимде-ким маъруфка буюрса таза болот, кимде-ким мункардан кайтарса саламат болот. Бирок, кимде-ким ыраазы болсо, эргешсе...» «Аларга согуш кылбайбызбы?» - деп сурашты сахабалар. «Жок, араңарда намаз окуп жатышса», - деп жооп берди Расул ﷺ». Башка рыбаятта төмөндөгүчө келген: «Кимде-ким жаман көрсө таза болот, кимде-ким инкар кылса саламат болот. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп эргешсе…». Бул рыбаят мурунку рыбаятты ырастап-тастыктап жатат. Набавий бул хадистин түшүндүрмөсүндө мындай деген: «Кимде-ким жаман көрсө таза болот…» дегендин мааниси - Валлоху аълам (Алла билүүчү) – кимде-ким мункарды анык билсе, ал күмөндүү болбосо, ага анын күнөөсүнөн жана азабынан таза болуунун жолу белгилүү т.а. аны колу же тили менен өзгөртөт. Эгер алсыздык кылса, дили менен жаман көрсүн. «Кимде-ким инкар кылса саламат болот…» дегендин мааниси – кимде-ким колу, тили менен өзгөртүүгө кудуреттүү болбосо, дили менен инкар кылып, жаман көрсө, күнөөдө аларга шерик болуудан саламат болот. «Бирок кимде-ким ыраазы болуп эргешсе…» дегендин мааниси – кимде-ким алардын ишине жан дили менен ыраазы болуп, аларга ушул иште ээрчисе, таза да болбойт, тынч-саламат да болбойт».

Расул ﷺ бул хадисте акимди нахий мункар кылууну буюруп, кол менен т.а. согуш жана кылычтан тышкары мүмкүн болгон ар кандай ыкма менен, же тил менен т.а. нааразылыкты билдирүүчү ар кандай ыкма менен, же дил менен инкар кылууну важып кылды. Инкар кылбаган кишини күнөөдө акимге шерик деп этибар кылды. Анткени, кимде-ким алардын ишине ыраазы болуп, эргешсе, күнөөдөн таза да, саламат да болбойт деп айткан Расул Акрам алайхиссалам. Аким башкарууну суз жүргүзсө, бирок, Ислам менен өкүм жүргүзсө, мындай учурда инкар кылуунун ыкмасы жогорудагыдай түстө болот. Эгер Исламды колдонбой, куфр мыйзамдары

менен өкүм кылса, мындай убакта шарият кол, тил жана дил аркылуу инкар кылуу менен чектелбеди. Балким, аларды өзгөртүүнү, аларды өзгөртүү жолу кылып согуш жана кылычты белгиледи. Умму Саламадан рыбаят кылынат: «Аларга согуш кылбайбызбы?» – деп сурашты сахабалар. «Жок, эгер араңарда намазды өтөп жатышса», - деп жооп берди Расулулла ﷺ. Башка рыбаятта: «Аларга согуш кылбайбызбы, я Расулулла?» - деп суралды. «Жок, эгер алар намаз окушат экен» - деди Расулулла ﷺ» - деп келген. Авф ибн Маликтин хадисинде: «Я Расулулла, аларга кылыч менен согуш кылбайбызбы?» - деп суралды. «Жок, эгер алар араларыңарда намазды өтөшөт экен», - деп келген. Дагы бир рыбаятта мындай деп келет: «Я Расулулла, ошол убакта аларга согуш кылбайбызбы?» - деп сурадык. Расулулла айтты: «Жок, ырас, араңарда намазды өтөшөт экен». Уббода ибн Сомиттен рыбаят кылынат: «Пайгамбар алайхиссалам бизди чакырды, биз байъат кылдык. Курсантчылык жана капачылыкта, жеңил жана кыйынчылыкта, өз зыяныбызга болгондо да толук итаат кылууга, иш ээлеринен ишти талашпоого байъат кылдык. Расулулла ﷺ айтты: «Алла тарабынан ачык хужжат негизиндеги куфрду көрсөңөр гана…». Бул хадистердин мазмуну ачык куфрду көргөнүбүздө иш ээлеринен ишти тартып алышыбыз жана намазды өтөбөгөндөрүндө аларга кылыч менен согуш кылышыбыз лаазымдыгына далалат кылат. Намазды өтөбөө Ислам менен өкүм кылбоону түшүндүрөт т.а. эгер алар Ислам менен өкүм кылса, эч кандай согуш жана тартышуу жок. Эгер Исламдан башка нерсе менен өкүм кылса, анда согушуу жана талашуу важып болот. Булар менен Ислам жалпы жоопкерчиликтердин аткарылышын толугу менен кепилдеди.

## ҮММӨТ МЕНЕН МАМЛЕКЕТТИН ОРТОСУНДАГЫ АЖЫРЫМ ЖАНА ТЕРГӨӨНҮН ВАЖЫПТЫГЫ

Белгилүү болгондой, үммөт азыркы мамлекеттен, т.а. бийликтен толук ажыралган абалда болуп, үммөт менен акимдердин ортосундагы мамиле – мамлекет менен раъияттын мамилеси эмес, балким, бири-бирине карама-каршы эки тайпанын мамилеси. Анын үстүнө ал ирээнжүүнүн, тескерилик жана карама-каршылыктын мамилеси. Анда эч кандай жакындык жок, жакынкы келечекте анын жүзөгө келиши күтүлбөйт да. Дал ушул нерсе үммөт вужудун о.э. мамлекетти алсыратат. Себеби, үммөт өзүнөн болгон башчысыз – пайдубалы бош имарат болот, ал эми, мамлекет артында бир сап болуп туруучу үммөтсүз – алсыз мамлекет болот. Аны аз эле күч менен жоготууга болот, мындай абалда үммөт душмандарынан жардам суроого мажбур болот.

Ислам диярларына куфр мамлекеттери түздөн-түз өкүмдарлык кылган жана диярларга мандат системасы колдонулган күндө, мамлекет менен үммөттүн ортосундагы ушул ажырым табигый жана зарыл абалга айланган

эле. Бирок, анлгличандар салтанаты расмий түрдө жоготулуп, бийликти түздөн-түз дияр акимдери, үммөт перзенттери болгон мусулмандар башкара турган болгондон кийин, бул ажырымдын улантылышына эч кандай себеп калбаган. Адамдар менен мамлекеттин ортосундагы мамилелер аким менен раъияттын мамилелерине айланышы зарыл эле. Бирок, бул ажырым жоголбоду жана ал дагы деле улантылууда. Дагы деле акимдер бир тайпа, үммөт бир тайпа жана алар бирин-бирине карама-каршы. Үммөт англичандарга караган сымалы, акимдерге да душмандардай карап жатат. Балким, англичандарга караганда алардан көбүрөк зулум тартышты. Акимдер үммөт бизге каршы жашыруун тил бириктирип жатат, бизди өлтүрмөкчү жана биздин душман деп билет. Акимдер үммөткө, үммөт акимдерге айла-амал кылып жатат, алар бири-бирине тузак коюшууда. Булардын натыйжасында, үммөт улуулукка, жыргалчылык жана өнүгүүгө карай өсүүдөн үмүтсүз болууда. Акимдер болсо, чет элден болсо да жардам сурап, акимдик күрсүсүндө калуу жөнүндө баш катырууда. Алар үммөттүн өнүгүшү жөнүндө ойлобой жатат. Ойлосо да, үммөттүн үстүнөн ар дайым өкүмдар болуп калуу максатында, үммөттү өнүгүүдөн алысташтырып, аны ар дайым алсыз абалда калтыра турган ыкмалар жөнүндө ойлонушууда.

Үммөт менен мамлекеттин ортосундагы бул ажырым – үммөттүн Алла Таала парз кылган тергөөнү жүргүзбөгөндүгүнүн жана өзүнүн бийлик булагы экендигин билбегендигининин акыбети. Үммөт муну сезгенде жана тергөөнү жүргүзгөндө, үммөткө кыянатчыл душман аким башчылык кылбаган болор эле, аны менен акимдердин ортосунда бул сыяктуу ажырым жүзөгө келбеген болор эле, мындан алсыздык, бытырандылык жана калактык абалдарына түшпөгөн болор эле жана мусулман перзенттери болгон акимдер түздөн-түз башкарган абалда капырлардын таасири астында калып кетпеген болор эле. Демек, адамдар менен акимдер бир тайпа болушу үчүн жана үммөт менен мамлекет бир вужуд болушу үчүн, үммөт, албетте, акимдерди эсеп-китеп кылып тергеши, алардын алдында акыйкат сөздү айтышы керек, аларды өзгөртүү үчүн жан дили менен аракет кылышы шарт. Эгер үммөт буга тездик менен урунбаса, ал биз көрүп жаткан бүгүнкү абалда жүрө берет жана натыйжада түгөнүп бүтөт, же ушуга карай кетет.

Ислам акимдерди тергөөнү парз кылып, мусулмандарды Алла жолунда жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпогон абалда, каерде болушпасын, акимдерди тергөөгө, ак сөздү айтууга буюрду. Акыйкат сөздү айтуу маселесине келсек, мусулмандар Экинчи Акаба байъатында Расулулла ﷺга акыйкат сөздү айтууга байъат кылышкан: «Алла жолунда жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпогон абалда, каерде болсо да, акыйкатты айтууга байъат кылабыз». Акимдерди тергеп, аларды амри-маъруф жана нахий мункар кылуу амри маъруф жана нахий мункар

аяттарынан түшүнүлүп жаткан болсо да, буга тиешелүү ачык хужжаттар көп келген. Атийя Абу Саидден рыбаят кылат: «Расулулла ﷺ айтты: «Эң абзел жихад – залим султан алдына айтылган акыйкат сөз». Абу Умомадан рыбаят кылынат: «Биринчи жамарат күнүндө Расулулла ﷺга бир киши учурап «Я Расулулла, кайсы жихад абзел?» деп сурады. Расулулла унчукпады. Экинчи жамаратты ыргытканда дагы сурады. Расулулла унчукпады. Акаба жамарасын ыргытып, атын минүү үчүн үзөңгүгө бут салып жатып «Суроо берүүчү кана?» деп сурады. «Менмин, я Расулулла» деди киши. «Залим султан алдында айтыла турган акыйкат сөз» деп айтты Расулулла». Бул аким жөнүндөгү, анын алдында акыйкатты айтуунун жана аны тергөөнүн важыптыгына хужжат. Пайгамбар ﷺ залим акимдерге каршы күрөшкө үндөдү. Канчалык азап жеткирбесин, ал тургай, өлтүрүүгө чейин барса да, ага каршы күрөшүү лаазымдыгын билдирди. Рыбаят кылынат: «Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдул Мутталиб; жана залим имамга каршы туруп, ага амру-маъруф, нахий мункар кылган жана залим имам өлтүрүп жиберген киши». Бул акимдерди тергөө, залимдерге каршы күрөшүү жолунда канчалык азап болсо да көтөрүүгө, ал тургай, өлүмгө ыраазы болууга үндөөдөгү жеткиликтүү ыкма.

Акимдердин ушул күндөрдөгү зулумдарына каршы күрөшүү, кылып жаткан иштеринде, кыянаттарында жана үммөткө каршы тил бириктирүүлөрүндө аларды тергөө – Алла Таала бизге, мусулмандарга буюрган парздардын бири. Бул парзды өтөө үммөт менен акимдердин ортосундагы ажырымды алып таштап, аларды бир тайпага айландырат о.э. аларды өзгөртүүнү камсыздайт. Бул ойгонуу жолундагы биринчи кадам. Ойгонуу бийлик Ислам акыйдасына курулганда, бийлик аркылуу гана болот. Мунун бирден-бир жолу Исламий акыйда негизиндеги бийликти жүзөгө келтирүү. Ал үчүн акимдерге каршы күрөшүү жана аларды тергөө зарыл.

## САЯСИЙ ХИЗБТЕР ТҮЗҮҮ ПАРЗЫ КИФАЯ

Алла Таала мусулмандарга буйруган акимдерди тергөө вазыйпасы адамдар тарабынан о.э. уюм жана хизбтер тарабынан аткарылат.

Алла Таала мусулмандарды жакшылыкка даъват кылууга, амри маъруф, нахй мункар кылууга жана акимдерди тергөөгө буюрганы сыяктуу, дал ушул иштерди уюм катары аткара турган саясий уюм түзүүгө да буюрду. Алла Таала айтат:

وَلْتَكُنْ مِنْكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنْ الْمُنْكَرِ

- *«Силерден жакшылыкка даъват кыла турган, амри-маъруф, нахй мункар кыла турган жамаат болсун».* [3:104]

Т.а. эй мусулмандар, өзүңөрдөн эки ишти аткара турган жамаат түзгүлө, бири – Исламга даъват кылуу; экинчиси – маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу иши.

Жамаат түзүү үчүн болгон бул талап катъий талап. Себеби, жамаат аткарышы үчүн аят баян кылган иш мусулмандардын аткарышы зарыл болгон парз болуп, ал көптөгөн аяттарда жана хадистерде келген. Бул жамаат түзүү үчүн болгон талаптын катъий талап экенине карыйна. Ошондуктан, аяттагы буйрук важып маанисинде болуп, жамаат түзүү мусулмандарга парзы кифая. Айрым мусулмандардын аткарышы менен калгандардан сакыт болот. Ал парзы айн эмес. Себеби, Алла мусулмандардан ушул эки ишти аткаруу үчүн араларынан жамаат түзүүнү талап кылды, аны бардык мусулмандарга жүктөгөн жок, балким, ал үчүн араларынан жамаат түзүүгө буюрду. Демек, аяттагы буйрук ушул эки ишке эмес, жамаат түзүүгө каратылган.

Бул эки иш жамааттын иштеринин баяны болуп, жамаатты сыпаттап жатат.

Жамаат жамаат катары иш аткара алышы жана жамаат катары сакталып калышы үчүн белгилүү бир иштердин ишке ашышы зарыл.

Жамааттын жамаат сыпатына жетиши үчүн, жамаат мүчөлөрүнүн бир дене-уюм болушу үчүн ортону байлап тура турган робытанын (байламтанын) болушу шарт. Бул робытасыз жамаат жүзөгө келбейт. Жамаат жамаат сыпатын алышы үчүн итаат кылуу важып болгон амир да зарыл. Себеби, шарият үч жана андан артык мүчөсү болгон жамаатка амир белгилөөнү буюрган. Расул ﷺдан рыбаят кылынат: «Чөлдөгү үч киши да бирөөсүн амир кылып шайлашы керек».

Бул эки сыпат т.а. робытанын жана амирдин болушу

وَلْتَكُنْ مِنْكُمْ أُمَّةٌ

- *«Силерден бир жамаат болсун».* [3:104]

маанисиндеги аяттын ортолукту байлап турган робытага жана итааты важып болгон амирге ээ жамаат болсун деген мааниде экендигин түшүндүрөт. Биерде жамаат сыпатына ээ болгон жана ушундай сыпатта иш алып бара турган ар кандай хизб, уюм, коом жана уюм назарда тутулуп жатат. Ушундан маалым болгондой, аят хизб, же уюм, же коом түзүүгө буюруп жатат.

Аят саясий хизб түзүүгө буюруп жатат. Себеби, ал жамааттын ишин анык көрсөтүп берген. Ал иш Исламга даъват кылуу жана маъруфка буюруу, мункардан кайтаруу. Маъруфка буюруу, мункардан кайтаруу иши умумий болуп, акимдерди амри-маъруф, нахий-мункар кылууну да өз ичине алат. Мунун мааниси аларды тергеп туруу дегени. Акимдерди тергөө саясий иш болуп, аны саясий хизбтер аткарат жана бул алардын эң маанилүү иштеринен.

Демек, аят Исламга даъват кылуу үчүн, маъруфка буюруп, мункардан кайтаруу үчүн, акимдердин кылган иш жана башчылыктарын тергөө үчүн саясий хизбтерди түзүүгө далалат кылып жатат.

Аят хизбтердин Исламий акыйда негизинде курулган жана шаръий өкүмдөрдү кабыл алган исламий хизбтер болушу важып экендигин түшүндүрүп жатат. Коммунисттик, капиталисттик, улутчулдук, мекенчилдик негизиндеги, же болбосо, демократия же илманийликке, массондукка даъват кыла турган, таптакыр мусулман эмес акыйда негизинде курула турган жана нашаръий өкүмдөрдү кабыл ала турган хизбтерди түзүү жайыз эмес. Анткени, аят бул хизбтердин сыпатын алар аткара турган иштер менен т.а. Исламга даъват кылуу, маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу иштери менен чектеп койгон. Бул иштерди аткаруучу киши Исламды көтөрүп чыгышы, Исламга негизделиши жана Ислам өкүмдөрүн кабыл алышы зарыл.

Эгер коммунисттик, капиталисттик, демократиялык, илманийлик, масондук, улутчулдук, мекенчилдик, аймакчылдык негиздеринин биринде уюшса, Ислам негизине курулган, Исламды көтөрүп чыккан жана Ислам өкүмдөрүн кабыл алган деп саналбайт. Балким, куфр негизине курулган жана куфр пикирлеринин негизинде уюшкан болот.

## АДАМДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК САЯСАТКА ТААСИР ӨТКӨРҮҮЛӨРҮ ЖАНА ХИЗБТЕРДИН МАМЛЕКЕТТЕРДИН БАГЫТЫТЫН ӨЗГӨРТҮҮЛӨРҮ

Суроо: адамдар эл аралык саясатка, хизбтер мамлекеттердин багытына кандай таасир өткөрө алат. Негизи, бул багыттар бир нече кылымдардан бери бар жана тамыр жайган. Жооп: адамдар, хизбтер саясий иштерди, эл аралык саясатты сыймыктануу үчүн, маалыматтарын байытуу үчүн күзөтүүлөрү жакшы эмес. Балким, дүйнө иштерин башкаруу жөнүндө жана дүйнө саясатына таасир кылуучу тарыйкат жөнүндө пикирлөө максатында т.а. саясий кишилер болуу максатында күзөтүүлөрү зарыл. Саясий киши акылдуу-дааналардан болсо да, сыймыктануу үчүн, терең пикирлөөчүлөрдөн болсо да, маалыматын байытуу үчүн көзүтүүдөн ыраакта болот. Ал акылдуу же пикирлөөчү саясий киши болгону үчүн саясатты күзөтөт, эл аралдык абалды жана мамлекеттердин абалын түшүнөт, эл аралык саясат менен эриш-аркак жүрөт. Саясий киши болуу – дүйнө иштерин башкаруу үчүн т.а. эл аралык саясатка таасир өткөзүү үчүн иштөө дегени. Башка бир жактан алганда, жеке адам катары эмес, балким, үммөттүн бир бөлүгү жана мамлекеттеги адам катары иштейт. Ал мамлекеттин саясатын белгилөөчүлөрдөн же аткаруучулардан болбосо да, ушундай кишидерден болууга, же ушундай кишилерди тергеп туруучу кишилерден болууга умтулат. Муну менен ал эл аралык саясатка таасир өткөзөт, саясатты белгилөө же аны аткаруу ваколатына ээ болбосо да.

Мына ушундай кылуу менен ал таасир кылуучу кишиге айланат. Себеби, мамлекет эл аралык саясатка жана эл аралык абалга адатта ушундай кишилер аркылуу таасир өткөрөт, же бул сыяктуу кишилер мамлекетти эл аралык саясатка таасир кылуучу даражага көтөрүүгө аракет кылат. Ушул кезде саясий түшүнүктөр өз натыйжаларын берет т.а. саясий аң-сезимге ээ болгон дүйнөгө, айрыкча, улуу мамлекеттерде болуп жаткан саясий иштерди түшүнө ала турган адамдарды жетиштирип чыгаруу аркылуу мамлекет эл аралык саясатка жана эл аралык абалга таасир кыла турган даражага көтөрүлөт. Эл аралык саясат жана эл аралык абалга таасир өткөзүү жолунда коюла турган биринчи кадам саясий түшүнүктөрдү тунук, анык, айкын кылуу. Ал үчүн эң биринчиден адамдарды саясий иштерди күзөтүүгө жана эл аралык саясатты түшүнүүгө адаттандыруу керек т.а. дүйнөлүк саясатта саясий кишилерди жүзөгө келтирүү керек. Ошондо мамлекет эл аралык саясатта жана эл аралык абалда таасирге ээ болот. Демек, саясий түшүнүктөр өтө зарыл жана зор мааниге ээ.

Бирок, ушуну унутпоо керек, мамлекет мамлекеттер аралык мамилелери менен гана эл аралык позицияга ээ болот. Жеке адам коомдо адамдар ортосундагы мамилеси менен гана белгилүү бир позицияга ээ болот. Анын коомдогу адамдар арасындагы орду ушул мамилелер менен жана ушул мамилелерге канчалык таасир өткөзүшү менен белгиленет. О.э. мамлекет да мамлекеттер менен мамилелер орнотуу аркылуу белгилүү бир позицияга ээ болот. Анын позициясы мамлекеттер аралык мамилелерине жана ушул мамилелерге канчалык таасир өткөзүшүнө карай жогору же төмөн болот.

## ДЕМОКРАТИЯЛЫК ТҮЗҮМ – АДАМ ТҮЗГӨН КУФР ТҮЗҮМҮ

Демократия – башкаруу түзүмү болуп, адамдар аны башкаруу проблемаларына чечим берүү максатында иштеп чыккан. Калк өз акимдеринен зулум тартышар эле. Акимдер өздөрүн Алланын жердеги өкүлдөрү, алар адамдарга Алланын салтанаты менен өкүм жүргүзөт, акимге адамдар үстүнөн бийликти Алла Таала берет деп билишер эле. Кийин философтор жана ойчулдар жетишип чыкты жана башкаруу темасында талкуу жүргүзүштү. Адамдарды башкаруу үчүн жаңы түзүмдү – демократиялык түзүмдү иштеп чыгышты. Демократиялык түзүм адамдарды акимдердин зулумунан куткаруу үчүн жүзөгө келген. Демократия – акимдин бийликти Алладан эмес, адамдардан алышы үчүн, адамдар өз бийликтери менен башкарышы үчүн акимди алардын өздөрү белгилеши. Демократиялык түзүм Исламий диярларга сакофий жүрүш кылуу үчүн батыш дүйнөсү иштеп чыккан пикирлерден. Батыш дүйнөсү Осмоний мамлекетти бөлүштүрүү максатында XVIII миладий кылымдын аяктарында өткөзүлгөн Биримдик конференциясында, аны бөлүштүрүүгө эле эмес,

балким, демократиялык түзүмдү алуу үчүн мажбурлоого да келишип алышкан эле. Мына ушул убакта халифалык башкы министр жана министрлер түзүмүн киргизди. Негизи, ал демократиялык түзүмдөн болуп саналат.

XX кылымдын башында Халифалык түгөтүлгөн соң, Батыш дүйнөсү мусулмандардын пикирлерине демократиялык түзүм менен жүрүш кылуу максатында иш алып бара баштады. «Ислам – демократия дини» деп айтуучу китептерди басып чыгарды. Натыйжада, «демократия – Исламдан» деп алына турган болуп калды. Батыш өз колонизаторлук системасын колонизаторлуктун жаңы системасына өзгөртүп, демократиялык түзүм негизинде бир нече мамлекеттер түзүлдү. XX кылымдын баштарында, адамдардын дилдеринде али Ислам жана Исламга карата урмат бар убакта, «демократия – Исламдан» деп даъват кылышкан болсо, бүгүнкү күндө алар демократияны Исламдан деп билишпейт. Аны башкаруу түзүмү катары киргизүү үчүн «демократия – башкаруу түзүмү» деп дааба кылып жатат. Ал тургай, Ислам үчүн аракет кылып жаткан айрым мусулмандар да демократия пикирин кабыл алып, ага даъват кылышууда.

Демократия – элдин элди эл тарабынан башкаруусу. Ар кайсы диярдагы элдин бардык адамдары өздөрү үчүн жалпы каалоону пайда кылуу үчүн өз ортолорунда ортолук келишүү пайда кылууга аракет кылат. ал үчүн ар бир адам өзү жашап жаткан жамааты үчүн бардык укуктарынан баш тартууга өзү менен өзү келишип алат. Бул жамааттык келишүү. Бул келишүүнүн талабына ылайык, ар бир адам бүткүл жамаат үчүн бардык укуктарынан баш тартат жана өз шахсы жана бар мүмкүнчүлүгү менен улуу жалпы каалоону башкарууга үлүш кошот. Бул келишүүдөн белгилүү бир маанидеги жамааттык уюм т.а. саясий уюм – мамлекет түзүлөт жана ал жумурият (республика) жана башка аттар менен аталат. Демократия – бардык адамдардын мамлекет болушу жана ар бир адамдын мамлекетти пайда кылышы, акимдерди белгилөө, мыйзам түзүү жана ушул сыяктуу башкарууга жана мамлекетке тиешелүү иштерде башкалар катары өз укугуна ээ болушу дегени. Ар бир адамдын өзү менен кылган келишими – бул жамаат үчүн өз укук жана эркиндиктеринен баш тартуусу. Бул жамаат же ортолук келишүү жалпы каалоо, ал бийлик. <u>Эл – бардык нерсе</u>.

Демократиялык түзүмдүн негизи – элдин жалпы каалоо жана бийлик деп этибар кылынышы. Мыйзам иштеп чыгуу, акимдерди шайлоо, мамлекет жана мамлекеттеги ар бир иштин ваколаты калк үчүн. Жалпы каалоонун, бийликтин о.э. ар бир нерсенин булагы – эл. Ал өзүнө-өзү кожоюн. Ал өзүн-өзү башкарат. Эл – дини, расасы, агымы жана тилине карабастан, ар кайсы мамлекеттеги бардык адамдар.

Бийлик – жалпы каалоо, мамлекет. Мамлекет – бул эл. Эл өзүнө-өзү кожоюн, эл – бийлик, эл – жалпы каалоо. Бирок, бул жалпы каалоо –

маънавий нерсе, ал өз кызыкчылыктарын башкарышы үчүн аткаруу органын – өкмөттү шайлайт. Ошондуктан, мамлекетке эки уюм: мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу уюм шайланат. Аткаруучу уюм жамаат тарабынан анын каалоосун т.а. мыйзамдарын аткаруу үчүн шайланат.

Бүткүл эл мыйзам чыгаруучу уюм боло албагандыктан, мыйзам чыгаруучу уюмга өзүнөн өкүл шайлайт жана алар депутаттар палатасы болот. Демократиялык түзүмдө депутаттар палатасы жалпы каалоону чагылдырат. Өкмөттү жана мамлекет башчысын алар шайлайт. Алар жалпы каалоону аткаруу укугуна ээ болушат. Демократиялык түзүм –элдин өзүнө-өзү кожоюн болушу дегени. Эл – мыйзам иштеп чыгарат. Эл өкмөттү шайлайт. Ушуга караганда, чечмеленишинен мурун демократияда бийликтин эки бутагы бар эле: жалпы каалоо т.а. эл жана элдин каалоосун аткаруу үчүн эл шайлаган өкмөт. Бирок, чечмеленгенден кийин, анда бийликтин үч бутагы пайда болду: мыйзам чыгаруучу бийлик т.а. депутаттар палатасы, аткаруу бийлиги т.а. өкмөт, сот бийлиги т.а. судьялар же жогорку сот.

Бул үч бийлик мамлекетти көрсөтөт. Мыйзам чыгаруучу бийлик – эл өкүлдөрү. Сот бийлиги – мыйзамдар менен өкүм кылат. Аткаруучу бийлик – соттун өкүмдөрүн жана депутаттар палатасы чыгарган мыйзамдарды аткарат. Бул үч бийлик бири-биринен башка-башка болуп, бири экинчисинин иштерине аралашпайт.

Бул айтылып жаткан демократия өзү жок нерсе жана ал таптакыр болбойт дагы. Бүткүл эл үзгүлтүксүз түрдө жалпы иштерди көзөмөлдөшү, башкаруу иштерине олтурушу жана каалоону башкарышы мүмкүн эмес. Ошондуктан, демократияны түшүндүрүп, чечмелеп, өкмөт, президент жана депутаттар палатасы сыяктуу аттарды ойлоп табышты. Алар «демократия – элдин элге эл аркылуу башчылык кылышы» деп айтышууда. Бул жалган. Себеби, эл эч кандай ишке башчылык кылбайт. Балким, бардык иштерге президент же өкмөт башчылык кылат.

Демократияны алуу үч себептен улам мүмкүн эмес:

1. Демократияга пикир катары батыш чакырат. Бул сакофий жүрүштүн түрлөрүнөн, балким, сакофий жүрүштүн дал өзү. Ошондуктан, аны алган адам сакофий жүрүшкө моюн сунган жана анын өнүгүшүнө салым кошкон болот. Бардык сакофий жүрүшкө, эң биринчиден, демократияга каршы күрөшүү демократияга каршы согушууну жана аны албоону талап кылат. Аны колдонууга үндөөчү да ошол колонизатор Батыш. Батыш колонизаторлуктун өңүн өзгөртмөкчү болуп, бир нече мамлекеттерди түздү жана аларды демократия негизинде курду, ошондуктан, демократияны алган киши колонизаторлукту, колонизаторлордун түзүмүн жана колонизаторлор койгон акимдерди колдоп-кубаттаган болот жана аны өнүктүргөн болот. Колонизаторлукка каршы күрөшүү аны бүтүндөй

тазалоону, анын калышын камсыздай турган түзүмдөргө т.а. демократиялык түзүмгө каршы күрөшүүнү талап кылат.

2. Демократия колдонуп болбой турган кыялый фикрат. Колдонуу үчүн чечмеленгенде жалган түшүндүрмө анын негизи болду. Мыйзамдарды депутаттар палатасы иштеп чыкпайт, балким, алар өкмөт сунуш кылган мыйзамдарды чыгарат. Өкмөттү депутаттар палатасы шайлабайт, балким, аны президент тандайт. Депутаттар палатасы бул шайлоону эл көзүнө эле макулдамыш болот. Анын үстүнө ар кандай демократиялык мамлекетте эл өкүлү болгон депутаттар палатасы аким эмес, балким, президент же өкмөт аким. Мындан тышкары, башкаруу бир гана кишиники болот. Анан кантип эл башкарышы мүмкүн? Ошондуктан, демократиянын маңызы башкаруунун табиятына тескери жана турмушка туура келбейт. Демек, демократия фикрат жактан кыялый жана мүмкүн болбогон иш, ал жалган жана адаштыруучу.

3. Демократияны адам иштеп чыккан жана ал адам тарабынан түзүлгөн. Адам ката кетирет, бир гана Алла Таала гана ката кетирбейт. Ошондуктан, адам түзгөн түзүмдү эмес, балким, Алланын алдынан келген түзүмдү гана алуу керек. Ошондуктан, демократияны алып, Алланын түзүмүн таштоо туура эмес о.э. ал кыйроого алып барат.

Демократиялык түзүм – куфр түзүмү. Себеби, ал шаръий өкүм эмес. Исламдагы башкаруу түзүмү – Алланын алдынан келген шаръий өкүмдөр. Ошондуктан, демократиялык түзүм менен өкүм кылуу куфр менен өкүм жүргүзүү болуп саналат. Демократиялык түзүмгө даъват кылуу куфр түзүмүнө даъват кылуу болот, демократиялык түзүмдү даъват кылуу, аны алуу эч бир жайыз эмес.

О.э. демократиялык түзүм Исламдагы башкаруу түзүмүнө тескери, Ислам демократия сыяктуу ыпластыктан таза. Үммөт акимди өзү шайласа да, бирок, аны өзү бошото албайт. Мыйзам чыгаруучу адам да, эл да, үммөт да эмес, балким, Алланын Өзү гана. Эл жана акимдердин үстүнөн султан – шарият, бийлик шарияттыкы. Демократиялык түзүмдүн бийликти, акимди шайлоо жана мыйзам чыгаруу укугун элге бериши Исламдагы башкаруу түзүмүнө тескери. Себеби, Ислам элге шайлоо укугун берген болсо да, бошотуу укугун бербеген. Мындан тышкары, бийликти элге эмес, шариятка берген жана мыйзам чыгаруучу эл эмес, Алла Таала. Ошондуктан, демократиялык түзүм Исламдагы башкару түзүмүнө тескери, аны алуу жана ага даъват кылуу арам.

## ҮММӨТ ЖАНА ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИН САЯСИЙ МАСЕЛЕСИ

Саясий маселе – бул мамлекет жана үммөттүн алдында турган, алардан зарыл болгон башкарууну талап кылып жаткан иш.

Бул иш кээде жалпы, кээде өзгөчө болушу мүмкүн. Кээде белгилүү бир иштин бир жагы болушу мүмкүн. Ошондо бул иш негизги маселенин белгилүү бир бөлүгү болот. Мисалы, Исламий Үммөттүн алдында турган жана зарыл иш-чараларды талап кылып жаткан иш Халифалыкты тикелөө иши болуп, ал саясий маселе. Палестина маселеси, Кавказ мамлекеттеринин маселеси сыяктуу калган маселелер бул маселенин жүзъий маселелери б.а. бөлүктөрү. Бул проблемалар Исламий үммөттөгү чечимин күтүп жаткан иштерден болсо да, алар болгону Халифалыкты кайра тикелөөнүн бир бөлүгү. Исламий Мамлекет тикеленгенде, анын саясий маселеси ичкериде Исламды толук колдонуу, тышкарыда даъватты алып чыгуу болот. Исламды колдонгон жана эл аралык жактан күчөгөн убакта, Исламий Мамлекет үчүн саясий маселе Исламий даъватты дүйнөгө алып чыгуу болот, анткени, муну менен Алла Ислам динин бардык диндерден үстөм кылсын.

Саясий маселе мамлекет жана үммөттө чечимин күтүп жаткан иш болуп, ал шарият аткарууну парз кылган зор мааниге ээ негизги иштерден. Ошондуктан, мамлекет бул иштерди шарият талабына ылайык аткаруу үчүн аракет кылышы керек. Бул кадимки чындык жана ага далилдин кажети жок. Себеби, бул болуп жаткан иштерге карата шарият өкүмдөрүн колдонуунун ичине кирет. Ошондуктан, саясий маселе болуп жаткан иштерге карай өзгөрүп турат.

Расул ﷺ үчүн Меккедеги кезиндеги, даъват доорундагы саясий маселе – Исламды жүзөгө чыгаруу эле. Ошондуктан, Абу Талиб Расул ﷺга: «Кавмың (элиң) келип, мага андай-мындай деди. Мага да, өзүңө да ырайым кыл, такаатымдан ашыкча иш жүктөбө», - деп айтканда, Расул ﷺ «эми абам мага жардам бербейт, таштап коёт, ал жардам берүүгө алсыз болуп калды» деп ойлоду. Анан айтты: «Эй абаке, Аллага ант болсун, эгер ушул ишти ташта деп, оң колума күндү, сол колума айды коюшса да таштабаймын, же Алла аны жүзөгө чыгарат, же ушул жолдо өлөм». Көрүнүп тургандай, мына ушул убакта Расул ﷺ үчүн саясий маселе – Исламды жүзөгө чыгаруу болгон.

Мединага барган соң, мамлекетти тикелеп, негизги душман – баш куфр Курайш менен бир нече согуштарда кагылышканда да, Расул ﷺ үчүн саясий маселе – Исламды жүзөгө чыгаруу эле. Ошондуктан, ажыга болгон сапарында, Худайбияга жете элегинде кабар келди, Курайш Расул ﷺдын ажыга келе жатканын угуп, согушуу үчүн жолго чыгыптыр. Бану Каъбтан бир киши Расул ﷺга: «Курайш келе жатканыңызды угуп, карданып чыкты жана Зи Тувого (жердин аты) түштү жана сизди киргизбөөгө ахд-ант кылып жатат», - деп айтты. Расул ﷺ айтты: «Ай аттиң, Курайш! Согуш аларды, албетте, өлүмгө учуратат, мени менен бардык арабтардын ортосун ачык койсо эмне болмок эле? Аллага ант болсун, Алланын мени жиберишине себеп болгон рисалат жолунда жихад кылуудан кайтпаймын,

же Алла аны жүзөгө чыгарат, же ушул моюндун өзү калат», - деди. «Ас-солифа» моюндун өйдөңкү бөлүгү болуп, Расул ﷺ мойнунун жалгыз калышы менен өлүмдү айтты т.а. өлгөнгө чейин деди. Эки абалда тең бир кыл иш саясий проблема болуп жатат. Биринчи абалда Алла Исламды жүзөгө чыгарганга чейин аны даъват кылуудагы катъиятын билдирди. Экинчи абалда болсо т.а. Мамлекет бар болгон абалда, Алла Исламды жүзөгө чыгарганга чейин жихадда катъият менен турарын билдирди.

Расул ﷺ келишим түзүүгө жетишти. Бул келишим менен Улуу Фатх ишке ашты, анткени, ал Мекке фатхына шарт жаратты жана арабтардын Расул ﷺдын алдына келип, топ-топ болуп Алланын динине кирүүлөрүнө себепчи болду. Мына ушул убакта, Расул ﷺ үчүн, ар кыл диндеги Перс жана Рум мамлекеттери менен болгон согуштарында, Исламды жүзөгө чыгаруу эле эмес, балким, бардык диндерден үстөм-өйдө кылып жүзөгө чыгаруу саясий маселеге айланды. Ошондуктан, «Фатх» сүрөсүндө ушул аят түшкөн.

هُوَ الَّذِي أَرْسَلَ رَسُولَهُ بِالْهُدَى وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ

*- «Ал (Алла) Өз пайгамбарын Хидаят (Туура Жол) жана Акыйкат дин (Ислам) менен, ал динди бардык диндерден үстөм кылуу үчүн жиберген Зат».* [48:28]

Ошондуктан, Исламий Мамлекет Исламды турмушка жакшы-көркөм колдонуп, эл аралык жактан күчөгөн кезде – Исламды бардык диндерден үстөм кылуу о.э. башка мабдаъ, башка дин ээлерин талкалоого даярдык көрүү – ал үчүн саясий маселеге айланат.

## ТАГДЫРДЫ ЧЕЧҮҮЧҮ МАСЕЛЕ

Мусулмандардын бүгүнкү күндөгү абалы ар бир мусулман кишиге белгилүү, аны түшүндүрүп олтуруунун кажети жок. Алардын диярларында куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүлүп жатат. Алар шексиз дорул-куфр. Исламий Мамлекет кырктан ашык мамлекет, амирлик жана султандыктарга бөлүп жиберилген. Алар капырларга каршы турууга алсыз. Ошондуктан, ар бир диярдагы мусулмандардын проблемасы – диярды Дорул-Исламга айлантуу жана аны башка Ислам өлкөлөрү менен бириктирүү. Бул мусулмандардын тагдырын чечүүчү маселе, балким, тагдыр чечүүчү бардык маселелердин негизи. Ошондуктан, бул маселе өмүр-өлүм маселеси кылып алынышы керек. Тагдыр чечүүчү бул маселе т.а. диярларды Дорул-Исламга айлантып, башка Ислам диярлары менен бириктирүү – бул түпкү максат. Ал эми, аны ишке ашыруу үчүн болгон аракеттин тарыйкаты – башкаруу түзүмү катары Халифалыкты тикелөө.

Бирок, айкын болушу керек болгон нерсе, мусулмандардын бүгүнкү проблемасы – Ибн Умар рыбаят кылган «Кимде-ким үстүндө жамаат имамы болбогон абалда өлсө, анын өлүмү жахилият өлүмү» хадисинде келгендей – мусулмандарга фарзи кифая болгон халифа тикелөө эмес, ал

тагдырды чечүүчү маселе боло албайт. Балким, мусулмандардын бүгүнкү күндөгү проблемасы – Халифалыкты куруу т.а. башкаруу түзүмү катары халифалык түзүмүн куруу. Халифалыкты куруу халифа тикелөөнү талап кылса да, анын вокыйсы халифа тикелөөнүн вокыйсынан башкача. Халифалыкты куруу – катъан тагдыр чечүүчү маселе. Себеби, ал диярларды дорул-куфрдан Дорул-Исламга айлантуучу тарыйкат, ошол эле учурда, куфр мыйзамдарын талкалоо үчүн т.а. ачык куфрду жоготуу үчүн да тарыйкат. Расул ﷺдын «ачык куфрду гана көрсөңөр» хадиси о.э. «Суроо берилди: «Я Расулулла, аларга кылыч көтөрүп согуш кылбайбызбы?» «Жок, эгер араңарда намазды өтөп жатышса», - деп жооп берди Расулулла» хадисине карай, ал – тагдырды чечүүчү проблема. Ушундан маалым болгондой, мусулмандар маселесин жүзөгө чыгаруунун тарыйкаты да тагдыр чечүүчү маселе болот. Себеби, ал тагдыр чечүүчү маселенин тарыйкаты. Ошондуктан, бул өмүр-өлүм маселеси кылып алынышы зарыл. Бирок, куфр өкүмдарлыгы мусулмандарды бүткүл оордугу менен эзип, мусулмандардын иштери капыр, мунафык жана муртаддардын колуна өткөндөн бери, мусулмандар куфр бийлигинин чеңгелинен жана куфр жетекчилери менен жардамчыларынан кутулууга аракет кылышууда. Бирок, алар көрүп турган бул проблеманын өмүр-өлүм маселеси кылып алына турган тагдыр чечүүчү маселе экендиги мусулмандарга күңүрт эле. Дал ушул нерсе т.а. мусулмандардын проблеманы жетиштүү деңгээлде түшүнбөгөндүктөрүнүн натыйжасында, алар тагдыр чечүүчү ар кандай маселе үчүн күрөш жолунда учурай турган кембагалдыкка, өлүмгө, айрыкча, азап, камак жана кыйноолорго үммөт жана жамаат катары туруштук бере алышпады. Ошондуктан, бул аракеттер анык ийгиликсиздикке учурады жана максатка карай бир да кадам алдыга жыла албады.

Маселенин тагдырды чечүүчү маселе экени өтө терең пикирлөөнү талап кыла турган даражадагы караңгы маселе эмес эле. Баарына белгилүү болгондой, каршылык кылуу үчүн мүмкүнчүлүккө ээ капырлардын Исламдын саясий турмушка кайтышына мүмкүндүк бербеши адаттагы абал. Мунафык жана муртаддардын бул проблемадагы зордук жана кылмыштары алардыкынан кем эмес. Мунафык жана муртаддар акимиятты тартып алып, Алланын мыйзамдарын колдонмокчу болуп жаткан, Алланын урматтарын сактамакчы болуп жаткан момундарга каршы күрөшүү үчүн мүмкүнчүлүгүндөгү бардык күчтөрүн ишке салышууда. Ушуга караганда, мусулмандар маселени тагдырды чечүүчү маселе деп этибар кылышпаса, алып барып жаткан ар кандай аракеттери натыйжа бербейт. Мусулмандар күрөштүн маани-маңызын түшүнбөгөндүктөн жана Алланын бул проблемадагы өкүмүн билбегендиктен, тагдыр чечүүчү маселе даражасында болбогон, балким, жөнөкөй бир маселелер даражасындагы тарыйкат аркылуу мындай кырдаалдан кутулууга урунуп келүүдө. Алар

маселеге өмүр-өлүм маселеси катары жандашышпады. Куфр түзүмүн жоготуу, Ислам түзүмүн тикелөө сыяктуу тагдырды чечүүчү маселелерди жүзөгө чыгарууда киши канчалык аракет кылбасын, канчалык мүмкүнчүлүккө ээ болбосун, маселени ар бир аракет жана элестетүүсүндө назарда тутпаса, ага өмүр-өлүм маселеси катары аракет кылбаса, маселени жүзөгө чыгарууга жетишпейт. Ошондуктан, мусулмандар жеке адам жана жамаат абалында күрөшүүлөрү керек жана куфр менен күрөштөгү иштерин өмүр-өлүм маселесин чечүү негизинде алып баруулары зарыл. Себеби, маселенин табияты о.э. Китеп менен Сүннөт ушундай аракет кылууну талап кылып жатат.

Маселелерибизди аныктап алууну жана тагдыр чечүүчү ар бир маселеге өмүр-өлүм маселеси катары жандашууну бизге Расул ﷺ үйрөткөн. Расул ﷺ Ислам рисалаты менен пайгамбар болуп жиберилип, пикирий күрөш аркылуу Даъватты жеткире баштаганда, өз маселесин Исламды жүзөгө чыгаруу деп белгиледи жана ага өмүр-өлүм маселеси катары жандашты. Расул ﷺ абасы Абу Талиб «Мени да, өзүңдү да кыйнаба, мага такаатымдан ашыкча иш жүктөбө» - деп айтканда, «Эй абаке, ушул ишти ташта деп оң колума күндү, сол колума айды койушса да таштабаймын, же Алла аны жүзөгө чыгарат, же анын жолунда өлөмүн» - деп жооп берди. Мамлекет куруп, кылыч менен жихад кыла баштаганда, Исламды жүзөгө чыгарууну дагы өз маселеси кылып белгиледи жана ага өмүр-өмүр маселеси катары жандашты. Расул ﷺ умрага болгон сапарында, Меккеден анча алыс болбогон Асфонго келгенде, Бану Каъб уруусунан болгон бир кишиге жолукту жана андан Курайш жөнүндө сурады. Ал мындай жооп берди: «Курайш сиздин келе жатканыңызды угуп каарданган абалда жолго чыкты жана Зи Тувога түштү. Сизди киргизбөөгө ахд кылып жатышат. Холид ибн ал-Валид атчандары менен Кироул Ганамга келип турат». Расул ﷺ деди: «Ай аттиң, Курайш! Согуш аларды, албетте, өлүмгө учуратат. Мени арабтардан тоспосо эмне болот эле? Эгер алар мага азар жеткизе алышса, алар ойлогон иш болот. Эгер Алла мени алардын үстүнөн жеңишке жеткирсе, топ-топ болгон абалда Исламга киришет. Эгер эч нерсе кылышпаса, күч алар тарапта болгон абалда согушушат. Курайш эмне деп ойлоп жатат? Алла мени пайгамбар кылып жиберишине себеп болгон рисалат жолунда жихад кылуудан кайтпаймын, же Алла аны жүзөгө чыгарат, же бул моюн жалгыз калат». «Ас-солифа» моюндун үстүңкү бөлүгү болуп, Расулулла анын жалгыз калышы менен өлүмдү түшүндүрүп жатат. Кийин жүрүшүн улантып Худайбияга түштү.

Бул эки абалда: даъватты пикирий күрөш менен алып чыгуу абалында жана жихадда кылыч менен алып чыгуу абалында Расул ﷺ Исламды жүзөгө чыгарууну өз маселеси кылып белгилеп, аны тагдыр чечүүчү маселе деп билдирди жана ага өмүр-өлүм маселеси катары жандашты. Ошондуктан, биринчи абалда «рисалатты таштабаймын, же Алла аны

жүзөгө чыгарат, же ушул жолдо өлөмүн» - деп айткан. Эгер Расул ﷺ бул маселени тагдырды чечүүчү маселе кылып, ага өмүр-өлүм маселеси катары жандашпаганда, анда даъватты пикирий күрөш аркылуу жеткизүү менен да, же кылычтын жардамында жихад кылуу аркылуу жеткизүү менен да Ислам эч качан жүзөгө чыкпас эле. О.э. мусулмандар бүгүнкү күндө – куфр мыйзамдары өкүм сүрүп жаткан, капыр жана мунафыктар өкүмдарлык кылып жаткан убакта – өз маселелерин тагдырды чечүүчү маселе деп этибар кылып, өмүр-өлүм маселеси катары жандашпаса, аракеттери эч кандай натыйжа бербейт жана бир кадам да алдыга жыла алышпайт.

Ошондуктан, биз Ислам мамлекеттеринде өкүмдар болуп турган бул куфр чөйрөсүндө ар бир мусулманды Ислам мамлекеттерин Дорул-Исламга айлантып, аны башка мусулмандар мамлекеттери менен бириктирүү үчүн тарыйкат катары Халифалыкты куруугa аракет кылууга, Исламды жүзөгө чыгаруу максатында даъватты дүйнөгө көтөрүп чыгууга жана Расул ﷺдын куттуу сөздөрүн толук ыйман менен, жаркын пикирлеп, аң-сезимдүү түрдө кайта-кайта кайталоого даъват кылабыз. «Аллага ант болсун, бул ишти ташта деп оң колума күндү, сол колума айды коюшса да таштабаймын, же Алла аны жүзөгө чыгарат же ушул жолдо өлөмүн». «Аллага касам-ки, Алла мени Пайгамбар кылып жиберишине себеп болгон рисалат жолунда жихад кыламын, же Алла аны жүзөгө чыгарат, же ушул моюн жалгыз калат».

# МАЗМУНУ

Кириш сөз ........ 2
Саясий пикир ........ 3
Саясат ........ 6
Саясий түшүнүктөр ........ 14
Саясат – мүмкүнаттар илими ........ 15
Саясат жана эл аралык саясат ........ 17
Эл аралык абалды түшүнүү ........ 19
Эл аралык үй-бүлө. Эл аралык укук нормалары жана эл аралык мыйзамдар ........ 22
Саясий тафаккур ........ 29
Саясий аң-сезим ........ 37
Саясий күрөш ........ 43
Саясий иштер ........ 44
Саясий тажрыйба ........ 46
Саясат менен алектенүү парзы кифая ........ 47
Мамлекет жетекчиси ........ 50
Саясий чөйрө ........ 54
Боштук ........ 60
Исламдагы «Өкүм» т.а. «Башкаруу» ........ 62
Исламдагы башкаруу түзүмү союз түзүмү эмес, бир бүтүндүк түзүмү ........ 65
Жалпы жоопкерчиликтер ........ 67
Үммөт менен мамлекеттин ортосундагы ажырым жана тергөөнүн важыптыгы ........ 73
Саясий хизбтерди түзүү парзы кифая ........ 75
Адамдардын эл аралык саясатка таасир өткөрүүлөрү жана хизбтердин мамлекеттердин агытын өзгөртүүлөрү ........ 77
Демократиялык түзүм – адам түзгөн куфр түзүмү ........ 78
Үммөт жана Исламий Мамлекеттин саясий маселеси ........ 81
Тагдырды чечүүчү маселе ........ 83